**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТ**

**Кол жазма укугунда**

***УДК: 343:911 (575.2) (043.3)***

**ОРОЗБАЕВА ЖАЗГҮЛ МАМАТОМОРОВНА**

# Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги (КМШ) өлкөлөрүндөгү жазаларды аткаруу мекемелериндеги кылмыштар: криминалистикалык аспектилер

12.00.09 – кылмыш-жаза процесси, криминалистика; ыкчам-иликтөө ишмердүүлүгү

Юридика илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн диссертация

Илимий жетекчи:
юридика илимдеринин доктору, доцент
Токторов Э. С.

**Ош – 2024**

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ........................................................................................................3**

**1 Бап. ЭРКИНДИГИНЕН АЖЫРАТЫЛГАН МЕКЕМЕЛЕРДЕ ЖАЗАСЫН ӨТӨП ЖАТКАН СОТТОЛГОНДОРДУН ИНСАНДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА КЫЛМЫШТУУЛУКТУН КРИМИНАЛИСТИКАЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ**

1.1. Жаза-аткаруу тутумунун мекемелериндеги пенитенциардык кылмыштуулуктун негизги криминалисттик мүнөздөмөсүнүн өзгөчөлүктөрү........................................................................................26

1.2. Эркиндигинен ажыратуу жайларында жазасын өтөп жаткан соттолгондун инсандыгынын криминалисттик мүнөздөмөсү..................................................57

**2 Бап. ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Изилдөөнүн объектисин жана предметин аныктоо. Изилдөө методологиясы........................................................................................88

**3 Бап. ЖАЗАНЫ АТКАРУУ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ ЖАСАЛГАН АЙРЫМ КЫЛМЫШТАРДЫ ТЕРГӨӨДӨ КРИМИНАЛИСТИКАЛЫК КАМСЫЗДООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

3.1. Жазаны аткаруу мекемелеринде жасалган кылмыштарды тергөөдө криминалистикалык камсыздоонун жалпы ыкмалары........................................95

3.2. Жазаны аткаруу мекемелеринде соттолгондор тарабынан жасалган кылмыштарды сотко чейинки өндүрүш органдары тарабынан тергөөнү уюштуруунун өзгөчөлүктөрү.........................................................................106

3.3. Жазаны аткаруу мекемелеринде соттолгондор тарабынан жасалган кылмыштар боюнча сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүүгө таасир этүүчү тактикалык-психологиялык факторлор..............................................................116

3.4. Жазаны аткаруу мекемелеринде жасалган кылмыштарды тергөөдө тергөө иш-аракеттерин жүргүзүүнү тактикалык-криминалистикалык камсыздоо......131

**КОРУТУНДУ.....................................................................................................147**

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР.........................................................150**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТЫН ТИЗМЕСИ...........................................151**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Пенитенциардык кылмыштуулуктун коомдук кооптуулугу анын кылмыш-жаза мыйзамдарын гана бузбастан, коомдун коопсуздугуна коркунуч туудурган деструктивдүү социалдык процесстерди да пайда кылуу жөндөмдүүлүгүндө жатат. Ошондуктан бул маселе Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын жана кылмыш-аткаруу системасынын адистеринин өзгөчө көңүл буруусун талап кылат.

Төмөнкү нерсени да белгилей кетүү керек: жазаларды аткаруу мекемелеринде жазасын өтөп жаткандардын эң көп жасаган кылмыштарынын катарына ар кандай оордуктагы ден соолукка зыян келтирүү, адам өлтүрүү, телефон аркылуу жасалган алдамчылык, баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүү, жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар жана башка жоруктар кирет. Бул кылмыштар коомдук кооптуулукка гана ээ болбостон, ошондой эле жашыруун кылмыштын жана жашыруундуктун деңгээлинин жогору болушу жана сотко чейинки өндүрүштүн өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт.

Учурда жазаларды аткаруу мекемелериндеги (мындан ары — ЖАМ) кылмыштуулуктун мүнөзү өзгөрүп жатканын эске алуу керек. Азыркы пенитенциардык кылмыштуулуктун мүнөздүү белгилери — бул кесипкөйлүктүн жана криминологиялык потенциалдын өсүшү, ал түзөтүү мекемелериндеги калктын бардык катмарларына таасир этет, жана кызмат адамдарынын иш-аракеттеринин айрым баскычтарында коррупциянын пайда болушу менен коштолот. Бул ошондой эле түзөтүү мекемелериндеги кылмыш иштери учурдагы өзгөрүп жаткан шарттарга жана жаңы социалдык-экономикалык реалдуулуктарга ыңгайлашып жаткандыгы менен түшүндүрүлөт, жана акыркы 15-20 жыл ичиндеги жалпы тенденцияларды чагылдырат. Ошол эле учурда белгилүү бир кылмыштык багытка адистешкен уюшкан кылмыштуу топтордун сапаттык курамы да олуттуу түрдө өзгөрүүдө [1, 546-548 б.].

Кылмыштуу топтордун саны көбөйүүдө, алардын айрымдарынын ишмердүүлүгү бир эле аймак менен чектелбестен, трансчек аралык байланыштарды да камтыйт. Бул аларга өзүнүн кылмыш ишмердүүлүгүн коомдук жана экономикалык чөйрөлөрдү камтыган ар түрдүү кылмыштарга жайылтууга мүмкүнчүлүк берет. Мунун натыйжасында кылмыштуулуктун түзүлүшү татаалдашып, анын уюшкандык деңгээли жогорулап бара жатат: кылмыштардын басымдуу бөлүгү салттуу каражаттарды жана ок атуучу куралдарды колдонуу менен катар, санариптик технологияларды колдонуу аркылуу да ишке ашырылууда. Пенитенциардык чөйрөдө санариптик технологияларды колдонуу менен уюшкан алдамчылык, экстремизм, барымтага алуу, сексуалдык зомбулук жана атайын уюшулган адам өлтүрүү сыяктуу кылмыштар көнүмүшкө айланууда [2, 204-206 б.]. Бул кылмыштар пенитенциардык мекемелердеги кылмыштуу топтордун тайманбастыгынын жана уюшкандык деңгээлинин жогорулагандыгын көрсөтүп турат, жана алардын алдын алуу боюнча иш-чараларга укук коргоо органдары жана кылмыштарды иликтөө методикасын иштеп чыгуучулар тарабынан өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

Ошондой эле, заманбап жазасын өтөөчүлөр контингентин көзөмөлдөө жана алардын аракети менен иш алып баруу түзөтүү мекемелеринин кызматкерлери үчүн жогорку кооптуулукту жараткандыгын да моюнга алуу керек. Соттолгондор арасында криминогендик деңгээл кыйла жогорулап, администрациянын аракетине каршы туруууда колдонулган каражаттардын арсеналы кеңейүүдө. Бул өз кезегинде, айрыкча криминалдык лидерлердин жана алардын жакын чөйрөсүнүн активдүүлүгүн нейтрализациялоого багытталган иш-аракеттер жүргүзүлгөндө, жарылуу кооптуулугун жараткан кырдаалдардын пайда болушуна алып келүүдө.

Жазаларды өтөө мекемелериндеги кылмыштуулукту, пенитенциардык девианттуулуктун эң коркунучтуу формасы катары изилдөө, соттолгондордун инсандык өзгөчөлүктөрүнүн теориялык аспектилерин анализдебей туруп мүмкүн эмес. Бул жагдай соттолгондордун жеке өзгөчөлүктөрү, алардын

көндүмдөрү, түрткүлөрү жана башка мүнөздөмөлөрү тууралуу маалымат укук коргоо органдарынын кызматкерлерине жазаларды өтөөчү мекемелерде жасалган кылмыштарды натыйжалуу ачуу жана иликтөө үчүн зарыл болгон каражаттар менен ыкмаларды туура тандоого мүмкүнчүлүк бергендиги менен шартталат.

Мындай шарттарда конкреттүү кылмыш жасаган соттолгондордун инсанын ар кандай кылмыш түрлөрү менен өз ара байланышта комплекстүү кароо негиздүү деп саналат. Бул ыкма кылмышкерлердин түрткүлөрүн жана жүрүм-турумун толук мүнөздөөгө шарт түзөт, бул болсо жазаларды өтөө мекемелериндеги кылмыштарга каршы чараларды иштеп чыгууда маанилүү болуп саналат.

Ошондой эле, жазаларды өтөө мекемелеринде кылмыш издерин табуу өтө татаал маселе экенин эске алуу зарыл, бул тергөөчүнүн жогорку деңгээлдеги кесиптик байкоочулугун талап кылат. Себеби, кылмыш жасаган соттолгондор көп учурда көп жылдык тажрыйбага ээ болуп, кылмыш издерин жашыруу же өзгөртүү аракетин кылышат жана өз иш-аракеттерин кылдат пландаштырышат. Ошондуктан, жазаларды өтөө мекемелериндеги соттолгондор тарабынан жасалган кылмыштарды иликтөө процесси комплексүү жана көп аспектилүү болуп саналат, анткени ал кылмыш иши жасалган конкреттүү шарттарды эске алууну талап кылат. Бул өзгөчөлүктөр салттуу жана атайын тергөө аракеттерин жүргүзүүгө жогорку талаптарды коёт жана жабык мекемелерде жасалган кылмыштарды ачууга зарыл болгон маалыматты табууда өзгөчө жана уникалдуу ыкмаларды колдонуу зарылдыгын шарттайт.

Ошентип, тергөөчү ар кандай өзгөчө тоскоолдуктарга туш болот, бул андан кесиптик билимди гана талап кылбастан, эркинен ажыратылган мекемелердеги соттолгондорго психологиялык таасир этүү ыкмаларын жана тактикалык ыкмаларды колдоно билүү көндүмдөрүн да талап кылат. Мындай шарттарда сотко чейинки өндүрүш боюнча максатка жетүү үчүн ишенимдүү сунуштарды иштеп чыгуу же колдонулуп жаткан ыкмаларды өркүндөтүү боюнча дыкат анализ жүргүзүүнүн зарылдыгы келип чыгат.

Шексиз, пенитенциардык кылмыштуулук жалпы кылмыштуулуктун ажырагыс бир бөлүгү болуп, аны менен тыгыз байланышта каралышы керек. Жазаларды аткаруу мекемелериндеги пенитенциардык кылмыштуулуктун көп кырдуу табиятын изилдөө боюнча бирдиктүү жана көп багыттуу ыкма бул социалдык көрүнүшкө каршы эң натыйжалуу процессуалдык, методологиялык жана тактикалык чараларды аныктоого жөндөмдүү жана аны алдын алуу, ачуу үчүн инновациялык жолдорду издөө зарылчылыгын шарттайт.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы ушул диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун шарттайт

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Сунушталган диссертациялык изилдөө автордун демилгелүү иши болуп саналат, ал башка илимий изилдөөлөр, мамлекеттик программалар жана кылмыштуулукка каршы концепциялар менен тыгыз байланышта.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** *Изилдөөнүн максаты* — жазаларды аткаруу мекемелеринде жасалган кылмыштарды иликтөөдө кылмыш-процессуалдык жана криминалистикалык иш-аракеттерди өркүндөтүүгө багытталган, теориялык жоболорду жана укук колдонуу практикасындагы тажрыйбаны анализдөөнүн негизинде илимий жактан негизделген сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат. Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй *милдеттер* коюлган:

1) Жазаларды аткаруу мекемелериндеги пенитенциардык кылмыштуулуктун негизги элементтеринин криминалистикалык өзгөчөлүктөрүн изилдеп, талдоо;

2) Соттолгондордун, анын ичинде кылмыштуу топтун курамында кылмыш жасаган адамдардын криминалистикалык портретин изилдеп, баяндоо;

3) Жазаларды аткаруу мекемелеринде жасалган кылмыштарды иликтөөдө криминалдык камсыздоого жалпы мамилелерди анализдеп, аныктоо;

4) Жазаларды аткаруу мекемелеринде соттолгондор тарабынан жасалган кылмыштарды сотко чейинки өндүрүш органдары тарабынан иликтөөнү уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн кароо;

5) Жазаларды аткаруу мекемелеринде соттолгондор тарабынан жасалган кылмыштар боюнча сотко чейинки өндүрүш жүргүзүүгө таасир этүүчү тактикалык-психологиялык факторлорду изилдеп, баяндоо;

6) Жазаларды аткаруу мекемелеринде жасалган кылмыштарды иликтөөдө тергөө аракеттерин тактикалык-криминалистикалык камсыздоонун өзгөчөлүктөрүн изилдеп, бөлүп көрсөтүү.

**Иштин илимий жаңылыгынын** өзгөчөлүгү автор тарабынан алынган изилдөө жыйынтыктарынын пенитенциардык кылмыштуулукту иликтөөнүн криминалистикалык методикасын толуктап жана аны мындан ары өркүндөтүүгө кошкон салымында жатат. Бул методикалык ыкмалар Кыргыз Республикасындагы коомдук коопсуздукту камсыздоонун артыкчылыктуу жана маанилүү багыттарынын бири катары каралууда. Диссертациялык изилдөөдө пенитенциардык кылмыштуулук өзгөчө чөйрөдө, изоляция жана катуу көзөмөл шарттарында калыптанып, өнүгүүчү процесс экендиги далилденген; бул көрүнүш динамикалык мүнөзгө ээ жана ал коомдук, социалдык жана экономикалык механизмдер менен тыгыз байланышта. Мындай шарттар анын өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этет жана аны коомдук коопсуздукка коркунуч жараткан маанилүү социалдык көйгөй катары кароону шарттайт. Ошондуктан пенитенциардык кылмыштуулукка каршы күрөшүү комплекстүү жана көп деңгээлдүү ыкмаларды талап кылат, анын ар бир аспектисин камтыган, анын ичинде социалдык-экономикалык, психологиялык жана укуктук факторлорго негизделген ыкма зарыл. Ушул негизде пенитенциардык кылмыштуулукту көп факторлуу жана татаал социалдык феномен катары карасак болот, ал өзүнүн ички мыйзам ченемдерине ылайык өнүгөт жана ага каршы натыйжалуу чараларды иштеп чыгуу үчүн кылдат изилдөө жана терең талдоо жүргүзүү зарыл. Мындан сырткары, илимий жаңылыктын критерийлери катары төмөнкүдөй автор тарабынан алынган илимий жыйынтыктар саналат:

1) Пенитенциардык кылмыштуулуктун сапаттык өзгөрүүлөрүнө таасир эткен факторлордун комплексине карата автордун өзгөчө көз карашы сунушталган;

2) Автор тарабынан классификациянын кеңири спектрин камтуунун зарылдыгы негизделген, анткени бул пенитенциардык кылмыштуулук феноменин ар тараптуу комплекстүү позициядан изилдөөгө мүмкүндүк берет. Бул өз кезегинде жазаларды аткаруу мекемелериндеги кылмыштарга каршы күрөштүн эң натыйжалуу тактикасын иштеп чыгуу үчүн зарыл негизди түзөт. Автор тарабынан тандалган мындай ыкма пенитенциардык кылмыштуулуктун өзгөчөлүктөрүн терең түшүнүүгө шарт түзүп, изилденүүчү маселелердин илимий жана практикалык маанисин жогорулатууга өбөлгө түзөт;

3) Пенитенциардык кылмыштуулуктун өзгөчөлүктөрүн мүнөздөгөн негизги криминалистикалык элементтер баяндалып, бул элементтер кылмыштарды иликтөөнүн атайын методикасын иштеп чыгууга таасир этүүчү фактор катары көрсөтүлгөн

4) Автор сунуштаган уюшкан кылмыштуу топторду классификациялоо бул категориядагы кылмыштарды иликтөө методикасын мындан ары байытуу үчүн негиз болуп бере алат. Мында кылмыш-жаза мыйзамдарынын жоболору эске алынууга тийиш, бул изилдөөгө практикалык баалуулукту кошуп, анын натыйжалуулугун жогорулатат

5) Эркинен ажыратылган мекемелерде иш алып барган кылмыштуу топтордун мүчөлөрүнүн жүрүм-турум мүнөздөмөлөрүнүн өзгөчөлүктөрү жана алардын криминалистикалык өзгөчөлүктөрү берилген. Бул өзгөчөлүктөр кылмыштуу иерархиядагы стратификацияга жараша, анын ичинде кылмыштарды жасоо механизмдерине негизделген шарттарда ачып көрсөтүлгөн;

6) Жазаларды аткаруу мекемелериндеги кылмыштарды иликтөөнү криминалистикалык камсыздоонун заманбап ыкмалары жана негизги тактикалык ыкмалар боюнча автордук көз караш баяндалган. Бул тактикалык ыкмалар жана сунуштар сотко чейинки өндүрүш органдары тарабынан жазаларды аткаруу мекемелеринде иликтөө аракеттерин тандоодо колдонулуусу зарыл;

7) Пенитенциардык кылмыштуулуктун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, тергөө аракеттерин этап-этабы менен уюштуруу жана алардын мазмундук түзүлүшү боюнча автордук ыкма сунушталган

8) сотко чейинки өндүрүштү өркүндөтүүгө багытталган зарыл иш-чараларды жүргүзүү боюнча автордук ыкма баяндалган, ошонону менен бирге жазаларды аткаруу мекемелердин шартында жасалган кылмыштарды иликтөөдө тергөө аракеттерин жүргүзүүнүн типтүү түзүмү негизделип көрсөтүлгөн;

9) Жазаларды аткаруу мекемелеринде кылмыш жасаган соттолгондорго карата тергөө иштерин жүргүзүүнү татаалдаштырган негизги факторлор жана тергөө аракеттеринин тактикалык-криминалистикалык камсыздалышына таасир этүүчү өзгөчө жагдайлар берилген;

10) Кылмыш жасаган адамдын инсанын аныктоо боюнча, анын ичинде психологдун катышуусунда, маалымат алуу боюнча практикалык сунуштар берилген;

11) Сотко чейинки өндүрүш органдарынын бул категориядагы иштерди тергөөдө коюлган максатка жетүү үчүн эске алуусу зарыл болгон шарттар жана факторлор боюнча автордук көз караш баяндалган;

12) Жазаларды аткаруу мекемелеринде ыкчам-иликтөө ишмердүүлүк жүргүзүүдө пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берүүчү чаралар ошондой эле факторлор негизделинген;

13) Соттолгондордун көрсөтмө берүүдөн баш тарткан типтүү учурлары жана бул чечимге өбөлгө түзгөн факторлор баяндалган, ошондой эле жазаларды аткаруу мекемелеринде кылмыш жасаган соттолгондорду сурак учурундагы конфликттик кырдаалдарда тактикалык ыкмаларды эң натыйжалуу пайдалануу боюнча практикалык сунуштар иштелип чыгып берилген;

14) Соттолгондордун жазасын өтөп жаткан шарттарда сурак учурундагы конфликттик кырдаалдарда колдонулуучу эң натыйжалуу тактикалык ыкмалардын түрлөрү, мазмуну жана колдонуу боюнча сунуштар боюнча автордук көз караш берилген (жумушта 14 ыкма сунушталган);

15) Жазаларды аткаруу мекемелеринде идентификациялоо үчүн бетме-бет көрсөтүүнүн негизги өзгөчөлүктөрү жана тергөө аракеттеринин натыйжалуулугуна таасир этүүчү, анын ичинде тергөөнү үзгүлтүккө учуратууга аракет кылган катышуучулардын каршы аракеттери сыяктуу жагымсыз жагдайлар чагылдырылган.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси -** бул иште түзүлгөн жоболор жана жыйынтыктар комплексдүү кылмыш-процессуалдык изилдөөнү түзүп, ал практикада колдонууга багытталган жана сотко чейинки өндүрүш органдарынын пенитенциардык кылмыштуулукту, анын ичинде топтук мүнөздөгү кылмыштарды иликтөөдө ишмердүүлүгүндө колдонулушу мүмкүн. Мындан тышкары, алынган жыйынтыктар пенитенциардык кылмыштуулукту иликтөө боюнча негизги методиканы гана эмес, уюшкан кылмыштуу топтордун катышуусунда жасалган белгилүү бир категориядагы кылмыштарды иликтөөдө колдонулуучу атайын методиканы дагы өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт.

Иште баяндалган жыйынтыктар жана сунуштар укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу курстары үчүн методикалык сунуштарды, окуу куралдарын түзүүдө, ошондой эле «Кылмыш-жана процессуалдык укук», «Криминалистика», «Ыкчам-иликтөө ишмердүүлүгү» жана «Криминология» сыяктуу окуу дисциплиналарын окутууда колдонулушу мүмкүн. Мындай пайдалануу укук коргоо органдарынын кызматкерлерине пенитенциардык кылмыштуулуктун спецификасын тереңирээк түшүнүүгө жана кылмыштарды иликтөөдө натыйжалуу ыкмаларды колдоно билүүгө шарт түзөт.

**Диссертациянын коргоого коюлучуу негизги жоболору:**

**1.** Бир катар факторлордун таасири менен пенитенциардык кылмыштуулук сапаттык өзгөрүүлөргө дуушар болуп жаткандыгы негизделген. Бул өзгөрүүлөр төмөнкү аспекттерди камтыйт: *1)* ЖАМдагы криминалдык активдүүлүк**:** акыркы 10-15 жыл ичиндеги заманбап тенденциялар ЖАМдагы кылмыштуу аракеттерге олуттуу таасирин тийгизди. Бул өз кезегинде кылмыштуу топтордун курамына жана алардын колдонгон ыкмаларына, кылмыш жасоонун жаңы формаларына таасир берип, алардын таасири ЖАМдын чегинен чыгып

кетет; *2)* криминалдык иерархиянын өзгөрүүсү**:** акыркы 15-20 жылда кылмыш дүйнөсүндө жаңы муундагы криминалдык авторитеттер жетекчилик ролду ээлей баштады. Мурдагы лидерлерге караганда, бул авторитеттер мамлекеттик бийлик органдарына жигердүү таасир көрсөтүүгө умтулуп, бул үчүн төмөнкү ыкмаларды колдонушат: а) өздөрүнүн тарапташтарын мамлекеттик түзүмдөргө жайгаштыруу же алар менен кызматташуу аркылуу буюртма өлтүрүүлөр сыяктуу ар кандай кызматтарды көрсөтүүгө келишимдер түзүү; б) укук коргоо жана жаза аткаруу органдарынын кызматкерлерин пара берүү же буйрутма тапшырмаларды аткартуу жолу менен өздөрүнө тартуу; в) коррупциялашкан бийлик органдарына таасир көрсөтүп, өздөрүнө пайдалуу чечимдерди, анын ичинде айрым соттолгон топторго амнистия жарыялоо чечимдерин кабыл алдырууга умтулуу; г) ири өнөр жай жана коммерциялык корпорациялардын «бейрасмий» негиздөөчүлөрү же жадагалса ээлери катары чыгып, өз кызыкчылыктарын коргоо; *3)* түзөтүү мекемелеринин администрациясына каршы уюштурулган кылмыштар**:** мындай кылмыштарды уюштурган топтордун башчыларынын күнөөсүн далилдөө абдан кыйын, анткени бул аракеттерди көбүнчө «бригадирлер» же «жолдоштор» аткарышат, алар уюшкан топтун мүчөлөрү болгондуктан, көрсөтмө берүүдөн баш тартышат. Ушундай эле кырдаал башка соттолгон топтордо да байкалат; *4)* түзөтүү мекемелериндеги уюшкан топтордун мүнөздөмөлөрү**:** Бул топтордун мүчөлөрү, адатта, кесипкөй кылмышкерлердин сапаттарына ээ. Мындай кылмыштуу түзүмдөрдүн деңгээлин жана мүнөзүн соттолгондордо болгон материалдык баалуулуктар, баңги заттары, курал-жарактар жана байланыш каражаттары сыяктуу тыюу салынган буюмдардын болушу менен баалоого болот; *5)* материалдык ресурстар менен камсыздоо: бул уюшкан топтор чоң көлөмдөгү материалдык ресурстарга ээ болушат, анын ичинде башка соттолгондордон тартып алынган каражаттар да бар. Бул ресурстарды колдонуп, алар түзөтүү мекемелеринин кызматкерлерин жана укук коргоо органдарынын оперативдүү персоналын өздөрүнүн кылмыштуу иштерине тартууга жетишишет, бул болсо аларга өз позицияларын күчөтүүгө шарт түзөт; *6)* транснационалдык

байланыштардын күчөшү: кылмыштуу топтордун ар түрдүү деңгээлдерде башка өлкөлөр менен байланышы күчөп бара жатат. Бул тенденция уюшкан кылмыштуулук өзүнүн позицияларын эл аралык деңгээлде чыңдап жатканын көрсөтөт; *7)* рецидивисттердин көп саны: эркинен ажыратуу жайларында кылмыш жасоого ыктаган рецидивисттер барган сайын өздөрүн коопсуз сезишет. Бул ишеним тюрмө чөйрөсүндөгү "жазылбаган эрежелерге" жана лидерлердин коргоо мүмкүнчүлүктөрүнө негизделген. Жыйынтыгында, барымтага алуу, буйрутма өлтүрүү, уюшкан алдамчылык сыяктуу кылмыштар традицияга айланып калды; *8)* криминалдык активдүүлүктүн жогорулашы: барган сайын кылмыштуулукка жигердүү тартылган адамдар көбөйүүдө. Алар кылмыштуу пландарын ишке ашыруу үчүн кылдат даярдыктарды көрүшөт жана кылмыш жасоого ыңгайлуу шарттарды түзүүгө умтулушат. Бул адамдар кылмыштуу аракеттерин жашыруун жана пландуу түрдө аткарышат, ошондой эле кылмыш жасоонун ыкмаларын кырдаалга жараша тандап алышат. Жазасын өтөп жаткан адамдардын жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша кылмыштуу топко мүчөлөрдү тандоо, керектүү учурда башка топтордун мүчөлөрүнүн жардамын колдонуу менен кылмыштарды ишке ашыруунун татаал механизмдери иштелип чыгат. Бул факторлор пенитенциардык кылмыштуулукка каршы күрөштү кыйындатат жана комплекстүү ыкмаларды талап кылат.

**2.** Эркинен ажыратуу жайларында иш алып барган кылмыштуу топтордун мүчөлөрүнүн жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрү: 1) соттолгон адамдын коомдук кооптуулук деңгээли анын канча жолу соттолгону жана жасаган кылмыштарынын оордугу менен гана аныкталбастан, ошондой эле кылмыштуу түзүмдүн иерархиясында ээлеген ордуна да жараша аныкталат; 2) топтун түзүмү канчалык татаал жана деңгээли канчалык жогору болсо, анын лидерлери жана мүчөлөрү ошончолук кооптуу деп саналат; 3) соттолгондорду кылмыштуу топтордун башка мүчөлөрү аркылуу тартуу, бул бекем кылмыштуу коомдорду түзүүгө өбөлгө түзөт, алар эркиндикте турган лидерлер тарабынан башкарылышы мүмкүн. Азыркы шарттарда формалдуу нормалардын таасири алсыздап, ошол эле учурда бейформал кылмыштуу түзүмдөрдүн ролу күчөп

жатат; 4) кылмыштуу топтогу статусуна жараша соттолгон адам төмөнкү өзгөчөлүктөрдү көрсөтүшү мүмкүн: а) эркинен ажыратуу жайларында өкүм сүргөн кылмыш нормаларын сактоо же бузуу; б) анын статусуна ылайык ролдук талаптарды аткаруу; в) өзүнүн автономдуулугун, башкача айтканда, башка социалдык топтордон көзкарандысыздыкты көрсөтүү; г) статусунун туруктуулугу, бул иерархиянын төмөнкү деңгээлинде турган соттолгондор менен достук мамиледе болуу мүмкүнчүлүгүн чектейт; д) тюремдик субкультурага тиешелүү атрибутиканын болушу, анын социалдык статусун чагылдыруу; е) ар кандай страттардын өкүлдөрү менен өз ара мамилелерде субординацияны сактоо жана криминалдык тепкичте алдыга жылууга чектөөлөрдү сактоо; ж) иерархиядагы ордуна жараша белгилүү бир баалуулуктарга жана артыкчылыктарга ээ болуу; з) өзүнүн деңгээлине туура келген жана учурдагы кылмыштуу моралга ылайык келүүчү милдеттерди аткаруу.

**3.** Эркиндигинен ажыратуу жайларында кылмыштуу иерархияда лидерлик ролду ээлеген криминалдык авторитеттердин ишмердүүлүгүнө төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр мүнөздүү: **1) ички милдеттери**: кылмыштуу түзүмдөрдүн туруктуулугун жана биримдигин камсыздоо үчүн, жаза аткаруу мекемелеринин ичинде жана сыртында өзүнүн таасирин сактап калуу максатында, алар бир катар өзгөчө функцияларды аткарышат: а) кылмыштуу жүрүм-турумдун идеализацияланган моделин жайылтуу аркылуу соттолгондор арасында кылмыштуу субкультуранын салттары менен нормаларын кармануунун камсыздайт жана жаза аткаруу мекемеси кызматкерлеринин көрсөтмөлөрүнө баш ийбөөгө үндөшөт; б) соттолгондордун мекеменин администрациясы, айрыкча, оперативдик кызматкерлер менен байланышын катуу көзөмөлдөшөт, мындай өз ара аракеттерди болтурбоого аракет кылышат; в) топ мүчөлөрү үчүн жаза мөөнөтүнүн бүткүл мезгилинде ыңгайлуу шарттарды түзүүгө аракет кылышат; г) жаза аткаруу мекемеси администрациясынын соттолгондордун бейрасмий нормаларына кийлигишүүсүн мүмкүн болушунча азайтуу үчүн чара көрүшөт, анын ичинде кызматкерлерди сатып алуу жолдорун колдонушат; д)

"общакты" сырткы ресурстар менен толуктап, соттолгондорду материалдык каражаттар менен камсыздоо үчүн тышкы байланыштарды уюштурушат (анын ичинде "заказдуу" тапшырмаларды аткаруу аркылуу); е) жыйналган каражаттарды кылмыштуу иерархиядагы статусуна ылайык топ мүчөлөрүнүн арасында бөлүштүрөт; ж) "мыйзамдагы уурулардын" салттарына жана кылмыштуу субкультурага ылайык, жаза аткаруу мекемесинин ичинде башка топтор жана администрация менен болгон жаңжалдарды чечүү үчүн адамдык жана материалдык ресурстарды мобилизациялашат; з) формалдуу өз алдынча иштеген уюмдарга активдүү каршылык көрсөтүүнү санкциялашат жана координациялашат, өзгөчө алардын ишмердүүлүгү топтун кызыкчылыгына коркунуч келтирген учурларда; и) топтун ичинде эрежелерди жана нормаларды сактоону көзөмөлдөшөт, алардын бузулушу үчүн жазалоо чараларын колдонушат жана топтун ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтын сырткы чөйрөгө чыгышын алдын алышат, бул топтун ичинде тартипти жана авторитетти сактоого жардам берип, маалыматтын сыртка чыгып кетүү коркунучун минималдаштырат; **2) тышкы милдеттери**: бул функциялар мекеме сыртындагы байланыштарды түзүү жана бекемдөө максатына багытталган: а) эркинен ажыратуу жайында калуу шарттарын же бошотулууну жеңилдетүү үчүн укук коргоо органдарынын жана мамлекеттик башкаруу органдарынын кызматкерлери менен байланыштарды орнотуу жана таасир көрсөтүү; б) мекемеден тышкары жайгашкан башка топтордун лидерлери же жаза аткаруу мекемесинин жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери менен бейформал макулдашууларга жетишүү; в) эркинен ажыратуу жайынан тышкары кылмыштуу ишмердүүлүктү ишенимдүү адамдар аркылуу координациялоону улантып, бошотулган соттолгондорду топтун ишмердүүлүгүнө кайрадан тартууну камсыздоо менен алардын таасирин мекемеден тышкары да сактоо; г) өзүнүн көзөмөлүндөгү соттолгондордун жана алардын үй-бүлөлөрүнүн моралдык жана психологиялык абалын колдоого алып, лоялдуулукту жана топтун идеалдарына берилгендикти бекемдөө үчүн ар кандай ыкмаларды колдонушат; д) мекемеге тыюу салынган буюмдарды жана

заттарды контрабандалык жолдор менен алып келүү схемаларын уюштуруп жана көзөмөлдөп турушат, бул топтун ичинде жана мекеме сыртында өз таасирин жана аброюн сактап калууга өбөлгө түзөт.

**4.** Жаза аткаруу мекемелердеги кылмыштарды иликтөөдө сотко чейинки өндүрүштү өркүндөтүү максатында негизги иш-чараларды жүргүзүү зарыл. Алар төмөнкүлөргө багытталган: **I)** Ишмердүүлүктү маалыматтык камсыздоо, аларды камтыган чаралар: 1) жаза аткаруу мекемелерде жасалган кылмыштардын бул спектри боюнча жүргүзүлгөн криминологиялык-криминалистикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жана жеткиликтүү эмпирикалык маалыматтарды эске алуу менен, алынган маалыматтарды жалпылап, түзүлүп жаткан кырдаалды моделдөө жана ошого жараша иликтөө субъекттеринин негизги багыттарын аныктоо үчүн маалыматтар базасын жана зарыл маалыматтык тутумду түзүү зарыл; 2) жаза аткаруу мекемелерде жаза мөөнөтүн өтөп жаткан атайын контингент тууралуу маалыматтарды чогултуу боюнча атайын кызматтар тарабынан системалуу негизде иш алып баруу жана алар тууралуу маалыматтарды топтоо жана андан ары иштеп чыгуу үчүн автоматташтырылган маалымат базасын түзүү, бул тергөө аракеттерин пландаштыруу жана башка оперативдик-иликтөө иш-чараларын жүргүзүү үчүн зарыл; 3) соттолгондордун башка кылмыштарга тиешеси болгон учурда, бир жаза аткаруу мекеменин чегинен ашкан же транснационалдык мүнөзгө ээ болгон учурларда, башка иликтөө субъекттеринин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн иштеп жаткан эсептерди жана маалыматтар базаларын компьютерлештирүү. **II)** Тактикалык-процесстик камсыздоо жана тергөө аракеттерин пландаштырууда өзгөчөлүктөрдү билүү, мында төмөнкү өзгөчө жагдайларды эске алуу зарыл: 1) адистерди тартпай эле соттолгон адамдын инсандыгын жөнөкөйлөтүлгөн тартипте изилдөө; 2) тергөө менен кызматташууга кызыкдар адамдардын коопсуздугун камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу; 3) кылмышкерлер менен жабырлануучулардын ортосундагы кызыкчылыктардын азыраак карама-каршылыгы; 4) күбөлөрдү аныктоодогу кыйынчылыктар; 5) соттолгондордун көбүнүн иликтөө

процессине жана укук коргоо кызматкерлерине карата терс мамилеси; 6) иликтөөгө каршы туруу жана жаза аткаруу мекемедеги кылмыштык топтордун жетекчилеринин, анын ичинде жаза аткаруу мекеменин чегинен тышкары, атайын контингент менен кызматташкан адамдарды тартуу аркылуу буга тиешелүү тажрыйбага ээ болуу; 7) маалыматка ээ болгон соттолгондорго терс таасир көрсөтүү; 8) соттолгондордун тергөө аракеттеринин тактикасы жана тергөө субъекттери колдонгон ыкмалар жөнүндө маалымдуулугу; 9) соттолгондордон көрсөтмө алуудагы кыйынчылыктар жана аларды баалоого сынчыл мамиле кылуунун зарылдыгы; 10) жаза аткаруу мекеменин режими өзгөчөлүктөрү, ошондой эле бул мекемелердин ишин жөнгө салуучу атайын укуктук актыларды эске алуу. **III)** Иликтенип жаткан кылмыш ишинин материалдарын изилдөө жана далилдүү мааниге ээ болгон жагдайларды талдоо, иликтенип жаткан иш боюнча маалыматтардын булактарын жана кирүү каналдарын талдоо жана сотко чейинки өндүрүштүн купуялыгын камсыздоо; кылмыш тобуна кирген шериктерди бири-биринен обочолонтууну чечүү; пайдаланылбаган маалыматтын ишенимдүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн баалоо, ошондой эле иш боюнча кошумча далилдерди алуу мүмкүнчүлүгүн изилдөө. **IV)** Процесстик аракеттердин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн тиешелүү материалдык-техникалык камсыздоо зарыл. **V)** Психологиялык таануу аспектилери боюнча негизделиши керек, атап айтканда: соттолгондордун ортосундагы чыр-чатактуу мамилелерге түрткү болгон себептердин потенциалдуу чөйрөсүн аныктоо, процесс катышуучулары менен сотко чейинки өндүрүш органдарынын ортосундагы чыр-чатактын себептерин аныктоо; соттолгондор менен жаза аткаруу мекеменин тутумунун кызматкерлеринин ортосундагы чыр-чатактын себептерин аныктоо.

**5.** Жалпысынан жазаны аткаруучу мекемелерде, төмөнкү негизги позициялардын негизинде кылмыштарды иликтөөнү криминалистикалык жактан камсыз кылуу үчүн заманбап ыкмалар жана жакындоолор талап кылынат, атап айтканда: 1) заманбап кылмыштуулук - көп кырдуу жана татаал социалдык феномен, топтук кесиптик кылмыштуулуктун жаңы сапаттык

деңгээлине чыгууда, мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар айрым чөйрөлөргө ээ, алар ЖАМга да таралат. ЖАМдагы атайын контингент көбүнчө кылмыштарды жасоого тартылат, муну мекеменин ичинде гана эмес, анын чегинен да, мисалы: мыйзамсыз наркотик жүгүртүүсү, телефон алдамчылыгы ж.б. сыяктуу. Мындай абал, мындай коркунучтуу кылмыштык көрүнүштөргө каршы чараларды иштеп чыгуу жана кабыл алууда комплексдүү жакындоону талап кылат; 2) криминалистика өзүнүн теориялык изилдөөлөрүндө укуктук, ошондой эле укук колдонуу ишине "жумшак шарт" болуп кызмат кылган башка илим тармактары менен активдүү өз ара аракеттениши керек. Бул алардын жана психолог, социолог, саясатчы, криминолог сыяктуу тармактар менен биргеликте жаңы ыкмаларды иштеп чыгууга жана бар болгон изилдөө методдорун жакшыртууга негиз түзөт; 3) кылмыштуулуктун динамикасын, багыттарын жана жалпы түрлөрүн чагылдырган комплексдүү криминолого-криминалисттик мүнөздөмө, ЖАМ системасында кылмыштардын иликтениши үчүн эбегейсиз мааниге ээ болуп, криминалистиканын заманбап кылмыштык активдүүлүктүн жаңы көрүнүштөрүн: виртуалдык мейкиндик жана санарип технологияларды колдонуу, жаңы жеке методикаларды иштеп чыгуу контекстинде усулдарды өркүндөтүү үчүн пайдаланылышы керек; 4) пенитенциардык кылмыштарды ачууда криминалистика, психология жана криминология ортосундагы тыгыз байланышты белгилей кетүү маанилүү: а) кылмыштуулукту аныктаган факторлорду изилдөө, тергөө процессинин жүрүшүнө таасир этүү; б) эң криминогендик көрүнүштөрдү аныктоо, ошондой эле ЖАМда болуп жаткан жашоо процессин, бул ЖАМдагы операциялык кырдаалдын абалына олуттуу таасирин тийгизет; в) криминология жана психология боюнча ар кандай маалыматтар криминалистикада активдүү колдонулат, өзгөчө изилденген кылмыштардын комплексдүү криминалисттик мүнөздөмөсүн жана алардын ЖАМдагы тергелүү методдорун иштеп чыгууда, транснационалдык мүнөздөгү башка кылмыштарды да кошуп. Ошол эле учурда, мындай мүнөздөмө пенитенциардык кылмыштардын маалыматтык моделин билдирет, бул алардын иликтенишинин натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшөт; г) соттолгондор

тарабынан кылмыштардын жасалышынын мотивациялык компонентин изилдөө, кылмыш иши боюнча далилдениши керек болгон жагдайларды тереңирээк жана толук изилдөөгө мүмкүндүк берет; д) криминалистика соттолгондун жеке жөндөмү, анын кылмыштуу иши, ар кандай кырдаалдарда кылмыштуу жүрүм-турумуна жана жапа чеккендерге карата виктимологиялык маалыматтарды эске алат. Бул пенитенциардык кылмыштарды иликтөөнүн концептуалдык багыттарын түзүүгө жана белгилүү адамдардын тобунун кылмыш аракеттерин алдын алуу үчүн тактикалык-методикалык позицияларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

**6.** Төмөнкү типтик структураны түзүүнүн негиздемеси, түзөтүү мекемелеринде тергөө иш-аракеттерин жүргүзүү үчүн: биринчи, ЖАМда кылмышты иликтөө үчүн конкреттүү тергөө иш-аракетин тандоо төмөнкү аспекттерди камтыйт: а) тергөө иш-аракетин жүргүзүү учурунда чечилиши керек болгон тапшырмаларды, негиздерди жана түрүн аныктоо, ошондой эле аны белгилүү бир версия боюнча тергөө системасына интеграциялоо; б) кылмыштуу аракеттин мүнөзүн жана кылмыштын жалгыз же топтук мүнөзүн эске алып, тергөө иш-аракетин жүргүзүүнүн мыйзамдуу негиздерин баалоо жана чечим кабыл алуу; в) тергөө иш-аракетине даярдык учурундагы учурдагы тергөө абалын анализдөө жана баалоо, ошондой эле ЖАМдын шартында анын жүрүшүндө абалда мүмкүн болгон өзгөрүүлөрдү болжолдоо; г) кылмыш окуясынын бардык жагдайларын эске алып, конкреттүү тергөө иш-аракетин даярдоо жана өткөрүүдө башка тергөө иш-аракеттери менен (операциялык уюштуруу) макулдашуу. Экинчиден, ЖАМда соттолгондор тарабынан жасалган кылмыш фактысы боюнча тергөө иш-аракетин өткөрүүгө даярдык уюштуруу, кылмыштуу топтун сандык жана сапаттык курамын, ошондой эле анын жүргүзүлүшүнө таасир эте алчу объективдүү жана субъективдүү факторлорду эске алуу менен, төмөнкүлөрдү талап кылат: а) тергөө иш-аракетин өткөрүүгө даярдыкты пландоо; б) тергөө иш-аракетин өткөрүүнүн орунун, убактысын жана узактыгын аныктоо; в) тергөө иш-аракетинин мүмкүн болгон терс кесепеттерин алдын алуу жана нейтралдаштыруу методдорун

аныктоо, анын ичинде башка катыштырылган же кызыкдар тараптар тарабынан пландалган тергөө иш-аракетинин жүргүзүлүшүн бузбоо үчүн чараларды кабыл алуу; г) кылмыштын түрүнө байланыштуу тергөө иш-аракетине катышуучулардын чөйрөсүн аныктоо, алардын коопсуздугун камсыз кылуу системасын жана келип катышуусун камсыз кылуу жолдорун эске алуу; д) тергөө иш-аракетин жүргүзүү үчүн зарыл техникалык-криминалистикалык, оперативдик-издөө жана уюштуруу-техникалык камсыздоо чараларын аныктоо; е) тергөө иш-аракетин түзөтүү мекемесинин администрациясы менен макулдашуу. Үчүнчөдөн, уюштурууну тергөө иш-аракеттерин жүргүзүүнүн үч этабы, автор тарабынан бөлүнүп көрсөтүлгөн (а) башталгыч, б) иш, в) акыркы) камтыйт, анда алардын мазмундук бөлүгү иште баяндалган.

**7.** Тергөө иш-аракеттерин жүргүзүүнүн тактико-криминалисттик камсыздоосу, ЖАМда соттолгондор тарабынан жасалган кылмыштуу аракеттерди иликтөө учурунда, төмөнкү өзгөчөлүктөргө негизделет: биринчи - тергөө иш-аракетинин жүргүзүлүп жаткан конкреттүү шарттарына өзгөчөлүктү эске алуу зарылдыгы. Ар кандай тергөө иш-аракеттери белгилүү бир шарттарда жүргүзүлгөндө, бул процесс далилдерди табуу, каттоо жана алып коюу процессин жеңилдетиши же кыйындатышы мүмкүн (мисалы, түзөтүү мекемелеринин режимине жана ишине тиешелүү өзгөчөлүктөр). Түзөтүү мекемелеринин материалдык шарттары жана социалдык чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөрдү камтыйт: биринчи, бирдей жайлар жана буюмдардын бардыгы, соттолгондордун кылмыштуу аракеттери менен байланышкан өзгөрүүлөрдү аныктоону жеңилдетет; экинчи, ички тартип эрежелерин билүү кылмыштын социалдык чөйрөсүн аныктоого жана күбөлөрдү тез арада табууга жардам берет; үчүнчү, соттолгондордун жеке турак-жайынын жоктугу, окуя болгон жерди кароо, тинтүү жана алып коюу иштерин прокурордун макулдугусуз жана тергөө судьясына тиешелүү арыз жазбастан жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Экинчи - алдын ала тергөө органы тарабынан соттолгондордун катышуусунан алынган маалыматты эске алуу; анткени, соттолгондордун каттарын көзөмөлдөөчү кызматкерлер, эгер бул

оперативдик кызыгуу жаратса, каттарды алып коюу же алардын көчүрмөлөрүн даярдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Үчүнчү - пенитенциардык психологдордун (түзөтүү мекемелеринин социалдык-психологиялык кызматтарындагы адистер) сунуштарын эске алуу. Төртүнчү - күзөт жана коопсуздукту камсыздоо, бул тергөө иш-аракеттерин түзөтүү мекемелеринде жүргүзүү үчүн тартылган тараптарга нускама берүү, атайын жабдуулардын болушу жана пландалган процессуалдык аракеттерди өткөрүү үчүн жайларды эске алуу зарылчылыгын билдирет (мисалы, күбөлөндүрүүгө көрсөтүлгөн учурда, ушул жайлар тергөөчү жана адистер үчүн өзүнчө секцияларды, ошондой эле соттолгондор жана күзөт үчүн болушу керек). Жабдуулар соттолгондорду байкоого жана күзөттүн ыкчам жооп берүүсүн камсыздоого мүмкүндүк бериши керек, бул каалабаган байланыштарды алдын алууга жана катышуучулардын коопсуздугун камсыздоого жардам берет. Бешинчи - режимдик мекемеде оперативдик-издөө иштерин жүргүзүү мүмкүнчүлүгү жана алардын натыйжаларын пайдалануу (мисалы, тинтүү, каттарды изилдөө, соттолгондорду изоляциялоо), бул тергөө иш-аракеттеринин натыйжалуулугун жогорулатат.

**8.** Соттолгондун жеке өзгөчөлүктөрү тууралуу терең маалыматка ээ болуу тергөөчүгө тергөө процессинде төмөнкү маанилүү тапшырмаларды чечүүгө мүмкүнчүлүк берет: а) эффективдүү өз ара аракеттешүүнү түзүү үчүн соттолгондун негизги өзгөчөлүктөрүн аныктоо; б) соттолгондун психологиялык мүнөздөмөлөрүнө таянып, тактикалык жана психологиялык таасир кылуунун эң натыйжалуу методдорун тандоо; в) соттолгондун жүрүм-турумун алдын ала болжолдоо, жалпы алганда алдын ала тергөө процессинде жана жеке тергөө иш-аракеттеринде; г) соттолгондун жеке өзгөчөлүктөрүн изилдөө, бул анын иштин жагдайларына болгон позициясын аныктоо, ошондой эле анын жүрүм-турумуна таасир эткен психологиялык факторлорду аныктоо үчүн; д) пайда болгон тергөө абалына жараша, керек болсо, криминалисттик методикада колдонулуучу тактикалык операция же тактикалык ыкмаларды комбинациясын иштеп чыгуу; е) соттолгондун жүрүм-турумунун мотивдерин аныктоо, анын алдын ала тергөө процессине каршы турууга болгон ниетин жана түзөтүү

мекемесинин кызматкерлерине болгон мамилесин эске алуу; ж) маалымат булактарын пайдаланып, кыйынчылык жаратуучу кырдаалдарды чечүү жана жагымсыз жагдайларды жакшы жагдайларга айландыруу.

**9.** Алдын ала тергөө процессинде, каралып жаткан категориядагы иштер боюнча, бир катар шарттарды эске алуу зарылчылыгы далилденет, атап айтканда: 1) кылмыштарды инсценировка кылуу учурларынын жыштыгы, бул тергөө органдарын адаштырышы мүмкүн; 2) тергөө издеринин кеңири түрдүүлүгү шартында убакыттын тардыгы, бул алардын идентификациялык мүнөзүн тактоону кыйындатат (кылмыш окуясы менен байланышпаган издерди да камтууда); 3) далилдик баалуулукка ээ болгон издерди жок кылуу же жалгандыгын тергөө коркунучунун болушу; 4) тергөө менен кызматташкан жана кылмыштар тууралуу маалымат берген адамдардын коопсуздугун камсыздоодогу кыйынчылыктар; 5) күбөлөрдү аныктоодо кыйынчылыктар, анткени көптөгөн соттолгондор өз кызыкчылыктарын коргоого кызыкдар болушу же репрессиялардан коркуу мүмкүн; 6) кылмыштуу субкультуранын өзгөчөлүктөрү, алардын нормалары соттолгондордун жүрүм-турумуна таасир этүүгө жана чындыкты аныктоону кыйындатууга мүмкүн, анткени азыркы учурдагы традициялар маалыматтарды жашырууга түрткү бериши мүмкүн; 7) тергөөчүнүн үстүндө психологикалык басым жана манипуляциялар жүргүзүү, бул тергөөсүн адаштыруу же ага басым көрсөтүү үчүн, ошондой эле тергөө органдары менен түзөтүү мекемелери арасында маалымат алмашуу маселелери, бул тергөө процессин жайлатууга жана аракеттердин координациясын кыйындатууга алып келет; 8) мындай иштерди иликтөдө каршы аракет көрсөтүүнүн эң көп таралган формаларынын болушу, аларга төмөнкүлөр кирет: көрсөтмөлөрдөн баш тартуу; кедейдик көрсөтмөлөрдү берүү; далилдерди жок кылуу, өзгөртүү же алмаштыруу; түзөтүү мекемелеринде жалган күбөлүктөр системасын түзүү; алдын ала тергөө процессинде мыйзамсыз методдорду колдонуу (мисалы, кыйноо, алдамчылык, коркутуулар ж.б.); тергөөчүнү жогорку инстанцияларга алмаштыруу боюнча негизсиз арыз берүү.

**10.** Тергөөчү практикалык жана илимий билимдерге таянышы керек, булар төмөнкү аспекттерди камтыйт: 1) түзөтүү мекемелеринде кылмыштарды жасоо жана жашыруу боюнча кеңири таралган ыкмалар тууралуу маалымат, бул мүнөздүү белгилерди аныктоого жана алардын тергелиши үчүн эффективдүү стратегияларды иштеп чыгууга жардам берет; 2) издерди түзүү жана аныктоо процессин түшүнүү, бул алардын чөйрөсүн, мүнөзүн аныктоого жана болгон кылмыштык окуяны баалоого мүмкүндүк берет; 3) соттолгондор тарабынан колдонулган кеңири таралган инсценировкалар (кылмыштуу кылык-жоолор) тууралуу билим, бул болгон кылмышты моделдөө жана кийинки тергөө аракеттеринин багытын аныктоого жардам берет; 4) иш боюнча чогултулган маалыматтарды анализдөө, анын ичинде конкреттүү далилдердин иш боюнча маанисин жана соттолгондор арасында кылмыш белгилеринин кеңири жайылышын эске алуу, кылмыштын жагдайларын так аныктоого жана ага тиешелүү адамдарды аныктоого көмөктөшөт; 5) түзөтүү мекемелеринде далилдик маалыматты түзүү мыйзамдарын түшүнүү, бул зомбулук кылуучу далилдерди чогултуу жана анализдөөдө натыйжалуу болушуна жана тергөө процессинде маалыматтарды манипуляциялоо же жалгандоо аракеттерин аныктоо жана жоюуга жардам берет; 6) соттолгондордун жашоо шарттары, алардын кылмыштык тажрыйбасы, далилдик маалыматтын жоголушуна жана бурулушуна таасир этүүчү психологикалык факторлор; кылмыштын мүнөзүн аныктаган кылмыштуу кесипкөйлүктүн деңгээли; маалыматтын тардыгы, бул окуянын эң мүмкүн болгон версияларын аныктоону кыйындатат; тергөө менен кызматташууга карата соттолгондордун жазасыздыктан коркуу себеп болгон жашоо шарттары; соттолгондордун психологиялык өзгөчөлүктөрү, алардын психикалык абалы, жүрүм-туруму, жасалган аракеттин түрлөрү жана мотивациясы, кылмыштарды толук жана объективдүү иликтеп, алардын себептерин жана кесепеттерин натыйжалуу аныктоого мүмкүндүк берет.

**11.** Тергөөчүлүк текшерүүнү өткөрүүгө таасир эткен факторлор аныкталды: 1) тергөө текшерүүсүн өткөрүүнү жөнгө салган криминалдык-процессуалдык жана укуктук нормалардын көптүгүн эске алуу менен, а) алардын мазмундук

аспектин ар дайым так жана толук чагылдырбашы; б) заманбап практикалык реалияларга, анын ичинде түзөтүү мекемелериндеги кылмыштарды жасоонун жаңы технологияларынын контекстинде, дайыма жооп бербеши; в) кылмыштык-процессуалдык мыйзамдардын башка нормаларына каршы келишин камсыз кылышы мүмкүн. 2) Кылмыш болгон жайды текшерүүнүн өзгөчөлүгү, бул соттолгондордун жашоо ордусу же башка соттолгондордун активдүү кыймылы бар мейкиндик болушу мүмкүн, бул кылмыштын материалдык издерин чогултууну кыйындатат. 3) Түзөтүү мекемесинин персоналы кошумча кыйынчылыктарды жаратат, алардын мотивациясы ар кандай болушу мүмкүн, коррупциялык факторлордун таасирине байланыштуу, бул айрым учурларда түзөтүү мекемесинин кызматкерлеринин каршы аракеттерине алып келет (мисалы: тергөөчүлөрдүн зарыл объекттерге же документтерге кирүүсүн чектөө; окуя же абал тууралуу туура эмес (толук эмес) маалымат берүү; тергөөчүлөрдүн соттолгондор менен байланышына же тергөө иш-аракеттерине катышуусуна тоскоолдук кылуу ж.б.). 4) Окуя болгон жерди текшерүүгө соттолгондорду тартуу өзгөчө кыйынчылык жаратат, анткени алар, адатта, тергөөчүгө болгон окуя тууралуу толук жана объективдүү маалымат бербеши мүмкүн, бул ар кандай жагдайлар, анын ичинде алардын кызыкчылыгынын жоктугу жана башка мотивациялык факторлор менен байланыштуу. 5) Абалдын өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл, себеби, абактарда жасалган кылмыштардын шарттарында, адатта, кылмыш издерин атайылап жок кылуу же жалганын жасоо байкалат. Жаңы издерди мезгилинде табуу тергөөчүнү адаштырып, алдын ала тергөө процессин катаал жолго түшүрүүгө алып келиши мүмкүн, ал эми соттолгондор тарабынан түзүлгөн инсценировкалар иликтөөнү кыйындатышы мүмкүн.

**12.** Тергөө текшерүүсүн өткөрүү учурунда төмөнкү талаптар жана жакындоолорду сактоо зарыл: 1) текшерүүнүн белгиленген этаптарына, анын ичинде даярдык, текшерүүнүн түздөн-түз жүргүзүлүшү, табылган бардык далилдерди каттоо, алардын абалы жана өз ара жайгашуусу боюнча кармалып турулушу керек. Бул процесс учурунда тергөөчү КРнын КЖПКнын

нормаларын так сактап, текшерүүнүн ачык чектерин аныктап, ошондой эле издердин өзгөчө шарттарда түзүлүшүнүн мыйзамдарын эске алуу менен аны жүргүзүүнүн методдорун жана ыкмаларын так аныктоосу керек; 2) издердин абалынын убакыттын өтүшү менен мүмкүн болгон өзгөрүүлөрүн эске алуу жана алардын бүтүндүгүн жана тактыгын сактоо үчүн тиешелүү криминалистикалык методдорду колдонуу керек; 3) сунушталган версиялар жана кылмыштын белгилеринин жыйындысы негизинде, болгон окуяны моделдөө жана окуя болгон жерди максаттуу текшерүү жүргүзүлүп, сунушталган гипотезаларды тастыктаган же жокко чыгарган негизги элементтерди табуу жана каттоо керек; 4) табылган издерди, объектилерди жана далилдерди моделденген окуянын контекстинде системалуу түрдө анализдөө жана алардын чындыкты аныктоодо жана кылмышты ачуудагы маанисин баалоо зарыл, бул төмөнкүлөрдү камтыйт: а) кошумча деталдарды аныктоо үчүн криминалистикалык методдорду колдонуу; б) табылган объекттер арасында байланыштарды түзүү; в) окуянын жүрүшүн кайра куруу, бул кылмыштын жагдайларын жана мотивдерин тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет; 5) кылмышты жасоонун ыкмасы менен соттолгондун жана жабырлануучунун жеке өзгөчөлүктөрү арасындагы байланыштарды эске алуу, бул кылмышкердин психикалык абалы, кылмыштык тажрыйбасы, мотивдери жана муктаждыктары тууралуу корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда, юридикалык адабиятта белгиленген сунуштарга ылайык техникалык каражаттарды колдонуу, адисти чакырууну талап кылат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** диссертациялык изилдөөнүн негизги илимий жыйынтыктары автордун жеке өзү алгандыгында. Коргоого алып чыгуучу жоболор диссертант тарабынан жекече иштелип чыккан.

**Изилдөөлөрдүн натыйжаларын апробациялоо.** Изилдөөнүн жыйынтыктары кылмыш – жаза процесси, криминалистика, ыкчам-издөө ишмердүүлүгү курстарын окутууда, Ош Мамлекеттик Университетинин студенттери үчүн диссертациялык изилдөөнүн алкагында каралган бөлүмдөрдө колдонулду, бул киргизүү актысы менен тастыкталат. Коргоого коюлган

негизги теориялык иштеп чыгуулар жана жоболор автор тарабынан илимий иш-чараларда берилген отчеттордо чагылдырылган.

**Диссертациянын жыйынтыктарын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу.** Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө алынган негизги жыйынтыктар РИНЦтин рецензияланууучу басылмаларынын тизмесине кирген журналдарда жарыяланган илимий 7 (жети) макалада чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Иштин түзүмү изилдөөнүн максаттары жана милдеттери менен шартталган, киргишүү, үч бапты, тийиштүү жети бөлүмдү, корутунду, практикалык сунуштар жана адабияттардын тизмесин камтыйт.

# 1 Бап. ЭРКИНДИГИНЕН АЖЫРАТЫЛГАН МЕКЕМЕЛЕРДЕ ЖАЗАСЫН ӨТӨП ЖАТКАН СОТТОЛГОНДОРДУН ИНСАНДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА КЫЛМЫШТУУЛУКТУН КРИМИНАЛИСТИКАЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ

## *1.1. Жаза-аткаруу тутумунун мекемелериндеги пенитенциардык кылмыштуулуктун негизги криминалисттик мүнөздөмөсүнүн өзгөчөлүктөрү*

Соттолгондордун пенитенциардык жалпылыгы белгилүү шарттарда жана криминогендик факторлордун болушунда бүтүндөй спектрдеги кылмыштарды жасоодо көрүнгөн укукка каршы көрүнүштөрдүн бүтүндөй спектрин пайда кылаарын моюнга алуу керек, алар жалпысынан коомдук коопсуздукка жана негизинен микросоциумга коркунуч түзөт. Бул көрүнүштөр кеңири масштабдагы кылмыштарды жасоо менен коштолуп, коомдук коопсуздукка, ошондой эле микросоциумга түздөн-түз коркунуч жаратат.

Жазаларды аткаруу мекемелеринин негизги милдети — мамлекеттин кылмыш-жаза мыйзамдарында белгиленген жазанын максаттарына жетишүү үчүн шарттарды түзүү экендигенде шек жок. Жасалган кылмыштар үчүн жазалоо жана соттолгондордун эркиндигинен ажыратылган шарттарда болгон убагында жазаны колдонуу мамлекеттин өз кызыкчылыктарын коргоодогу негизги куралы болуп саналат.

Ошондуктан, соттолгондор тарабынан жасалган пенитенциардык кылмыштарды изилдөө, анын ичинде эркиндигинен ажыратылган мекемелерде аларды иликтөө жана ачуудагы көйгөйлүү аспектилерине илимпоздор тарабынан мынчалык кылдат көңүл бурулуусу логикалуу көрүнүш.

Жалпы кылмыштуулук маселелерине арналган эмгектерге төмөнкү окумуштуулардын изилдөөлөрү кирет: Г.А. Аванесов, Р.А. Базаров, А.И.

Долгова, М.Л. Прохорова, А.Н. Сергеев, И.И. Карпец, В.И. Омигов, Э.Ф. Побегайло, Р.А. Сабитов ж.б. Зомбулук мүнөзүндөгү бир катар кылмыш түрлөрүн изилдеген окумуштуулардын катарына төмөнкүлөр кирет: Ю.М. Антонян, В.Г. Рудь, Т.Н. Волкова, А.С. Михлин, А.Е. Иващенко, Л.В. Сердюк, А.В. Тюменев, А.И. Долгова, В.А. Жарких, С.В. Расторопов, Е.О. Алауханов, Д.Т. Амуртаев, Б.Х. Бейсеев, К.И. Джаянбаев, А.Н. Ибраева, Е.С. Кудайбергенова, К.Ш. Курманов, Г.С. Курманова, В.В. Роот, Г.Р. Рустемова, А.М. Сабырбаев, Н.З. Султанова, Л.Ч. Сыдыкова, Б.Г. Тугелбаева, А.Б. Чокобаева, У.Ш. Эркинбаев жана башкалар. Ошондой эле, ЖАМдагы кылмыштуулук маселелерине Казакстан, Кыргызстан жана Россиядагы окумуштуулардын диссертациялык изилдөөлөрүндө өзгөчө көңүл бурулган, алардын катарына төмөнкүлөр кирет: А. Сырым, Р.Е. Джансараева, М.П. Еремкин, Р.П. Кузьмин, Марат А., А.П. Слепов ж.б.

Ошол эле учурда, жаза атакатуу мекемесинде (*мындан ары ЖАМ*) дагы кылмыштуулук маселесине байланыштуу айрым авторлордун эмгектери бар экендигине карабастан, пенитенциардык кылмыштарды ачуу жана иликтөөнүн сотко чейинки өндүрүш аспектилери боюнча илимий изилдөөлөр жетишсиз бойдон калууда. Бул көйгөйгө айрыкча жаңыланган мыйзамдар жана кылмыштуулуктун жаңы багыттардын контекстинде көңүл буруу зарыл. Ушул себептен, иштин киришүү бөлүгүндө келтирилген аргументтер жана укук коргоо органдарынын бул багыттагы муктаждыктары диссертациялык изилдөөдө көтөрүлгөн маселелерди кайрадан карап чыгуу зарылдыгын шарттайт.

Белгилеп кетүү керек, кылмыш жасагандыгы үчүн жаза колдонуу тарых бою мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыктарын коргоонун негизги куралы болуп келген [3, 15 б.]. Бул контекстте, эркиндигинен ажыратуу — оор жана өзгөчө оор кылмыштарды жасагандыгы үчүн колдонулган эң катаал чаралардын бири, айрым учурларда коомдук кооптуулуктун орточо деңгээлиндеги кылмыштар үчүн да колдонулат. Мамлекеттик мыйзам чыгаруу

органы бул жагдайды эске алуу менен, эркиндигинен ажыратууну негизги жаза катары белгилеп, аны жасалган кылмыштардын оордугуна карата так аныктайт.

Учурдагы Кыргыз Республикасынын КЖКсына ылайык, эркиндигинен ажыратуу негизги жаза катары каралып, эки түргө бөлүнөт: а) белгилүү бир мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу; б) өмүр бою эркиндигинен ажыратуу [7].

Кыргыз Республикасынын КЖКсынын азыркы редакциясында каралган эркиндигинен ажыратуу жалпы жаза катары эсептелип, өзүнө бир нече өз алдынча жазанын түрлөрүн камтыйт [7]. Мисалы, соттолгондорду жалпы, катуу жана өзгөчө режимдеги түзөтүүчү колонияларда, түрмөлөрдө жана өспүрүмдөр үчүн тарбиялоо колонияларында кармоо [5, 14б.].

Бардык аталган мекемелер жазаларды аткаруу тутумунун (*мындан ары ЖАТ*) ажырагыс бөлүгү болуп саналат, ошол эле учурда түзөтүүчү колониялар бул мекемелердин арасында үстөмдүк кылган позицияны ээлейт, ал эми түрмө режимдери жетиштүү деңгээлде өнүккөн эмес. Бул маселеге байланыштуу А.Я. Гришко белгилегендей: "Заманбап түрмө "эркиндигинен ажыратуу" түшүнүгүнө жана соттолгондорду кармоонун эл аралык-укуктук стандарттарына көбүрөөк ылайык келет" . Бул билдирүү соттолгондорду кармоо шарттарын гумандаштыруу жана эл аралык ченемдерге ылайык келтирүү көз карашынан кайра карап чыгуу зарылдыгын тастыктайт [6, 29 б.].

ЖАТна жүктөлгөн милдеттер коом үчүн чоң мааниге ээ, анткени жазаны аткаруу кайрадан кылмыш жасоо деңгээлин азайтууда эң маанилүү милдет аткарат. Профессор В.И. Гуськов баса белгилегендей: «Түзөтүүчү мекемелердин ишин уюштуруу кайталануучу (рецидивдик) кылмыштуулуктун жалпы деңгээлине түздөн-түз таасир этет». Ушул себептен, пенитенциардык кылмыштуулукту карап чыгуу жазасын өтөп жаткан адамдар арасында кайталанууну (рецидивди) анализдөөнү баштоодо маанилүү болуп саналат. Атайын адабияттарда "пенитенциардык кайталануу" түшүнүгүнүн болушу бул көйгөйдүн өзгөчөлүгүн тастыктап турат [7, 478 б.]. Пенитенциардык кайталануу салттуу түрдө эркиндигинен ажыратуу жайларынан бошонгон адамдар тарабынан жасалган кылмыштар катары каралат, бирок суроо туулат:

кайра жасалган кылмыштын жазасын өтөө процессине болгон байланышы кандай? [8, 340 б.; 9, 468 б.].

Бул аспект түздөн-түз түзөтүү мекемелеринде жасалган кылмыштарды талдоо жана анализдөөнүн зарылдыгын шарттайт. Бул маселе түзөтүү мекемелеринин ичинде жасалган кылмыштарды терең Айрым окумуштуулар пенитенциардык кайталануу эркинен ажыратуу жайларында соттолгондор тарабынан жасалган кылмыштарды камтыйт деп эсептешет, бул кайталануулук жана пенитенциардык кылмыштуулуктун окшоштугуна алып келет. А.П. Некрасов болсо "пенитенциардык кайталануу соттолгондор тарабынан коомдон обочолонууну камсыз кылган мекемелерде жасалган кылмыштарды камтыйт"деп ырастайт. Сыртынан караганда, мындай иденттүүлүк объективдүү көрүнүшү мүмкүн [10, 46 б.].

Бирок, бул позиция бир катар маанилүү суроолорду жана сын-пикирлерди жаратат. Биринчи кезекте, бул мамиле кылмыш жасаган субъекттердин курамын тек гана соттолгон адамдар менен чектеп коёт, ал эми бул түшүнүк кээ бир учурларда так эмес жана бир тараптуу болуп калат. Чындыгында, түзөтүү мекемелеринде жасалган кылмыштарга катышы бар башка да субъекттердин бар экенин эске алуу зарыл. Жасалган кылмыштарды карап көрүүдө түзөтүү мекемелеринин кызматкерлери, эркин жумушчулар, өндүрүш объекттеринде иштеген адистер, ошондой эле соттолгондорго жолугушууга келген жакын туугандары сыяктуу башка да катышуучуларды эске алуу керек. Бул субъекттердин түзөтүү мекемелеринин шарттарында жасаган кылмыштуу аракеттери дагы бул чөйрөдөгү кылмыштуулуктун бир бөлүгү катары каралышы мүмкүн, бирок алардын иш-аракеттери кайталануу (рецидивдик) кылмыштардын категориясына кирбейт.

Ошентип, пенитенциардык мекемелердеги кылмыштуулукты талдоо процесси изоляция шарттарындагы кылмыштуу аракеттердин көп кырдуу аспекттерин жана субъектик курамдын ар түрдүүлүгүн эске алууну талап кылат. Бул аспекттерди кеңири жана системалуу анализдеп чыгуу кайталануу (рецидивдик) кылмыштуулуктун деңгээлин жана анын пенитенциардык

криминалдык субкультура менен байланышын изилдөөнүн өзгөчө зарылдыгын белгилейт. Анткени булар ЖАТтын жалпы көйгөйлөрүн, анын ичинде коопсуздукту камсыздоо, соттолгондордун кайра социалдаштырылышы жана алардын коомго кайтып келүүгө болгон даярдыгы сыяктуу маселелерди көрсөтөт. Кылмыштуулукка каршы күрөшүүдө жана коомдук коопсуздукту камсыздоодо ЖАТтын таасири жана анын милдеттик мүмкүнчүлүктөрү эң негизги факторлордун бири катары каралат, ошондуктан бул багытта ар тараптуу изилдөөлөрдү жүргүзүү учурдун талабы болуп саналат.

Бир катар илимпоздордун позициясына макул болуп жана кошулуп, белгилөө маанилүү болго, бул: системалуу түрдө кылмыш жасаган соттолгондор өздөрүнүн кылмыштуу байланыштарын кеңейтүүгө жигердүү умтулуп жатканын баса белгилеп кетүү зарыл [11, 169 б.]. Алар топтогон криминалдык тажрыйбаларын башка адамдарга өткөрүп берип, кылмыштуу салттардын жана жүрүм-турум салттарын сакталышына жана бекемделишине өбөлгө түзүшөт. Мындай жүрүм-турум эрежелери эркиндигинен ажыратуу шарттарында кылмыштуу чөйрөнү бириктирүүдө маанилүү куралга айланат, ал эми бул шарттарда пенитенциардык субкультура кылмышкерлердин өз ара мамилелерин жөнгө салууда негизги ролду ойнойт [12, 148 б.]. Кылмыштуу жүрүм-турумдун мындай көбөйүү процесси кылмыштуулукту өзүн-өзү өнүктүрүү жана өзүн-өзү аныктоо касиеттерине ээ болгон татаал система катары түшүнүү үчүн маанилүү элемент болуп саналат. Бул пенитенциардык кылмыштуулук статикалык көрүнүш эмес дегенди билдирет-ал ички жана тышкы факторлордун таасири астында дайыма өзгөрүп турат, ошол эле учурда туруктуулуктун жана өзгөрүүнүн элементтерин көрсөтөт.

Эркиндигинен ажыратуу жайларындагы кылмыштуу салттар тек гана көнүмүш адаттардын жыйындысы эмес, алар антисоциалдык көз караштарды жана баалуулуктарды кийинки муунга өткөрүүнүн механизми болуп эсептелет. Бул процесс кылмыштуу жүрүм-турумдун кайра жаралышына өбөлгө түзөт жана кылмыштуулукту татаал тутум катары түшүнүүгө шарт түзөт, мында кылмыштуулук өз алдынча өнүгүү жана өзүн-өзү аныктоо касиетине ээ.

Башкача айтканда, пенитенциардык кылмыштуулук туруктуу көрүнүш эмес — ал ички жана тышкы факторлордун таасиринде өзгөрүлүп турат, ошол эле учурда туруктуулуктун жана өзгөрүүлөрдүн элементтерин бирге көрсөтөт. Мындай динамикалык өнүгүү пенитенциардык кылмыштуулукту изилдөөдө өзгөчө көңүл бурууну талап кылат, анткени анын ички эволюциясы, түзүмү жана айлана-чөйрөдөгү социалдык процесстер менен болгон тыгыз байланышы кылмыштутуулуктун комплекстүү жана көп кырдуу табиятын ачып берет. Эркиндигинен ажыратуу тутумунун чегиндеги социалдык-укуктук чөйрөнү тереңирээк түшүнүү үчүн, бул багытта кылмыштуулуктун таасир этүүчү факторлорун изилдеп чыгуу зарыл.

Ар кандай социалдык көрүнүш сыяктуу эле, кылмыштуулук да сандык жана сапаттык жактан өнүгөт. Эркиндигинен ажыратылган жайларындагы кылмыштуулук мезгилге, шарттарга жана соттолгондордун жүрүм-турумуна таасир этүүчү ар кандай социалдык факторлорго жараша өзгөрүп турушу мүмкүн. Ошол эле учурда кылмыштуулуктун деңгээли ар түрдүү мезгилдерде өзгөргөнүнө карабастан, түзөтүү мекемелеринде анын туруктуу болушу өзгөрбөйт.

М.М. Бабаевдин айтымында, кылмыштуулук өтө консервативдүү көрүнүш, ал форма жана мазмун жагынан өзгөрүүгө дуушар болсо да, өзүнүн негизги маңызын сактап калат. Бул билдирүү пенитенциардык тутумга мүнөздүү кылмыштуулук, шарттар канчалык өзгөрсө да, өзүн кайрадан жаратат деген ойду бекемдейт да жана шарттардын өзгөрүшүнө карабастан, өзүн-өзү көбөйтүүнү улантууда деп ырастайт [13, 88 б.]. Пенитенциардык тутумдагы кылмыштуулук — бул динамикалык өзгөрүүлөргө жооп берген жана туруктуулукту көрсөтө турган социалдык феномен. Мындай көрүнүштү түшүнүү жана талдоо түзөтүү тутумундагы кылмыштуулуктун эволюциялык касиеттерин, анын туруктуулугун жана ошол эле учурда сырттан болгон таасирлерге карата адаптацияланышын терең изилдөөнү талап кылат. Кылмыштуулуктун ушул сыяктуу өзгөчөлүктөрү пенитенциардык тутумдун

өзүндө өз алдынча өнүгүү жана аны сактап калуу механизмдеринин бар экенин көрсөтөт.

Бул пикирге жарым-жартылай макул болууга болот. Н.Ф. Кузнецова [14; 9, 468 б.] жана П.И. Гришаев [15, 79-78 б.] белгилегендей, кылмыштуулук социалдык шарттардын өзгөрүшүнө жараша айрым жактарын өзгөртүп турушу мүмкүн. Алардын көз карашында кылмыштуулук белгилүү шарттарга жана убакытка байланыштуу трансформацияланып, сапаттык жана сандык жактан өзгөрсө да, анын негизги маңызы социалдык туруктуу кубулуш катары сакталат. Бул пикирди айрым авторлор да колдошот, алар кылмыштуулуктун статистикалык маалыматтары жана кылмышкерлердин жүрүм-турум тенденциялары өзгөрүп турушу мүмкүн, бирок кылмыштуулуктун социалдык системадагы негизи ошол эле бойдон калат деп ырасташат [16, 125 б.].

Кылмыштуулуктун негизги маңызын анын статистикалык өзгөрүүлөрүнөн же жеке кылмышкерлердин жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүнөн издөөнүн ордуна, аны социалдык процесстер менен өз ара байланышы аркылуу түшүнүү керек. Башкача айтканда, кылмыштуулук — бул жөн гана сандык көрсөткүчтөр же жекече жүрүм-турум моделдери эмес, тескерисинче, бул социалдык тутумдун тереңинде орун алган, коомдук шарттарга карата реакция катары калыптанган кубулуш. Социалдык шарттардын өзгөрүшү кылмыштуулукка таасир этип, анын көрүнүшүн өзгөртүп, жаңы мүнөздөмөлөрдү жаратса да, негизги маңызын өзгөртө албайт. Илимпоздордун ой жүгүртүүсүнө ылайык, кылмыштуулук — бул коомдук тутумга каршы чыккан көрүнүш, ал коомдун негизги кызыкчылыктарына жана баалуулуктарына түздөн-түз коркунуч туудурат [14; 9, 468 б.]. Бул багытта кылмыштуулукту коомдун структуралык негиздерине жана баалуулуктарына карата каршы чыккан жана ошол эле учурда ошол эле социалдык шарттардан азыктанган көп кырдуу кубулуш катары түшүнүү зарыл. Ошентип, кылмыштуулуктун коомдогу өзгөчө орду анын социалдык тутумга каршы багытталышынан улам аныктоо мүмкүнчүлүгүн берет жана ал коомдун өзөгү менен түздөн-түз байланышы бар экендигин көрсөтөт.

Эркиндигинен ажыратуу жайларындагы кылмыштуулук соттолгондордун бир муунунан экинчи муунуна өткөн туруктуу өзгөчөлүктөргө ээ [2, 64-69 б.]. Кылмыштуу чөйрө өзүнүн салттарын сактап гана тим болбостон, алардын өнүгүшүнө жана бекемделишине шарт түзүп, субкультуранын ичиндеги туруктуулукту камсыздоо механизмдерин да күчтөндүрөт. Бул көрүнүш кылмыштуу жүрүм-турумду күчөтүп, пенитенциардык тутумдагы кылмыштуулукка каршы күрөштү бир топ татаалдаштырат. Пенитенциардык кылмыштуулук тутуму адаптациялык гана эмес, өзүн-өзү улантуучу сапаттарды да көрсөтөт, бул аны социалдык патологиянын эң татаал формаларынын бири кылат, ошондуктан түзөтүү мекемелериндеги кылмыштуулук социалдык жамандык катары гана эмес, ошондой эле өзүн-өзү көбөйтүү, туруктуулукту сактоо жана жок кылуу кыйын болгон консервативдик элементтер [17, 151-155 б.]. Бул көрүнүш криминалисттер жана ЖАТтын адистери тарабынан өзгөчө көңүл бурууну талап кылат, анткени пенитенциардык кылмыштуулукка каршы күрөшүү бир катар чөйрөлөрдү камтыган укуктук каражаттардын комплексин камтышы керек. Бул багытта кылмыштуулуктун консервативдүү негиздерин түшүнүү жана аларга комплекстүү укуктук механизмдерди колдонуу абдан маанилү

Жалпы кылмыштуулуктун бир түрү катары пенитенциардык кылмыштуулук негизги мүнөздөмөлөргө ээ: мыйзамсыздык, күнөөлүүлүк, жазаланууга татыктуулук жана коомдук кооптуулук. Бирок, ЖАТтагы шарттарда бул мүнөздөмөлөргө өзгөчө өңүт берилет, себеби эркинен ажыратуу жазасын өтөп жаткан адамдардын мыйзам бузуу аракеттери башка контекстте болуп өткөн кылмыштарга салыштырмалуу өзгөчөлөнөт. Эркиндигинен ажыратуу мекемелери коомдон изоляцияланган жана жаза мөөнөтүн өтөп жаткан адамдардын жүрүм-турумун калыптандыруу менен гана чектелбестен, алардын кайрадан кылмыш жасоосунун алдын алууга жана башка адамдар тарабынан укук бузуулардын жасалышын токтотууга да багытталган негизги максатты көздөйт.

Бул контексте ЖАТтын негизги миссияларынын бири – кылмыш жасаган адамдардын оңолушуна жана коомдук баалуулуктарга шайкеш келишине багытталган иш-чараларды ишке ашыруу болуп саналат. Бирок, бул максатты ишке ашырууда пенитенциардык кылмыштуулуктун эволюциясын, анын жаңы тенденцияларын жана ички өзгөрүүлөрүн эске алуу зарыл. Ар түрдүү булактарды жана бул көйгөйгө байланыштуу жеке көз караштарды талдоонун негизинде, пенитенциардык кылмыштуулукка бир катар факторлордун таасир этиши менен анын сапаттык өзгөрүүлөргө дуушар болгондугуна ишенимдүү түрдө айтууга болот.

Бул сапаттык өзгөрүүлөр жазасын өтөп жаткан адамдардын криминалдык мүнөзгө ээ болгон социалдык байланышынын кеңейиши жана аларды коргоо механизмдеринин өркүндөтүлүшү менен шартталган. Натыйжада, түзөтүү мекемелеринде кылмыштуу жүрүм-турумду колдоо жана жайылтуу үчүн конкреттүү инфраструктура жана механизмдер түзүлгөн [18, 75-85 б.]. Кылмыштуулуктун бул өнүгүү процессин түшүнүү үчүн кылмыштуулукка түрткү болгон негизги социалдык факторлорду, пенитенциардык субкультуранын таасирин жана бул тутумда кылмыштуулукту кайра жараткан структуралык факторлорду изилдөө зарыл.

Пенитенциардык кылмыштуулуктун өнүгүшүнө жана анын сапаттык өзгөрүүлөрүнө таасир этүүчү факторлор катары төмөнкү аспекттерди белгилөөгө болот: *1)* ЖАМдагы криминалдык активдүүлүк**:** акыркы 10-15 жыл ичиндеги заманбап тенденциялар ЖАМдагы кылмыштуу аракеттерге олуттуу таасирин тийгизди. Бул өз кезегинде кылмыштуу топтордун курамына жана алардын колдонгон ыкмаларына, кылмыш жасоонун жаңы формаларына таасир берип, алардын таасири ЖАМдын чегинен чыгып кетет; *2)* криминалдык иерархиянын өзгөрүүсү**:** акыркы 15-20 жылда кылмыш дүйнөсүндө жаңы муундагы криминалдык авторитеттер жетекчилик ролду ээлей баштады. Мурдагы лидерлерге караганда, бул авторитеттер мамлекеттик бийлик органдарына жигердүү таасир көрсөтүүгө умтулуп, бул үчүн төмөнкү ыкмаларды колдонушат: а) өздөрүнүн тарапташтарын мамлекеттик түзүмдөргө

жайгаштыруу же алар менен кызматташуу аркылуу буюртма өлтүрүүлөр сыяктуу ар кандай кызматтарды көрсөтүүгө келишимдер түзүү; б) укук коргоо жана жаза аткаруу органдарынын кызматкерлерин пара берүү же буйрутма тапшырмаларды аткартуу жолу менен өздөрүнө тартуу; в) коррупциялашкан бийлик органдарына таасир көрсөтүп, өздөрүнө пайдалуу чечимдерди, анын ичинде айрым соттолгон топторго амнистия жарыялоо чечимдерин кабыл алдырууга умтулуу; г) ири өнөр жай жана коммерциялык корпорациялардын «бейрасмий» негиздөөчүлөрү же жадагалса ээлери катары чыгып, өз кызыкчылыктарын коргоо; *3)* түзөтүү мекемелеринин администрациясына каршы уюштурулган кылмыштар**:** мындай кылмыштарды уюштурган топтордун башчыларынын күнөөсүн далилдөө абдан кыйын, анткени бул аракеттерди көбүнчө «бригадирлер» же «жолдоштор» аткарышат, алар уюшкан топтун мүчөлөрү болгондуктан, көрсөтмө берүүдөн баш тартышат. Ушундай эле кырдаал башка соттолгон топтордо да байкалат; *4)* түзөтүү мекемелериндеги уюшкан топтордун мүнөздөмөлөрү**:** Бул топтордун мүчөлөрү, адатта, кесипкөй кылмышкерлердин сапаттарына ээ. Мындай кылмыштуу түзүмдөрдүн деңгээлин жана мүнөзүн соттолгондордо болгон материалдык баалуулуктар, баңги заттары, курал-жарактар жана байланыш каражаттары сыяктуу тыюу салынган буюмдардын болушу менен баалоого болот; *5)* материалдык ресурстар менен камсыздоо: бул уюшкан топтор чоң көлөмдөгү материалдык ресурстарга ээ болушат, анын ичинде башка соттолгондордон тартып алынган каражаттар да бар. Бул ресурстарды колдонуп, алар түзөтүү мекемелеринин кызматкерлерин жана укук коргоо органдарынын оперативдүү персоналын өздөрүнүн кылмыштуу иштерине тартууга жетишишет, бул болсо аларга өз позицияларын күчөтүүгө шарт түзөт; *6)* транснационалдык байланыштардын күчөшү: кылмыштуу топтордун ар түрдүү деңгээлдерде башка өлкөлөр менен байланышы күчөп бара жатат. Бул тенденция уюшкан кылмыштуулук өзүнүн позицияларын эл аралык деңгээлде чыңдап жатканын көрсөтөт; *7)* рецидивисттердин көп саны: эркинен ажыратуу жайларында кылмыш жасоого ыктаган рецидивисттер барган сайын өздөрүн коопсуз

сезишет. Бул ишеним түрмө чөйрөсүндөгү жазылбаган эрежелерге жана лидерлердин коргоо мүмкүнчүлүктөрүнө негизделген. Жыйынтыгында, барымтага алуу, буйрутма өлтүрүү, уюшкан алдамчылык сыяктуу кылмыштар традицияга айланып калды; *8)* криминалдык активдүүлүктүн жогорулашы: барган сайын кылмыштуулукка жигердүү тартылган адамдар көбөйүүдө. Алар кылмыштуу пландарын ишке ашыруу үчүн кылдат даярдыктарды көрүшөт жана кылмыш жасоого ыңгайлуу шарттарды түзүүгө умтулушат. Бул адамдар кылмыштуу аракеттерин жашыруун жана пландуу түрдө аткарышат, ошондой эле кылмыш жасоонун ыкмаларын кырдаалга жараша тандап алышат. Жазасын өтөп жаткан адамдардын жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша кылмыштуу топко мүчөлөрдү тандоо, керектүү учурда башка топтордун мүчөлөрүнүн жардамын колдонуу менен кылмыштарды ишке ашыруунун татаал механизмдери иштелип чыгат. Бул факторлор пенитенциардык кылмыштуулукка каршы күрөштү кыйындатат жана комплекстүү ыкмаларды талап кылат.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарында, орусиянын мыйзамдары сыяктуу эле, оор жана өзгөчө оор кылмыштар үчүн жаза көпчүлүк учурда эркиндигинен ажыратуу түрүндө каралган. Эгерде жазанын максаттарын Кыргыз Республикасынын КЖКда белгиленген максаттар менен салыштырсак, алардын мазмуну бирдей экенин көрүүгө болот, бул алардын өз ара байланышта экендигин жана кылмыштуулук менен күрөшүүдө мамлекеттик саясаттын бирдиктүү милдеттерин тастыктайт [7].

Жазаны аткаруу мекемелери коомдогу кайрадан кылмыш жасоо коркунучун алдын алууга багытталган маанилүү социалдык милдеттерин аткарып келет. Бул мекемелердин ишинин натыйжалуулугу соттолгондор тарабынан белгиленген жүрүм-турум эрежелеринин жана нормаларынын сакталышына, ошондой эле эркиндигинен ажыратуу жайларындагы администрациянын мыйзамдуу талаптарын аткарууга көз каранды. Бирок, бул мекемелердин ишинин натыйжалуулугун кайрадан кылмыш жасоонун көрсөткүчү аркылуу баалоо көп учурда сынга кабылып келет [19]. Түзөтүү мекемелеринин натыйжалуулугун бир гана кайталануу кылмыштуулуктун деңгээли аркылуу

баалоо анын ишин тереңирээк жана комплекстүү талдоону талап кылат, анткени соттолгондордун жүрүм-турумуна социалдык жана психологиялык факторлор да таасир этет [20, 179-186 б.]. Белгилеп кетүү маанилүү, В.В. Лунеевдин туура белгилөөсү боюнча, кылмыштуулуктун төмөндөшүн кээде «кагаз жүзүндөгү» кыскаруу катары кароого болот, анткени бул көрүнүш криминогендик кырдаалдагы чыныгы өзгөрүүлөрдү толук чагылдырбайт [21, 299 б.]. Н.И. Брезгин жана башка изилдөөчүлөр да түзөтүү мекемелеринде орун алган жашыруун кылмыштуулуктун маанилүү ролун баса белгилешет. Жашыруун кылмыштуулук — бул мекемелерде орун алып, бирок расмий статистикада катталбай калган, иш жүзүндө болгон кылмыштардын жыйындысы [22, 65-66 б.].

Жашыруу кылмыштуулуктун деңгээли көп учурда эркиндигинен ажыратуу мекемелеринин реалдуу абалын баалоодо маанилүү фактор болуп саналат, анткени расмий катталбаган мыйзам бузуу учурлары мекемелердин коопсуздугуна жана алардын аткарган социалдык милдеттери милдеттерине чоң таасирин тийгизет. Жашыруун кылмыштар мекемелердеги чыныгы криминалдык кырдаалды жашырып, андагы көйгөйлөрдү жана кооптуулуктардын деңгээлин ачык көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Ошондой эле, жашыруун кылмыштуулуктун бар болушу кылмыштуулукка каршы күрөшүү жана түзөтүү мекемелериндеги башкаруу механизмдеринин ишин оптималдаштыруу боюнча кошумча аракеттерди талап кылат [22, 65-66 б.]. Жашыруун кылмыштарды ачыктоо жана аларды каттоо, мекемелердеги коопсуздукту жогорулатуу, соттолгондорду социалдык-укуктук жактан кайра калыптандыруу үчүн маанилүү кадамдардын бири болуп саналат.

Жашыруун кылмыштуулук эркиндигинен ажыратуу жайларындагы кылмыштуулукка каршы күрөштү татаалдаштыруучу олуттуу фактор болуп саналат. Соттолгондор тарабынан жасалган кылмыштар жогорку деңгээлдеги деструктивдүүлүккө жана коомдук кооптуулукка ээ. Администрациянын тартипти камсыздоого багытталган аракеттерине карабастан, кылмыштуу активдүүлүк азайбайт. Бул, биринчи кезекте, кылмышкерлердин өзгөчө

психологиясы жана алардын баалуулуктар тутумунун өзгөрүшү менен байланыштуу.

Ю.М. Антонян жана Е.Н. Колышницына [23; 24] жүргүзгөн изилдөөлөргө ылайык, түзөтүү мекемелеринде жасалган айрым кылмыштар, айрыкча, зордук-зомбулукка байланыштуу аракеттер, өтө кооптуу болуп саналат [23; 24]. Булардын ичинен, түзөтүү мекемелеринин кызматкерлерине карата зомбулук көрсөтүү жана соттолгондорду криминалдык субкультуранын талаптарына жана анын бейрасмий лидерлерине баш ийүүгө мажбурлоо аракеттери өзгөчө коркунуч туудурат.

Кылмыштуу субкультуранын таасири мекемедеги тартипти жана мыйзамдуулукту бузууга гана эмес, ошондой эле соттолгондордун социалдык адаптациясына жана оңолууга терс таасир тийгизет [25, 14-18 б.]. Криминалдык субкультуранын бейрасмий лидерлери тарабынан зордук-зомбулук жана кысым көрсөтүү көрүнүштөрү мекемелерде социалдык чөйрөнүн чыңалуусун жаратат [26, 23 б.]. Натыйжада, соттолгондордун көпчүлүгү бул субкултурага баш ийүүгө аргасыз болушат, бул болсо пенитенциардык тутумда кылмыштуулукту күчөтүүчү дагы бир факторго айланат. Түзөтүү мекемелериндеги кылмыштуулукка каршы күрөштө латенттик кылмыштуулукту ачыктоо жана анын деңгээлин төмөндөтүү боюнча иш-чаралардын комплекстүү системасын иштеп чыгуу зарыл [27, 70-73 б.]. Бул иш-аракеттер ЖАМдын эффективдүүлүгүн жогорулатып, коопсуздукту камсыздоого жана соттолгондордун кайра социалдашуу процессин жакшыртууга багытталган маанилүү кадамдар болуп саналат.

Зомбулук кылмыштуу жүрүм-турумдун бир бөлүгү катары эркиндигинен ажыратуу жайларындагы кылмыштуулукту калыптандырууда олуттуу орду бар. Бирок, кылмыштуулукту тек гана зомбулукка негизделген көрүнүш катары кароо туура эмес болмок. Зомбулук ЖАМдагы кылмыштуу жүрүм-турумдун кеңири тутумунун бир эле бөлүгүн түзөт, анткени бул тутум башка да мыйзам бузуу түрлөрүн камтыйт [28, 106-114 б.]. Мисалы, уурулук, коррупциялык

кылмыштар жана качып кетүү аракеттери сыяктуу кылмыштар да кеңири жайылган.

Жашыруун кылмыштуулуктун бар экенине жана аны аныктоодогу кыйынчылыктарга карабастан, расмий статистика ЖАМдагы кылмыштуулуктун негизги багыттарын аныктоого мүмкүнчүлүк берет [22, 65-66 б.]. Көпчүлүк учурда криминогендик абал оор болгон жайлар колония-поселениелер болуп саналат, анткени бул мекемелерде жасалган кылмыштарды жашыруу же башка укук бузуу катары көрсөтүү кыйыныраак [29, 23-26 б.]. Мындай мекемелерде администрация тарабынан өзгөчө көзөмөлдү күчөтүү жана соттолгондорго болгон талаптарды жогорулатуу зарыл.

Кыргыз Республикасындагы түзөтүү мекемелериндеги кылмыштуулук — бул татаал жана көп кырдуу көрүнүш, ал ар тараптуу изилдөөнү талап кылат. Башка мамлекеттердегидей эле, пенитенциардык кылмыштуулукка каршы күрөшүү үчүн укуктук чаралар менен гана чектелүү мүмкүн эмес [30, 222-224 б.]. Бул багытта социалдык, психологиялык жана маданий чаралардын да мааниси чоң, алар соттолгондорду кайрадан социалдаштырууга жана кайталануу кылмыштуулукту азайтууга багытталууга тийиш.

Кылмыштын коомдук коркунучу – бул жарандардын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына кылмыш-жаза мыйзамдары менен коргоого алынган баалуулуктарга зыян келтирүү же мындай зыян келтирүү коркунучун жаратуу [31, 172 б.]. Пенитенциардык кылмыштар өзгөчөлүктөрүнө карабастан, бул эрежеден тышкаркы эмес; алар дагы ушул кызыкчылыктарга зыян келтирет жана илимий адабиятта бул кылмыштар "өзгөчө кылмыштар" деп аталат. Бул түшүнүктү чечмелөө кеңири мүнөзгө ээ, жана көптөгөн изилдөөчүлөр кылмыштын коомдук коркунучун укуктук-кук жактан талдап, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына негизделген көз караштарды карманышат. Бул маанилүү аспект болгонуна карабастан, мындай классификация бул түрдөгү кылмыштуулуктун терең маңызын толук ачып бере албайт.

Кыргыз Республикасындагы түзөтүү мекемелеринде жасалган кылмыштардын өзгөчөлүгү өзгөчө мүнөзгө ээ. Коомдон бөлүнүү шарттарында

мыйзамсыз жүрүм-турумду өнүктүрүү үчүн социалдык жана психологиялык жагдайлар түзүлүп, бул кылмыштар эркиндикте жасалган мыйзам бузуу аракеттеринен айырмаланып турат. Ю.М. Антонян баса белгилегендей, "эркиндигинен ажыратуу жайларындагы кылмыштуу жүрүм-турум айрым учурларда, кандайдыр бир парадоксалдуу көрүнгөнү менен, кабыл алынуучу жана атүгүл максатка ылайыктуу" болушу мүмкүн [32, 49 б.]. Бул максаттуулук, мисалы, соттолгон адамдын укуктарын коргоо үчүн зарыл коргонуу институтун колдонууда көрүнө алат.

Тилекке каршы, мындай көз караш илимий талкууларда көп учурда көңүлдөн сырт калып келет. Бирок ал өзгөчө көңүл бурууну талап кылат, анткени соттолгондор дагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана адам укуктары боюнча эл аралык стандарттар менен бекитилген өз өмүрүн жана саламаттыгынын (ден соолугун) коргоо укугуна ээ экени ырасталган.

Эркиндигинен ажыратуу жайларында жасалган кылмыштар ар түрдүү коомдук коркунучтуулук деңгээлине ээ кеңири жосундарды, аракеттерди камтыйт. Көп учурда соттолгондордун кылмыштуу иш-аракеттери администрация же түзөтүү мекемелеринин кызматкерлери тарабынан режимди жана тартипти камсыздоого багытталган чараларга реакция катары пайда болот. Мисалы, зомбулук көрсөтүү же баш ийбөө сыяктуу аракеттер, соттолгондорго карата күч колдонуу чаралары колдонулган учурларда байкалат. Бул чаралар катарында тартипти бузгандарды кармоо, изоляцияга алуу, тыюу салынган буюмдарды алуу сыяктуу аракеттер бар. Айрыкча, эгерде соттолгондор алкоголь же баңги заттарынын таасиринде болсо, мындай чараларга карата каршылык көрсөтүү же кылмыштуу реакция жасоо ыктымалдыгы жогорулайт [34, 12-15 б.].

Мындай инциденттер көп учурда соттолгондордун укуктарынын бузулушу же ЖАМдын кызматкерлеринин ашыкча катаалдыгы менен шартталат. Дисциплинардык санкцияларды колдонууда кетирилген катачылыктар, мисалы, соттолгондорду айып изоляторуна (АИ) киргизүү же камера тибиндеги жайларга (КТЖ) өтө эле майда тартип бузуу үчүн которуу, соттолгондордун

каршы аракеттерине алып келиши мүмкүн. Изилдөөчүлөрдүн белгилешинче, эгерде соттолгондорго карата күч колдонууга негизделген ыкмалар басымдуулук кылса жана жаза чаралары алардын тартип бузуу деңгээлине туура келбесе, соттолгондор тараптан терс реакция сөзсүз түрдө пайда болот.

Соттолгондордун наразычылыгы көбүнчө жамааттык баш ийбөө, адепсиз жүрүм-турум же айрым учурларда массалык баш аламандыктар түрүндө көрүнөт. Мындай аракеттер алардын уюштуруучулары тарабынан дыкат пландалып, бул ЖАМ администрациясынын ишин андан бетер татаалдантат.

И.В. Каретников туура белгилегендей, түзөтүү мекемелеринин ишине кылмыштуулуктун жалпы себептеринин таасирин түшүнүү үчүн бир нече негизги факторлорду эске алуу зарыл. Биринчи кезекте, эркинен ажыратуу жайларындагы кылмыштуулук өлкөдөгү жалпы кылмыштуулуктун бир бөлүгү болуп саналат жана ошондуктан ал кылмыштуулуктун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүнө баш иет [35, 185 б.]. Бул, демек, социалдык-экономикалык, саясий жана маданий факторлордун түзөтүү мекемелеринин чегинен тышкаркы кылмыштуулукка тийгизген таасири ЖАМда орун алган кылмыштуу кырдаалга да таасирин тийгизет дегенди билдирет. Экинчиден, эркинен ажыратуу шарттарын, күчөтүлгөн көзөмөлдү жана түзөтүүчү таасир этүү чараларын эске алуу зарыл. Бул шарттар жалпы кылмыштуулуктун себептеринин соттолгондордун жүрүм-турумуна болгон таасирин азайтууга мүмкүндүк берет [36, 174 б.]. Пенитенциардык тутум атайын чөйрөнү түзөт, анда тышкы факторлордун таасири чектелип, бул чөйрө эркин коомдон өзгөчөлөнүп турат. Эркинен ажыратуу шарттары соттолгондорду коопсуз социалдык чөйрөдөн обочолонтууда, ал эми ЖАМ ички эрежелер жана көзөмөлдөр менен таасир этүүчү тутум катары кызмат кылат. Үчүнчүдөн, жалпы кылмыштуулукка түрткү болгон себептердин эркинен ажыратуу шартындагы соттолгондордун жүрүм-турумуна таасири кыйыр түрдө байкалат. Башкача айтканда, түзөтүү мекемелеринен тышкары орун алган социалдык процесстер пенитенциардык чөйрө аркылуу соттолгондорго таасир берип, алардын айрымдарында деструктивдүү тенденцияларды күчөтөт. Мындай шарттарда пенитенциардык

чөйрө кылмыштуулукка байланыштуу тышкы социалдык процесстер менен өз ара аракеттенип, айрым соттолгондордун жүрүм-турумунда коoптуу тенденцияларды күчөтүүгө шарт түзөт [36, 174 б.].

Бул факторлорду эске алуу түзөтүү мекемелериндеги кылмыштуулукка каршы натыйжалуу чараларды иштеп чыгууга өбөлгө түзөт.

Бул жерде дагы бир маанилүү тенденцияны белгилей кетүү керек: өзгөчө режимдеги колонияларда жалпы кылмыштардын саны салыштырмалуу төмөн болуп саналат. Бул өзгөчө режимдеги соттолгон контингенттин кылмыштуу аракеттерин жашыруу жана кылдат конспирациялоо тажрыйбасына ээ экендигин, ошондой эле кылмыштуулуктун жогорку деңгээлде жашыруун болушун, өндүрүштүк жана тиричилик жаракаттарына жазылып кетишин көрсөтөт. Көпчүлүк эксперттер жана изилдөөчүлөр ЖАМ статистикалык көрсөткүчтөрүнө этияттык менен мамиле кылуу зарылдыгын баса белгилешет. Мындай көз караштты укук коргоо уюмдары эле эмес, мамлекеттик органдар да колдойт. Мисалы, В.В. Устинов "укук коргоо органдары кылмыштуулукту "коздоо" менен алектенет: "кылмыштуу" айсбергдин көрүнүп турган бөлүгү гана – жалпы кылмыштардын 20-25% гана катталат" деп белгилеген [38].

Эгерде колдо бар статистикалык маалыматтарды талдап көрсөк, зомбулукка байланыштуу кылмыштуулук көрсөткүчтөрүнүн төмөндөгөндүгүн байкоого болот [38, 215-217 б]. Бирок, прокуратура тарабынан аныкталган жашыруун жана каттоого алынбаган кылмыштардын саны бул тенденцияга карама-каршы келип, кээ бир башка изилдөөлөр да бул көрүнүштү ырастайт [39, c89 б.].

М.П. Еремкиндин "... түзөтүү колонияларында жашыруун кылмыштуулуктун сакталышына бир нече негизги факторлор таасир этет: бул кылмыштардын айрым категорияларын ачууда кыйынчылыктар; алардын квалификациясынын татаалдыгы; мыйзамдагы кемчиликтер; ЖАМ кызматкерлеринин жетишсиз квалификациясы; кылмышкерлер үчүн жазанын сөзсүздүүлүгүнө ишенбөөчүлүк; кызматкерлер менен кылмышкерлердин ортосундагы өзгөчө мамилелер; кылмышкерлер тарабынан жасалган коркутуулардан коркуу; жана

жабырлануучунун өзүнүн жагымсыз жүрүм-туруму жана башка себептер" деген пикирин толугу менен бөлүшөбүз [40, 80 б.].

Бул себептер укук коргоо органдары жана жаза аткаруу мекемелеринин кызматкерлери кылмыштарды иликтөөдө жана алдын алууда туш болгон татаал көйгөйлөрдүн жыйындысын көрсөтөт. Кылмыштарды ачыктоо татаалдыгы ЖАМдын жабык чөйрөсү менен байланыштуу, анткени бул жерде соттолгондор кылмыш аракеттеринин изин эффективдүү жашырып, ички маалыматка жетүүнүн кыйынчылыктарынан пайдаланышат. Кылмыштарды квалификациялоо көйгөйлөрү да кыйынчылык жаратат, анткени зомбулук же башка кылмыштуу аракеттерде ачык далилдердин жоктугу, айрыкча, бул аракеттер тиричилик инциденттери катары маскаланса, алардын мүнөздөмөлөрүн аныктоону бир топ татаалдаштырат.

Мыйзамдык жөнгө салуудагы кемчиликтер жана квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги жашыруун кылмыштуулуктун өнүгүшүндө маанилүү фактор болуп саналат. Мыйзамдагы боштуктар жана нормативдик базанын кемчиликтери кээ бир кызматкерлердин манипуляцияга туш болушуна шарт түзөт, ал эми кызматкерлердин жетиштүү деңгээлде даярдалбагандыгы алардын кылмыштарды аныктоо жана алдын алуу ишинде натыйжасыздыкка алып келет. Ошондой эле, кылмышкерлердин жазага тартыларына болгон ишенимдин жоктугу кызматкерлердин кылмыштуулукка каршы активдүү күрөшүүгө болгон түрткүсүн азайтат. Бул жагдайлар кызматкерлердин кылмыштарды жашыруу жана каршы күрөштө кайдыгер мамиле кылуусуна түрткү берет.

Кызматкерлер менен соттолгондордун ортосундагы жеке жана бейрасмий мамилелер дагы бир олуттуу көйгөйдү жаратат. Айрым учурларда кызматкерлер менен соттолгондордун ортосундагы бул бейрасмий мамилелер кызматкерлерди соттолгондор тарабынан жасалган манипуляцияларга жана коркутууларга ачык калтырат, бул болсо кызматкерлерди кылмыштуулукту жашырууга же мыйзамсыз аракеттерди көз жаздымда калтырууга мажбур кылат. Коркутуулар жана репрессиялар коркуу сезимин жаратып,

кызматкерлердин өз милдеттерин аткарууда чектелген мамиле кылуусуна шарт түзөт.

Ошондой эле, айрым учурларда жабырлануучулардын өздөрүнүн адепсиз жүрүм-туруму жаңжалдарга алып келип, мыйзамсыз иш-аракеттерге катышуусуна себеп болушу мүмкүн. Бул жагдайлар укуктук баа берүүнү жана тиешелүү чараларды көрүүнү татаалдаштырат, анткени айрым учурларда жабырлануучулар өздөрү кылмыштуу окуяларды козгогон тарап болуп калышы ыктымал.

Ошентип, түзөтүү мекемелериндеги жашыруун кылмыштуулук бул чөйрөнүн өзгөчө шарттарынан келип чыккан көп кырдуу көйгөйлөрдүн жыйындысы катары калыптанат. Жашыруун кылмыштуулукту азайтуу жана бул чөйрөдөгү ачык-айкындуулукту камсыздоо үчүн ар тараптуу анализ жүргүзүү жана түзөтүү мекемелериндеги көзөмөлдү күчөтүүчү комплекстүү чараларды иштеп чыгуу зарыл [40, 80 б.].

Түзөтүү мекемелеринде режимдин бузулушу кылмыштуулук көрсөткүчтөрүнө олуттуу таасир этет жана соттолгондор менен кызматкерлер арасында кооптуу кырдаалдардын жаралышын шарттайт. Мындай режимдик бузуулардын ичинен эң олуттуусу соттолгондордун спирт ичимдиктерин, баңгизаттарды жана психотроптук заттарды колдонушу, ошондой эле ар кандай дары-дармек препараттарын колдонуусу болуп саналат. Мындан тышкары, кол салуу же кесүү үчүн колдонулуучу курал-жарактарга, кээде атүгүл ок атуучу куралдарга жетүү мүмкүнчүлүгү түзөтүү мекемелериндеги коркунуч деңгээлин бир топ жогорулатат. Түзөтүү колонияларынын аймагына тыюу салынган буюмдардын кирүүсү соттолгондор арасында гана эмес, соттолгондор менен кызматкерлердин ортосунда да жаңжалдарга жана чыңалууларга алып келет.

Алкоголдук мас абалында жасалган кылмыштардын статистикасы бул көйгөйдүн масштабын көрсөтүп турат. Маалыматтарга ылайык, бардык кылмыштардын 48,1% спирт ичимдиктеринин таасири астында жасалат, бул эркинен ажыратуу жайларында спирт ичимдиктерине жетүүнүн олуттуу көйгөй экенин баса белгилейт. Тыюу салынган буюмдардын мекеме аймагына

киргизилиши ар кандай ыкмаларды камтыйт. Салттуу ыкмалардын катарына соттолгондорго берилүүчү азык-түлүк, китеп, кийим-кече аркылуу алкоголдук ичимдиктерди, баңгизаттарды жана башка тыюу салынган буюмдарды өткөрүү кирет. Ошондой эле, тыюу салынган буюмдарды колониянын тосмосунан өткөрүп берүү же мекеменин чегинен тышкаркы аймакта иштеген соттолгондор аркылуу берүү сыяктуу ыкмалар да кеңири колдонулат. Айрыкча, мекеме кызматкерлери менен соттолгондордун ортосундагы мыйзамсыз байланыштар кооптонууну жаратат. Соттолгондор кызматкерлерди сатып алуу аркылуу тыюу салынган буюмдардын ири көлөмүн алышат, бул болсо түзөтүү мекемелериндеги коопсуздукка олуттуу коркунуч жаратат. Мындан тышкары, соттолгондордун арасында уюлдук телефондордун жайылышы чоң көйгөйгө айланып, бул телефондор соттолгондорго бир эле мекемеде эмес, ар түрдүү колониялар арасында өз иш-аракеттерин координациялоого мүмкүнчүлүк берип жатат. Бул кылмыштуу активдүүлүктүн күчөшүнө алып келип, бир нече түзөтүү мекемелериндеги кырдаалдын дестабилдешүүсүнө да шарт түзүүдө.

Жашыруун кылмыштуулук кылмыштарды өз убагында аныктоо жана иликтөөнү татаалдаштырып, жаза аткаруу мекемелериндеги зомбулук аракеттеринин чыныгы масштабын жашырууга шарт түзөт. Иш куралы катары колдонулган айрым буюмдардын куралга айланып кетүүсү мекеме администрациясы тарабынан кыйла катуу көзөмөлдү талап кылат. Бул чаралар соттолгондордун өндүрүштүк ишмердүүлүгүн тыкыр көзөмөлдөөнү гана эмес, кооптуу инструменттерге жетүү мүмкүнчүлүгүн чектөөнү камсыздоо үчүн алдын алуу чараларын күчөтүүнү да камтыйт. Бул көйгөйлөрдү жоюу зомбулукка байланыштуу кылмыштуулук деңгээлин төмөндөтүп, соттолгондор жана кызматкерлер арасында коопсуздукту жогорулатууга өбөлгө түзөт [41, 34-37 б.]. Мындай катаал чаралардын зарылдыгы «...кылмышты туура баалоонун объективдүү мүмкүнчүлүгүнүн чектелгендигине» байланыштуу [42, 69 б.].

Бул жагдайлар тергөө жана алдын ала иликтөө органдарынан бул категориядагы иштерди иликтөөдө өзгөчө ыкманы талап кылат, бул иштин экинчи бөлүмүндө кененирээк каралат. Көйгөйлөрдүн бири – тыюу салынган

буюмдарды даярдоо жана колдонуу шарттарын так аныктоо, ошондой эле пенитенциардык тутумдун жабык шартында тергөө иштеринин толук ачык-айкындуулугун камсыздоо болуп саналат.

Зомбулукка байланыштуу кылмыштардын жасалган жерин криминалистикалык жана криминологиялык өңүттөн талдоонун маанилүүлүгү менен катар, алардын жасалган убактысын изилдөө да абдан маанилүү [8, 340 б.]. Кылмыштардын жасалуучу убактысы бир катар факторлорго, мисалы, мекеменин күн тартибине, соттолгондор менен кызматкерлердин өз ара карым-катнашынын интенсивдүүлүгүнө, ошондой эле пенитенциардык тутумдун ичинде орун алган социалдык жана кылмыштуулукка байланыштуу динамикаларга жараша өзгөрүп турушу мүмкүн. Кылмыштардын жасалган убактысы көбүнчө мекеменин режиминде көзөмөлдүн төмөндөшү же соттолгондорго кылмыштуу ниеттерин ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн берүүчү мажбурдуу учурларды чагылдырат. Ошентип, кылмыш жасалган жерди жана убакытты комплекстүү анализдөө түзөтүү мекемелериндеги кылмыштуу активдүүлүктүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн жакшыраак түшүнүүгө шарт түзөт. Бул өз кезегинде алдын алуу жана реакция жасоо боюнча натыйжалуу чараларды иштеп чыгууга өбөлгө болот, ошондой эле мекеменин жалпы коопсуздук тутумун жакшыртууга салым кошот.

Изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына таянсак, Жаза аткаруу мекемелеринин (ЖАМ) администрациясынын талаптарына карата соттолгондордун туруктуу баш ийбөөчүлүгү, негизинен, эртең менен жана күндүзгү убакытта көбүрөөк кездешет, бул убакытта жалпы тартипти бузган учурлардын 85,7%ы катталгандыгы менен тастыкталат. Бул убакыт администрациянын активдүү иш жүргүзгөн мезгили болгондуктан, соттолгондор өздөрүнүн нааразычылыктарын жана тартипке карата каршы аракеттерин көрсөтө алышат. Ал эми качып кетүү аракеттери түн ичинде көбүрөөк жасалат (70,7%), бул мезгилде персоналдын көзөмөлү начарлагандыгы жана кылмыштын изин жашыруу үчүн түнкү убакыттан пайдалануу мүмкүнчүлүгү бар экендиги менен түшүндүрүлөт. Түн

ичинде качкындарды аныктоо ыктымалдыгы кыйла төмөндөп, бул убакытты качып кетүү үчүн ыңгайлуу мезгилге айландырат [43].

Жеке адамдарга карата зомбулук кылмыштары болсо, негизинен, кечки убакыттан таңга чейин (68%) жасалат [43]. Бул убакыт аралыгы соттолгондордун үстүнөн көзөмөл жана персоналдын активдүүлүгү азайган мезгил менен байланыштуу, бул убакытта күндүн ичинде топтолгон жеке келишпестиктерди чечүү үчүн соттолгондордо көбүрөөк мүмкүнчүлүктөр пайда болот. Персоналдын көзөмөлү азайган шарттарда жана администрациянын активдүүлүгү төмөндөгөн учурларда соттолгондор өз ара болгон пикир келишпестиктерди зомбулук аркылуу чечүүгө ыкташат.

Жылдын ар кандай мезгилдеринин зомбулукка байланыштуу кылмыштарга таасири анчалык чоң эмес деп эсептейбиз. Ар кандай изилдөөчүлөр тарабынан келтирилген маалыматтар бул суроого карама-каршы жыйынтыктарды көрсөтөт. Мисалы, Р.Е. Жансараеванын маалыматы боюнча, кылмыштардын 33,4 жайында, 29,6% жазында, ал эми кыш жана күз мезгилдеринде бирдей – ар биринде 18,5% кылмыштар катталат [44]. Бул маалыматтар сезондук өзгөрүүлөр зомбулук кылмыштуулук деңгээлине олуттуу таасир этпей тургандыгын, жана мындай кылмыштар жыл ичинде салыштырмалуу туруктуу санда болорун көрсөтөт.

Ошентип, ЖАМдагы кылмыштардын убакыттык мүнөздөмөлөрү соттолгондордун кылмыштуу активдүүлүгүн түшүнүүдө маанилүү ролду ойнойт, бирок сезондук факторлор зомбулукка байланыштуу кылмыштардын динамикасына анчалык чоң таасир тийгизбейт [45, 89 б.]. Ал эми А.П. Слеповдун изилдөөсүнө ылайык, соттолгондордун кылмыштуу зомбулугу күзүндө күчөп – 31,8%га жетип, жайында эң төмөнкү көрсөткүчтү – 18,2% көрсөтөт, жазында бул көрсөткүч 27,3%, ал эми кышында 22,7% түзөт [46, 71 б.].

Шексиз, соттолгондор тарабынан жасалган жеке адамга карата зомбулук кылмыштарында орун алган негизги факторлор — кылмыштын жасалган жери, убактысы жана аны коштогон жагдайлар — криминалистикалык жана

криминологиялык анализ жүргүзүүдө маанилүү. Бул факторлор кылмыштын табиятына жана аны жасаган адамдардын ниеттерин тереңирээк түшүнүүгө шарт түзөт. Мисалы, кылмыштын убактысы соттолгондордун жүрүм-турумундагы үлгүлөрдү жана мекеменин ички режимине ылайык кылмыштардын кандай учурда жасаларын көрсөтөт. Жасалган жер болсо, кылмыштын кандай шарттарда жана мекеменин кайсы бөлүгүндө орун алгандыгын аныктоого жардам берет.

Ошентсе да, бул факторлор кылмыш-жаза укугунда түздөн-түз юридикалык мааниге ээ эмес, себеби алар кылмышты квалификациялоо же ага жаза белгилөөдө негизги роль ойнобойт. Бирок, кылмыштын жасалуу ыкмасы кээ бир учурларда чоң мааниге ээ болуп, анын укуктук баасын тактоодо өзгөчө ролду ойнойт [17, 151-155 б.]. Кылмыш жасоо ыкмасы кылмыштын курамдык белгилерин аныктоодо маанилүү болуп, ошондой эле анын оордук даражасына таасир тийгизет. Зомбулук жасоо ыкмасы, айрыкча, кылмышты квалификациялоодо кылмышты кайсы категорияга киргизүү, анын оордугун аныктоо жана ошого жараша катаал же жеңилдетилген жаза белгилөө жагынан чечүүчү фактор болушу мүмкүн. Мисалы, белгилүү бир ыкма менен жасалган зомбулук аракеттери сот тарабынан катаал кылмыш катары каралып, тиешелүү жаза каралышы ыктымал. Ошондой эле, эгерде зомбулук көрсөтүүдө атайын ыкмаларды колдонуп, алдын ала пландоо же даярдануу болсо, бул кылмыштын уюшкандык менен жасалгандыгын көрсөтүп, ага карата жазанын катуулугун белгилөөгө себепчи болот. Мындай жагдайда кылмыш жасоонун ыкмасы сотко кылмышты туура жана адилеттүү баалоого, анын коомдук коркунучтуулук даражасын аныктоого жана натыйжада жазаны адекваттуу түрдө тандоого мүмкүндүк берет.

Эгерде соттолгондор тарабынан жасалган өлтүрүүлөр же оор жаракат келтирүүлөрдү эркинен ажыратуу жайында болуу мезгилине жараша карасак, айрым илимпоздордун изилдөөлөрүнүн жыйынтыгына ылайык, мындай кылмыштардын көбү соттолгон адамдын мекемеде алгачкы болуу мезгилинде жасалат. Мындай жаңы шарттарда, соттолгондорго атайын социалдык

ролдорду аткарууга жана түрмө чөйрөсүндөгү мыйзамсыз тартиптерге баш ийүүгө мажбурлануу коркунучу бар. Бул мезгилде айрым соттолгондор өзүнүн позициясын бекемдөө үчүн катаал чараларды колдонууга, ал тургай, зомбулук жана коркутуу аркылуу өз ордун коргоого да барышы мүмкүн. Мекемеге жаңы келген соттолгондор өздөрүнүн коопсуздугун камсыздоо жана кысымдардан коргонуу максатында, айрым учурларда өзүн коргоо же өзүнүн таасирин көрсөтүү үчүн кылмыштуу аракеттерди жасоого мажбур болушат.

Жаңыдан киргизилген социалдык эрежелер жана бейрасмий лидерлер менен болгон өз ара аракеттер соттолгондорду эркиндиктеги мамилелерден кескин айырмаланган катаал шарттарга алып келет. Бул мезгилде алардын психологиялык чыңалуусу жогору болуп, ички коркуу жана коргонуу инстинкттери күчөп, алар өз абалын бекемдөө же коргоо үчүн активдүү аракеттерди жасашы мүмкүн.

Соттолгондордун түзөтүү мекемелериндеги алгачкы мезгили жаңы социалдык ролдорду аныктоо, бейрасмий лидерлер менен өз ара мамилелерди түзүү жана катаал пенитенциардык чөйрөдө аман калуу үчүн күрөшүү менен мүнөздөлөт. Бул убакта соттолгондор башка соттолгондор тарабынан зордук-зомбулукка дуушар болушу же өздөрүнүн статусун бекемдөө же коргонуу үчүн зомбулук аракеттерине баруу коркунучуна туш болушат. Ошентип, бул убакыт фактору түздөн-түз юридикалык мааниге ээ болбосо да, жаза аткаруу мекемелериндеги кылмыштуу кырдаалга олуттуу таасирин тийгизет [47, 90-91 б.; 48, 13 б.].

Айта кетүү керек, бул маалыматтар отуз жыл мурунку изилдөөлөргө таянса да, заманбап окумуштуулар алардын актуалдуулугун тастыкташууда, жана бул өз изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары аркылуу далилденген. Бул жагдай, мыйзамдардагы жана пенитенциардык тутумдагы өзгөрүүлөргө карабастан, жаза аткаруу мекемелериндеги чыр-чатактардын жана зомбулук кылмыштарынын мүнөзү өзгөрүүсүз калганын айгинелейт.

Айрым окумуштуулардын изилдөөлөрүнө ылайык, ЖАМда өзгөчө контингент арасындагы чыр-чатактардын деңгээли соттолгондордун соттолуу

санына түздөн-түз көз каранды. Мисалы, эркинен ажыратуу жайларында жаза өтөп жаткан жаңы соттолгондор арасында чыр-чатактар 15,6% учурларда байкалат, бул алардын пенитенциардык тутумдагы тажрыйбасынын жоктугу жана жаңы келген соттолгондордун көйгөйлөрдү чечүүгө болгон умтулуулары менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Жаза мөөнөтүн экинчи жолу өтөп жаткан соттолгондордун чыр-чатакка кирүү деңгээли төмөндөп, 7%ды гана түзөт. Бул экинчи жолу соттолгон адамдар түрмө шарттарына жана чөйрөсүнө мурда эле ылайыкташып, алардын чыр-чатакка кирүү мүмкүнчүлүгү азайганын көрсөтөт. Бирок үчүнчү жолу соттолгондор арасында чыр-чатактардын деңгээли 9,1%га жогорулайт. Бул пенитенциардык тутумда көп жолу болуу криминалдык тажрыйбанын топтолушуна жана соттолгондордун агрессивдүүлүгүнүн күчөшүнө алып келиши мүмкүн экендигин көрсөтөт. Ал эми төртүнчү жолу соттолгондордун чыр-чатакка катышуу деңгээли кайрадан 7,5%га төмөндөйт. Бул соттолгондордун пенитенциардык тутумга көнүп, бир нече ирет кайтып келгендер социалдык обочолонуу абалында болушу мүмкүн экендиги менен байланыштуу болушу мүмкүн. Бул маалыматтар соттолгондордун чыр-чатакка жана зомбулукка болгон ыктымалдыгы туруктуу эмес экендигин, соттолгон учурлардын санына жана эркинен ажыратуу жайларында өткөрүлгөн убакытка жараша өзгөрүп турарын көрсөтөт [49, 182 б.]. Чыр-чатактардын болжол менен 5%ы соттолгондордун кылмыш жасашы же олуттуу укук бузуулар менен коштолот. Мындай конфликттердин эң жогорку үлүшү катуу жана өзгөчө режимдеги жаза өтөө жайларында байкалып, ал жерде бардык чыр-чатактардын 35%ын түзөт [49, 184 б.].

Пенитенциардык кылмыштардын жасалган жеринин өзгөчөлүгү чоң мааниге ээ. Эркинен ажыратуу жайларынын чектелген мейкиндиги бул шарттарда өзгөчө кылмыштардын пайда болушуна алып келет жана кылмыштуу аракеттердин түрлөрүн кеңейтүүгө же тескерисинче чектөөгө таасир этет. Мисалы, эркек соттолгондор арасында орун алган актылар пенитенциардык субкультуранын таасири жана администрация тарабынан жетишсиз көзөмөл жүргүзүүнүн натыйжасы катары каралышы мүмкүн. Мындай өзгөчө

кылмыштарды классификациялоодо мекеме ичиндеги социалдык динамика жана криминалдык субкультура чоң ролду ойнойт. ЖАМда жасалган кылмыштарды классификациялоодо бир нече маанилүү критерийлерди эске алуу зарыл. Биринчиден, мындай классификация кылмыш-жаза укугунун тиешелүү ченемдерин жана бул категориядагы иштерди жөнгө салуучу укуктук жоболорду камтышы керек. Бул жоболор кылмыштарды квалификациялоодо мыйзамдын так сакталышын камсыздайт жана кылмыштардын кылмыш-жаза укуктук алкактарда каралышын жеңилдетет. Экинчиден, классификация кылмыштын структурасын так түшүнүүгө жардам бере турган криминалистикалык жана укуктук критерийлердин айкалышына негизделиши керек. Мындай системалуу мамиле ЖАМдагы кылмыштардын өзгөчөлүктөрүн илимий негизде изилдөөгө жана алардын түзүмүн аныктоого мүмкүндүк берет. Классификациянын негизинде буга чейин түзүлгөн илимий изилдөөлөр жана илимий коомчулук тарабынан таанылган жалпы кылмыштуулукка карата классификациялык ыкмалар жатышы керек. Бирок, пенитенциардык тутумдагы кылмыштуу аракеттердин өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл. Бул чөйрөдө негизги күч катары конфликттер жана криминалдык субкультуранын таасири иштейт, анткени бул шарттарда соттолгондор арасында ички эрежелер жана бейрасмий иерархиялар маанилүү орунду ээлейт.

Ошентип, жогорулардын жыйындысынан, бул бөлүмгө тийиштуу төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

**1.** Бир катар факторлордун таасири менен пенитенциардык кылмыштуулук сапаттык өзгөрүүлөргө дуушар болуп жаткандыгы негизделген. Бул өзгөрүүлөр төмөнкү аспекттерди камтыйт: *1)* ЖАМдагы криминалдык активдүүлүк**:** акыркы 10-15 жыл ичиндеги заманбап тенденциялар ЖАМдагы кылмыштуу аракеттерге олуттуу таасирин тийгизди. Бул өз кезегинде кылмыштуу топтордун курамына жана алардын колдонгон ыкмаларына, кылмыш жасоонун жаңы формаларына таасир берип, алардын таасири ЖАМдын чегинен чыгып кетет; *2)* криминалдык иерархиянын өзгөрүүсү**:** акыркы 15-20 жылда кылмыш дүйнөсүндө жаңы муундагы криминалдык авторитеттер жетекчилик ролду

ээлей баштады. Мурдагы лидерлерге караганда, бул авторитеттер мамлекеттик бийлик органдарына жигердүү таасир көрсөтүүгө умтулуп, бул үчүн төмөнкү ыкмаларды колдонушат: а) өздөрүнүн тарапташтарын мамлекеттик түзүмдөргө жайгаштыруу же алар менен кызматташуу аркылуу буюртма өлтүрүүлөр сыяктуу ар кандай кызматтарды көрсөтүүгө келишимдер түзүү; б) укук коргоо жана жаза аткаруу органдарынын кызматкерлерин пара берүү же буйрутма тапшырмаларды аткартуу жолу менен өздөрүнө тартуу; в) коррупциялашкан бийлик органдарына таасир көрсөтүп, өздөрүнө пайдалуу чечимдерди, анын ичинде айрым соттолгон топторго амнистия жарыялоо чечимдерин кабыл алдырууга умтулуу; г) ири өнөр жай жана коммерциялык корпорациялардын «бейрасмий» негиздөөчүлөрү же жадагалса ээлери катары чыгып, өз кызыкчылыктарын коргоо; *3)* түзөтүү мекемелеринин администрациясына каршы уюштурулган кылмыштар: мындай кылмыштарды уюштурган топтордун башчыларынын күнөөсүн далилдөө абдан кыйын, анткени бул аракеттерди көбүнчө «бригадирлер» же «жолдоштор» аткарышат, алар уюшкан топтун мүчөлөрү болгондуктан, көрсөтмө берүүдөн баш тартышат. Ушундай эле кырдаал башка соттолгон топтордо да байкалат; *4)* түзөтүү мекемелериндеги уюшкан топтордун мүнөздөмөлөрү: Бул топтордун мүчөлөрү, адатта, кесипкөй кылмышкерлердин сапаттарына ээ. Мындай кылмыштуу түзүмдөрдүн деңгээлин жана мүнөзүн соттолгондордо болгон материалдык баалуулуктар, баңги заттары, курал-жарактар жана байланыш каражаттары сыяктуу тыюу салынган буюмдардын болушу менен баалоого болот; *5)* материалдык ресурстар менен камсыздоо: бул уюшкан топтор чоң көлөмдөгү материалдык ресурстарга ээ болушат, анын ичинде башка соттолгондордон тартып алынган каражаттар да бар. Бул ресурстарды колдонуп, алар түзөтүү мекемелеринин кызматкерлерин жана укук коргоо органдарынын оперативдүү персоналын өздөрүнүн кылмыштуу иштерине тартууга жетишишет, бул болсо аларга өз позицияларын күчөтүүгө шарт түзөт; *6)* транснационалдык байланыштардын күчөшү: кылмыштуу топтордун ар түрдүү деңгээлдерде башка өлкөлөр менен байланышы күчөп бара жатат. Бул тенденция уюшкан

кылмыштуулук өзүнүн позицияларын эл аралык деңгээлде чыңдап жатканын көрсөтөт; *7)* рецидивисттердин көп саны: эркинен ажыратуу жайларында кылмыш жасоого ыктаган рецидивисттер барган сайын өздөрүн коопсуз сезишет. Бул ишеним түрмө чөйрөсүндөгү жазылбаган эрежелерге жана лидерлердин коргоо мүмкүнчүлүктөрүнө негизделген. Жыйынтыгында, барымтага алуу, буйрутма өлтүрүү, уюшкан алдамчылык сыяктуу кылмыштар традицияга айланып калды; *8)* криминалдык активдүүлүктүн жогорулашы: барган сайын кылмыштуулукка жигердүү тартылган адамдар көбөйүүдө. Алар кылмыштуу пландарын ишке ашыруу үчүн кылдат даярдыктарды көрүшөт жана кылмыш жасоого ыңгайлуу шарттарды түзүүгө умтулушат. Бул адамдар кылмыштуу аракеттерин жашыруун жана пландуу түрдө аткарышат, ошондой эле кылмыш жасоонун ыкмаларын кырдаалга жараша тандап алышат. Жазасын өтөп жаткан адамдардын жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша кылмыштуу топко мүчөлөрдү тандоо, керектүү учурда башка топтордун мүчөлөрүнүн жардамын колдонуу менен кылмыштарды ишке ашыруунун татаал механизмдери иштелип чыгат. Бул факторлор пенитенциардык кылмыштуулукка каршы күрөштү кыйындатат жана комплекстүү ыкмаларды талап кылат.

**2.** ЖАМда жасалган кылмыштарды дифференциациялоодо төмөнкү негизги принциптерге таянуу эң туура ыкма деп эсептейбиз. *Биринчиден*, мындай классификация кылмыш-жаза укугун жөнгө салуучу ченемдерге негизделиши керек, анткени бул ченемдер кылмыштарды укуктук негизде талдоого жана квалификациялоого мүмкүндүк берет. Кылмыш-жаза укуктук нормалардын негизинде классификация түзүү, бул категориядагы кылмыштарды так жана калыс баалоого өбөлгө түзөт. *Экинчиден*, криминалистикалык жана укуктук критерийлердин айкалышын камсыздоо өтө маанилүү. Мындай гармониялуу айкалыш кылмыштардын негизги элементтерин, түзүмүн жана өзгөчөлүктөрүн кеңири түшүнүүгө жардам берип, пенитенциардык кылмыштуулуктун мүнөзүн, анын укуктук жана социалдык-психологиялык аспекттерин эске алуу менен жалпыга жеткиликтүү кылат. Бул өз ара байланыш кылмыштардын бейрасмий иерархияда кандай формада өнүгөрүн, социалдык шарттарга кандай таасир

этерин да ачык-айкын көрсөтөт. *Үчүнчүдөн,* дифференциациянын негизинде илимий коомчулук тарабынан кеңири таанылган классификациялык ыкмалар турушу керек. Мындай ыкмалар теоретикалык негиздүүлүктү камсыздап, иш жүзүндө колдонууга ыңгайлуу шарттарды түзөт. Муну менен катар, пенитенциардык чөйрөнүн өзгөчөлүктөрүн да эске алуу абдан маанилүү. Бул мекемелердеги кылмыштуулукка социалдык-психологиялык факторлор, айрыкча, жеке адамдар ортосундагы кагылышуулар жана криминалдык субкультуранын таасири олуттуу деңгээлде таасир этет. Бул факторлор кылмыштуулукка кошумча түрткү берүүчү маанилүү күч катары каралат. *Төртүнчүдөн*, мындай кылмыштарды классификациялоодо пенитенциардык кылмыштуулуктун белгилүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл. Кылмыштардын жамааттык же топтук мүнөздө болушу, кылмышка катышкан тараптардын ролдору, ошондой эле кылмыштарды жасоо ыкмалары жана ыкмалары сыяктуу ар кандай аспекттерди кошумча эске алуу керек. Бул жерде ЖАМдан тышкаркы кызыкдар тараптардын кылмыш иштерине тиешеси бар учурлар да мааниге ээ. Мындан тышкары, кылмыш жасалган объекттер жана алардын мүнөзү менен түздөн-түз байланышкан мазмундук компоненттер да чоң мааниге ээ.

**3.** Пенитенциардык кылмыштуулукту мүнөздөгөн негизги компоненттер төмөнкүлөрдөн турат: 1) Пенитенциардык кылмыштуулук – бул жалпы кылмыштуулуктун ажырагыс бөлүгү катары эсептелген, өзгөчө жана уникалдуу феномен. Анын өзгөчөлүгү коомдон обочолонуу жана эркинен ажыратуу жайларында жаза өтөө шарттары менен тыгыз байланышта. Бул кылмыштар генетикалык жактан пенитенциардык шарттарга байланып, аталган шарттарга тиешеси жок кылмыштар бул категорияга киргизилбейт. 2) Пенитенциардык кылмыштуулуктун автономдуу жана өзгөчө мүнөзү анын криминалистика илиминдеги өз алдынча изилдөө объектиси катары статусун бекемдейт. Бул өзгөчөлүк пенитенциардык кылмыштуулукту өзүнчө криминалистикалык багыт катары бөлүп кароого негиз берип, кылмыштардын атайын факторлорду, ыкмаларды жана методдорду колдонуу менен жасалышын жана изоляция

шартында болуп өтүшүн талдоого жана иликтөөгө шарт түзөт. 3) Пенитенциардык кылмыштуулуктун түзүмүндө айрым кылмыштардын өзгөчө түрлөрү айырмаланып турат. Булар эркинен ажыратылган соттолгондор үчүн гана мүнөздүү кылмыштар болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын КЖКда айрым беренелери менен жөнгө салынат. Бул кылмыштар жаза өтөө шарттарында түптөлгөн өзгөчө мүнөзгө ээ болуп, пенитенциардык изилдөөлөрдүн алкагында өзгөчө көңүл бурууга татыктуу. 4) ЖАМда жасалган ар кандай кылмыштарды карап жатып, илим жана практика "пенитенциардык кылмыштуулук" жана "пенитенциардык кылмыш" деген түшүнүктөрдү так айырмалоого милдеттүү. Эркинен ажыратуу жайларында жасалган жалпы кылмыштар пенитенциардык кылмыштуулукка кириши мүмкүн, бирок алар "пенитенциардык кылмыштар" түшүнүгүнүн тар маанисине кирбейт. 5) Жаза аткаруу процесси учурунда келип чыккан карама-каршылыктар пенитенциардык кылмыштуулуктун негизги себепкер факторлорунун бири катары каралат. Бул карама-каршылыктар изоляция шарттарында жана катуу режимде пайда болуп, өзгөчө криминогендик чөйрө түзөт жана кылдат криминалистикалык талдоону талап кылат. Мына ушундай шарттарда пенитенциардык кылмыштуулук – бул өзгөчө уникалдуу жана көп катмарлуу феномен. Бул жаза аткаруу мекемелеринин уникалдуу шарттарында пайда болгон жана кылмыштуулукка каршы натыйжалуу чараларды иштеп чыгуу үчүн кылдат илимий криминалистикалык изилдөөнү талап кылган татаал жана коркунучтуу кылмыштардын жыйындысы.

**4.** Далилденди: 1) Эркинен ажыратуу жайларындагы кылмыштуулук комплекстүү мүнөзгө ээ жана анын табияты пенитенциардык тутумдагы ички факторлор менен эле эмес, кеңири социалдык процесстер менен да аныкталат. Ошондуктан, Кыргыз Республикасындагы жаза аткаруу мекемелеринде кылмыштуулукка каршы натыйжалуу чараларды көрүү үчүн укуктук аспекттер менен катар криминалистикалык, криминологиялык, социалдык жана психологиялык факторлорду да эске алуу зарыл. 2) Учурдагы укук колдонуу практикаларын кайра карап чыгуу зарыл, себеби соттолгондор тарабынан

жасалган кылмыштардын мүнөзү өзгөрүп жатат. Бул өзгөрүүлөрдү эске алуу, түрмөлөрдө чыр-чатактардын деңгээлин төмөндөтүп, кылмыштуу аракеттердин тобокелин минималдаштырууга жардам берет. 3) Түрмө шарттарында кылмыштуулукка каршы күрөштүн натыйжалуулугун жогорулатууда комплекстүү ыкма өтө маанилүү. Бардык деңгээлдерде, соттолгондор жана ЖАМ кызматкерлери ортосундагы өз ара аракеттенүүлөрдү камтыган комплекстүү мамиле коопсуздукту камсыздоодо жана кылмыштуулукту алдын алууда эң эффективдүү ыкма болуп саналат. 4) ЖАМдагы кылмыштуулукту ар тараптуу жана комплекстүү криминалистикалык изилдөө жүргүзүү гана, бул багыттагы натыйжалуу иликтөө жана кылмыш ишин ачуу механизмин иштеп чыгуу үчүн бекем илимий негиз болуп калышы керек жана зарыл. Бул изилдөө ЖАМдагы соттолгондордун мыйзамдуу жана мыйзамсыз аракеттеринин ортосундагы күрөштү, ошондой эле жаза аткаруу мекемелеринин жана укук коргоо мамилелеринин алкагында иштелип жаткандыгын эске алуу менен жүргүзүлүшү керек, анткени бул факторлор бул көрүнүшкө кошумча укуктук жана социалдык маанилүүлүктү кошот.

**5.** Пенитенциардык кылмыштуулуктун өзгөчөлүктөрүн талдоо ЖАМда жасалган кылмыштардын структуралык элементтерин кылдат карап чыгууну талап кылат. *Биринчиден,* бул шарттардагы кылмыштардын заманбап криминалистикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү. Пенитенциардык кылмыштар пенитенциардык тутумдун уникалдуу шарттарында орун алгандыктан, өзгөчө мүнөздөмөлөргө ээ болуп, аларды талдоодо өзгөчө ыкманы талап кылат. Бул кылмыштардын контексти, изоляцияланган чөйрөдө жана катуу режимде жасалышы, алардын мүнөзүн жана уюштурулушун башка кылмыштардан айырмалап турат. *Экинчиден,* пенитенциардык кылмыштуулукту аныктоочу комплекстүү факторлорго өзгөчө көңүл буруу зарыл, анткени бул факторлор кылмыштуулуктун жаңы тенденцияларын жана соттолгондордун жүрүм-турумуна таасир этүүчү психологиялык, уюштуруу-башкаруу, экономикалык жана укуктук аспекттерди камтыйт. Бул факторлор соттолгондордун өзүн алып жүрүүсүнө олуттуу таасир тийгизип, алардын

кылмыштуу аракеттерин аныктоочу маанилүү шарттарды жаратат. Ошондой эле, эркиндик шарттарында кылмыштуулуктун аныктоочу факторлору пенитенциардык кылмыштуулуктун татаал жана көп кырдуу феномен катары калыптанышына өбөлгө түзөрүн эске алуу зарыл. Эркинен ажыратуу шартында кылмыштуулук жараткан криминогендик көрүнүштөрдүн өзгөчө чөйрөсүн түзүп, бул кылмыштарды изилдөөдө жана аларга каршы иштелип чыгуучу чараларды көрүүдө ар тараптуу жана терең карап чыгууну талап кылат.

## *1.2. Эркиндигинен ажыратуу жайларында жазасын өтөп жаткан соттолгондун инсандыгынын криминалисттик мүнөздөмөсү*

Эркиндигинен ажыратуу жайларындагы кылмыштуулукту, пенитенциардык девиациянын эң кооптуу формасы катары изилдөө соттолгондордун инсандык өзгөчөлүктөрүнүн теориялык аспекттерин талдоосуз мүмкүн эмес. Бул зарылчылык соттолгондордун жеке инсандык мүнөздөмөлөрүн, алардын көндүмдөрүн, түрткүлөрүн жана башка психологиялык өзгөчөлүктөрүн билүүнүн маанилүүлүгү менен шартталган. Мындай маалыматтар укук коргоо органдарынын кызматкерлерине кылмыштардын бетин ачууда жана тергөө иштеринде натыйжалуу каражаттарды жана ыкмаларды тандап алуу үчүн негиз берет. Инсандык өзгөчөлүктөрдүн анализи соттолгондордун кылмыштуу жүрүм-турумун тереңирээк түшүнүүгө, кылмыштардын себептерин жана аларды ишке ашырууда колдонулган ыкмаларды туура баалоого мүмкүндүк берет [20, 179-186 б.]. Соттолгондордун психологиялык өзгөчөлүктөрүн жана түрткүлөрүнүн түзүлүштөрүн эске алуу менен иштелип чыккан ыкмалар кылмыштуулукка каршы натыйжалуу күрөшүүнү камсыздап, пенитенциардык мекемелерде коопсуздукту жогорулатууга шарт түзөт.

Ошол эле учурда, бул маселени изилдөөнүн актуалдуулугу баштапкы иликтөө стадиясында ЖАМ шарттарында жасалган кылмыштар боюнча маанилүү маалыматтын жетишсиздиги жана соттолгондордун көрсөтмө

берүүдө жогорку деңгээлдеги жабыктыгы менен шартталат. Мурда белгиленгендей, кылмыш жасалган учурларды иликтөөнүн алгачкы этаптарында бул тоскоолдуктар изилдөө иштерин татаалдаштырат. Көп жылдык тажрыйбага ээ болгон, кылмыштарды иликтөөнүн тактикасын жана методикасын жакшы билген тергөөчүлөр да соттолгондордун көрсөтмө берүүдөн баш тартуусуна же алардын жалган маалымат берүү тенденцияларына дуушар болушат. Ушундай жагдайларда типтүү пенитенциардык кылмышкердин мүнөздөмөлөрүнө кайрылуу өзгөчө мааниге ээ болот. Соттолгондордун инсандык өзгөчөлүктөрүн изилдөө практикалык мааниге ээ, анткени бул маалыматтар кылмыштарды алдын алуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруунун негизи болуп саналат [51, 81-83 б.]. Соттолгондордун жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрүн терең изилдөө кылмыштарды алдын алууга багытталган иш-чараларды пландаштырууда жана алардын жүрүшүн контролдоо мүмкүнчүлүгүн жогорулатууда маанилүү. Ошондой эле, кылмышкерлердин инсандык өзгөчөлүктөрүн илимий негизде изилдөөсүз кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүү мүмкүнчүлүгү кыйла татаалдашкан бойдон калат [23; 24]. Мындай изилдөөлөр кылмыштарды изилдөө процессин жакшыртып, жаза аткаруу мекемелериндеги коопсуздукту жана жалпы коомдук тартипти сактоого олуттуу салым кошо алат.

Белгилей кетүү керек, бир нече он жылдык ичинде ар кандай илим тармактарынан келген окумуштуулар кылмышкердин, ал эми өзгөчө соттолгон адамдын инсандык өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө жигердүү көңүл бурушууда. Ар бир дисциплина бул изилдөөгө өзүнүн предметтик чөйрөсүн жана методологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен мамиле кылат, бул өз кезегинде кылмышкердин инсандык мүнөздөмөсүн кеңири жана ар тараптуу кароого шарт түзөт.

М.Ю. Кондратьев жана В.А. Ильин “личность” түшүнүгүнө берген аныктамасында инсанды коомдук мамилелерде жигердүү катышуучу катары мүнөздөйт жана аны социалдык байланыштар тутумунда саналуучу максаттуу

иш-аракеттерди ишке ашыруучу активдүү субъект катары белгилешет. Алардын ою боюнча, инсан — бул социалдык байланыштар системасында өзүнүн аң-сезимдүү активдүүлүгү аркылуу калыптанган индивиддин системалуу сапаты. Инсандын мүнөзү өз ара аракеттенүү жана баарлашуу шарттарында түзүлөт жана өнүгөт [52, 198 б.]. Мындай аныктама социалдык байланыштардын жана инсандын коомдогу ролунун маанилүүлүгүн баса белгилеп, кылмышкердин инсандык өзгөчөлүктөрүн талдоодо анын жигердүү иш-аракеттеринин себептерин жана түрткүлөрүн түшүнүүдө негизги багытты түзөт.

Башка изилдөөчүлөр инсанды социалдык, психологиялык жана биологиялык аспектилерден карай турган татаал кубулуш катары белгилешет [53]. Мына ошондуктан, кылмышкердин инсандыгы да бул үч негизги аспектиде изилденет, анткени анын жүрүм-туруму жана кылмыш жасоого түрткү болгон факторлор ушул багыттар менен тыгыз байланышта болот.

Криминология илиминде болсо инсанды «социалдык жүз» катары карашат, тактап айтканда, адам коомдогу социалдык өнүгүү, калыптануу жана ишмердүүлүк процесстеринде кандай болгонун көрсөтөт. Ал эми "кылмышкердин инсандыгы" деген түшүнүк кылмыш жасаган адамдын социалдык жүзүн түшүндүрөт [54, 274 б.]. Бул адам укук бузуу менен коомдук кооптуулук жараткан иш-аракетти жасаган, жана анын инсандык өзгөчөлүктөрү анын социалдык маңызын жана жеке касиеттерин чагылдырат. Кылмышкердин инсандыгы анын руханий жана адеп-ахлактык дүйнөсүн, социалдык мамилелер жана байланыштар тутумун, ошондой эле кылмыш жасоосуна таасир эткен социалдык шарттарды жана психологиялык өзгөчөлүктөрдү камтыйт [55, 21 б.].

Ошентип, криминология илиминин изилдөө объектиси — бул укуктук нормаларга каршы чыккан инсан, башкача айтканда, кылмышкердин инсандыгы. Кылмышкерди инсандык мамиледе карап чыгуу анын жашоо образын жана иш-аракеттерин түшүнүүгө мүмкүндүк берет, бул өз кезегинде анын жалпы инсандык портретине таасир этет. Белгилүү криминолог Г.Ф. Хохряковдун кылмышкердин инсандыгына берген аныктамасы өзгөчө көңүлгө

татыктуу: «Кылмышкердин инсандыгы дегенде кылмыш жасаган адамдын инсандыгы түшүнүлөт» [56, 41 б.]. Бул аныктама кылмышкердин инсандык мүнөздөмөлөрүн изилдөөдө так жана маанилүү негиз болуп саналат.

Сот өндүрүшүндө кылмышкердин инсандыгы кылмыш механизминин борбордук звеносу катары каралат жана бул анын иш-аракеттеринин объективдүү жана субъективдүү аспекттерин камтыйт. Кылмышкердин инсандык өзгөчөлүктөрү, анын социалдык ролу, жана жеке түрткүлөрү кылмыштын бүтүндөй структурасын аныктоодо чоң мааниге ээ болуп, иштин шарттарына жана контексти аркылуу тергөө жана соттук баа берүү үчүн негиз болуп саналат.

Объективдүү тарап кылмыштын чөйрөсүнө тиешелүү фактыны жана жагдайларды, анын өзгөчөлүгүн жана укукка каршы жүрүм-турумдун көрүнүштөрүн камтыса, субъективдүү тарап кылмышкердин ички ниетин, аң-сезимин жана анын укук бузууга барган себебин аныктоого багытталган. Ошентип, кылмышкердин инсандык мүнөздөмөлөрү кылмыш ишинин тергөөсүндө жана баа берүүдө өзгөчө орунга ээ болуп, кылмыш механизминин бардык негизги элементтерин ачууга жардам берет.

Маанилүү аспекттердин бири — кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык укукта кылмышкердин инсандыгы укуктук мамилелердин субъектиси катары каралат. Бул анын укуктук жана процессуалдык статусун тактоону талап кылат. А.Б. Кабыкенованын туура белгилегендей, криминалистиканын предмети кылмышкердин жана тергөөчүнүн ишмердүүлүгүнө байланыштуу мыйзам ченемдүүлүктөрдү камтыйт. Бул мыйзам ченемдүүлүктөр криминалистиканын методикасы жана кылмышты иликтөө, ачуу боюнча сунуштарынын негизи болуп саналат [53, 14 б.]. Ошентип, криминалистика жагынан кылмышкердин инсандыгы кылмыштын элементтери катары талдоого алынат жана кылмышты жасаган адамды аныктоого багытталган.

Мындан улам, кылмышты мүнөздөөдө кылмышкердин инсандык өзгөчөлүктөрүн интеграциялоо зарылдыгы таанылды. Бул багытты колдоону заманбап окумуштуулар-криминалисттер да баса белгилешет.

Ф.В. Глазыриндин айтымында, "башка укук илимдеринен айырмаланып, криминалистиканын изилдөө предметине кылмышкердин инсандык касиеттеринин бүтүндөй түзүмү кирет. Анын биологиялык жана соматикалык белгилери, социалдык-демографиялык касиеттери, социалдык-психологиялык сапаттары жана абалдары толук талдоого алынат" [57, 3-13 б.].

С.Н. Анненков да кылмышкердин инсандыгын изилдөөдө комплекстүү ыкма зарыл экендигин баса белгилейт. Ал "ар бир илим кылмышкердин инсандык касиеттерин жана сапаттарын өзүнө тиешелүү өзгөчө методдордун негизинде изилдейт. Ошондуктан, айрым учурларда бул маселе өтө жалпы каралып же болгону белгилүү сапаттар гана изилденет," — деп жазат. Криминалистикадагы бул маселени изилдөөдө өзгөчө мамиле жана ыкма талап кылынат. Биринчиден, кылмышкердин инсандыгын изилдөө комплекстүү мүнөзгө ээ жана башка илимдердин изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары эске алынат. Экинчиден, кылмышкердин толук мүнөздөмөсү кылмышты иликтөө методикасын иштеп чыгууда негиз болуп, кылмыштарды өз убагында ачуу, иликтөө жана алдын алуу процессине чоң салым кошот" [58, 121-122 б.].

Ошентип, кылмыштарды комплекстүү көз караштан, анын ичинде кылмышкердин инсанын анализдөө аркылуу изилдөө зарылдыгын дагы бир жолу баса белгилейбиз.

Бул контекстте сөз кылмыш жасап же жаза өтөө жайларында кылмыш ишин улантып жаткан соттолгондордун инсандыгы тууралуу болуп жатат. Окумуштуулар арасында соттолгон адамдын инсандыгы өзгөчө моделге ээ деген концепция кеңири тараган, ал моделге бир катар өзгөчө мүнөздөмөлөр интеграцияланган. Мындай социалдык-психологиялык типке "антисоциалдык көз караштар, моралдык баалуулуктарга терс мамиле жана муктаждыктарын канааттандыруу үчүн же терс натыйжалардын алдын алууга аракетсиздик көрсөтүп, коомго коркунуч келтирген жолду тандоо" мүнөздүү [59].

Анык көрүнүп тургандай, соттолгондордун инсандыгын изилдөөдө криминология, криминалистика, социология, психология, психиатрия жана этнология сыяктуу тармактардын жетишкендиктери кеңири колдонулат. Бул илимдер ар кандай категориядагы соттолгондордун мүнөздөмөлөрүн изилдөөдө баа жеткис маалыматтарды берет. Мына ошондуктан, концептуалдык ыкма алкагында изилдөөдө өзгөчө көңүл соттолгон адамдын кылмыш-криминалистикалык мүнөздөмөлөрүнө бурулат. Бул изилдөөдө материалдарды баяндоодо негизги маани ушул өзгөчөлүктү түзүүчү компоненттерге берилет.

Бир катар окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянып, соттолгон адамдын инсандыгы, кылмышкерге мүнөздүү жалпы сапаттардан тышкары, эркинен ажыратуу шарттарында калыптанган башка өзгөчө жана терс касиеттерди да камтыйт деп айтууга негиз бар. Соттолгон адамдын жаңы укуктук статусунда болушу аны бир катар оор психологиялык кыйынчылыктарга дуушар кылат, бул кыйынчылыктар физикалык жана моралдык азаптарды, ар кандай жагымсыз жагдайларды жана ыңгайсыздыктарды камтыйт [60, 5 б.]. Бул азаптар соттолгон адамдын башка социалдык деградацияга учураган адамдар менен тыгыз өз ара аракеттешүүсү жана калыптанган кылмыштуу субкультуранын шарттарында андан аркы кыйынчылыктарды алып келет. Мындай шарттар анын күнүмдүк жүрүм-турумуна жана аткарууга тийиш болгон милдеттерине терең таасир этет.

Ошону менен катар, айрым авторлордун пикири менен макул болууга болот, алар, адатта, "жазаларын өтөп жаткан жайларда атайын кылмыш жасаган адамдар укукка жат жана коомго кооптуу жүрүм-туруму менен айырмаланып, андай жүрүм-турум жалпыга мүнөздүү эмес. Кылмыштардын алдын алуу ишинде соттолгондордун микромедиасын да эске алуу зарыл, анткени бул чөйрө моралдык-адептик жактан начарланган кылмышкерлерден турат жана педагогикалык жактан терс таасир берет" деп белгилешет [61, 6 б.].

КМШ өлкөлөрүнүн көптөгөн окумуштуулары соттолгондордун инсандыгын изилдөөдө алардын социалдык-демографиялык өзгөчөлүктөрүнө өзгөчө көңүл бурушат. Бирок, биз соттолгон адамдын жүрүм-турумун кылмыш жасоо

механизми контекстинде анализдөө, анын мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо жана жүрүм-турумга таасир этүүчү психологиялык-укуктук факторлорду изилдөө кыйла максатка ылайыктуу деп эсептейбиз. Мындай ыкма, биздин оюбузча, жазасын өтөө учурунда соттолгондор тарабынан жасалган кылмыштарды иликтөөдө натыйжалуулукту жогорулатууга жана кылмыш ишин жүргүзүүдө ар кандай тоскоолдуктарды жоюуга өбөлгө түзөт.

Пенитенциардык мекемелердеги социалдык чөйрө, алардын кылмыштуу субкультурасы, жалпы адаттары жана каада-салттары кылмышкердин инсандык мүнөзүн аныктайт. Пенитенциардык мекемелерде кылмышкердин инсандык өзгөчөлүктөрүн тереңирээк түшүнүү үчүн бул чөйрөнүн бейрасмий жүрүм-турум эрежелерин, иерархиясын, криминалдык каада-салттарын жана түрмөдөгү субкультуранын мыйзамсыз нормаларын изилдөө зарыл. Бул факторлор мекемеде ар кандай формадагы зомбулуктун болушуна жана өнүгүшүнө себепчи болушу мүмкүн.

Түзөтүү мекемелериндеги субкультура соттолгондордун топторунда өз ара криминалдашуунун башкы фактору катары саналат. Ал агрессивдүү мүнөзгө ээ болуп, адам тергөө изоляторуна киргенден тартып ишке аша баштайт. Бул чөйрөдө «адам таптакыр башка бир дүйнөгө кирип, өзгөчө мыйзамдары, өзүнүн каада-салттары, кийим-кечелери жана таптакыр башкача дүйнөсү бар жашоого» туш болот [62, 27 б.]. Мындай субкультура позитивдүү потенциалга ээ эмес; ал соттолгондорго тарбиялык таасирин бузуп, кылмыштуу жашоо образы менен жүрүм-турумду актап, аны кубаттайт жана соттолгондорду кайра тарбиялоого тоскоолдук жаратат.

Ушул ойго үндөш болгон В.В. Төлөгөнов «түрмө субкультурасы акыркы мезгилде олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду» деп жазат [63, 3 б.]. Анын айтымында, соттолгондор тарабынан кармалып келген бейрасмий эрежелер өзгөрүп, субкультуралык топторго бөлүнүү ыкмалары, татуировкалар, жаргон жана түрмөдөгү моданын элементтери да өзгөрдү. Мурдагыдай катуу императивдер ордуна азыр бейрасмий нормалар жумшарып, соттолгондор арасында «Мен жана менин шкафым» сыяктуу индивидуалисттик жүрүм-турум

модели жайылып жатат. Соттолгондорду субкультуралык топторго бейрасмий бөлүү да мурдагыдай так жана катаал эмес. Кылмыштуу чөйрөнүн лидерлери, эркинен ажыратуу жайларына түшүп калса да, «аскет» образынан баш тартып, учурдагы «модага» ылайыкташууга аракет кылышууда [63, 33 б.].

Бирок көптөгөн изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, криминалдык субкультуранын жөнгө салуучу милдет алсырап калганына карабастан, ал соттолгондор арасындагы жана соттолгондор менен мекеме администрациясынын өкүлдөрү ортосундагы мамилелерде маанилүү ролду ойноп келет. Криминалдык субкультуранын регулятивдик таасири мурдагыдай күчтүү болбосо да, бул субкультуранын жүрүм-турумду жана социалдык мамилелерди калыптандыруудагы таасири чоң бойдон калууда.

Пенитенциардык субкультура кылмыштуу субкультуранын өзгөчө бир түрү болуп эсептелет жана анын өзгөчөлүктөрүн В.Ф. Пирожков белгилүү топтор боюнча ийгиликтүү классификациялаган [64].

1) **Топ аралык мамилелер жана топтук иерархиянын белгилери** – бул пенитенциардык мекемелерде касташкан топтордун жана алардын ортосундагы чыр-чатактардын бар болушу, ошондой эле соттолгондорду катуу иерархияга бөлгөн топтук стратификациянын калыптанышы. Бул иерархиялык бөлүнүү ар бир соттолгонду белгилүү бир социалдык катмарга же "стратага" жайгаштырат.

2) **Алсыздарга, "төмөндөгүлөргө" жана четке кагылгандарга болгон мамиленин белгилери** – бул катмарга кирген соттолгондорго колдонулган нерселерди атайын белгилөө, аларга карата кыйноо, опузалап акча же башка баалуулуктарды алуу, социалдык статусун түшүрүү ыкмаларынын кеңири жайылышы, ошондой эле өздөрүн оорукчан көрсөтүү же денесине зыян келтирүү сыяктуу ыкмаларды колдонуу. Бул чаралар менен «төмөндөгүлөрдүн» статусун көзөмөлдөө аракеттери көрүлөт.

3) **Режимге жана тарбиялык иш-чараларга болгон мамиленин белгилери** – бул мекеменин режимин топ менен бузуу, топ болуп качуу аракеттери, криминалдык авторитеттердин кир жуу сыяктуу иштерди аткаруудан качуусу, окуу жана тарбиялык иш-чаралардан, чогулуштардан качуу, расмий активде

иштөөдөн баш тартуу же эки жүздүүлүк көрсөтүү өңдүү жүрүм-турум менен мүнөздөлөт.

4) **Бош убакытты өткөрүү ыкмаларынын белгилери** – бул кумар оюндарын ойноп, түрмөдө кабыл алынган эс алуу формаларын жана түрмөнүн ырлары менен кол өнөрчүлүгүн колдонуу, ошондой эле топ болуп баңгизат же башка уу заттарды колдонуу аркылуу бош убакытты өткөрүүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрү.

5) **Баарлашуу жана байланыш формаларынын белгилери** – бул лакап аттарды колдонуу, татуировкаларды символдор системасы катары пайдалануу, кылмышкерлердин жаргону жана башка байланыштын атайын түрлөрү аркылуу коммуникациянын өзгөчө формаларын колдонуу менен мүнөздөлөт.

Мына ушул белгилер аркылуу пенитенциардык субкультуранын структурасы жана анын негизги элементтери аныкталат. Бул факторлор пенитенциардык мекемелердеги кылмыштуулуктун өнүгүшүнө түздөн-түз таасирин тийгизет жана түрмө шарттарындагы социалдык мамилелердин жүрүм-турумуна олуттуу таасир этет.

Биздин көз карашыбызда, кошумча алтынчы жана жетинчи топторду белгилеп өтсөк, алар пенитенциардык мекемелердеги өзгөчө мамилелерди жана түзүмдөрдү дагы толуктап ачып бере алмак. Алтынчы топ, мисалы, сырт дүйнө менен өз ара байланыш түзүүнүн ыкмаларын камтыйт жана бул коррупциялык байланыштарды, айрым учурларда кызматкерлер менен болгон мыйзамсыз алакаларды да өзүнө камтышы мүмкүн. Бул топ сырттагы дүйнө менен түзүлгөн ишенимсиз жана кээде кооптуу байланыштардын ишке ашуу жолдорун мүнөздөйт. Жетинчи топ болсо, пенитенциардык мекемелерде түзүлгөн уюшкан топтордун негизги принциптерин, максаттарын жана түрткүлөрүн аспекттерин камтыйт. Бул топту белгилөө аркылуу биз мекемедеги уюшкан кылмыштуу формированиелердин структурасын, аларды түзүү себептерин жана бул топтордун максаттарын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк алабыз. Мындай формациялар соттолгондордун ортосундагы социалдык мамилелерди жөнгө салууда олуттуу роль ойнойт жана көп учурда алардын

жүрүм-турумуна таасир этет. Мындай кошумча топторду белгилөө, пенитенциардык субкультураны изилдөөнү дагы тереңдетип, мекемелердеги кылмыштуу мамилелердин жана алардын өнүгүү факторлорунун татаалдыгын ачыгыраак көрсөтө алат.

Баарына белгилүү болгондой, соттолгондор арасында лакап аттарды (кличкаларды) колдонуу кеңири тараган, ал эми чыныгы аты же фамилиясы менен кайрылуу өтө сейрек кездешет [17, 151-155 б.]. Д.А. Корецкий кылмышкерлер арасында колдонулган лакап аттардын бир нече түрлөрүн белгилейт. *Биринчи* кезекте, бул "элиталык" лакап аттарды (кличкаларды), алар кылмышкердин коомдогу жогорку статусун баса белгилейт: мисалы, Гиви Нос, Вася Бриллиант, Вася Бурят, ошондой эле Князь, Граф, Барон сыяктуу аттар. Мындай лакап аттарбдын статусу соттолгондордун арасындагы иерархияда аларды жогору орунга коёт. *Экинчиси* – нейтралдуу лакап аттар, алар фамилиядан, психологиялык же физикалык өзгөчөлүктөрдөн, биографиялык маалыматтардан келип чыгышы мүмкүн. Мисалы, Воробей, Жало, Длинный, Чечен, Афганец, Карабах сыяктуу лакаптар соттолгондордун белгилүү бир өзгөчөлүгүн же өткөн турмушун чагылдырат, бирок аларды кемсинтпейт жана алардын статусуна терс таасир бербейт. *Акыркысы* – кемсинтүүчү лакап аттар, алар өз ээсинин төмөнкү статусун көрсөтөт жана ошол статуска мүнөздүү аттарды камтыйт: Козел, Баран, Свинья, Крыса, Машка, Тормоз ж.б. Мындай кличкалар соттолгондордун социалдык иерархиядагы төмөнкү ордун баса белгилейт жана көп учурда терс мамилени жаратат. Кличкаларды, адатта, иерархия боюнча “жогорку” даражадагы соттолгондор ыйгарышат. Мисалы, карман уурусу Павел Захаров түрмөдөгү тажрыйбалуу ууруну кыруу учурунда анын кулагын жаралап алгандыгы үчүн ага «Паша Цируль» деген лакап ат берилген. Виктор Никифоровго "Калина" деген лакап ат ыйгарылган, бул анын апасы Калина Никифоровага байланыштуу болгон, анткени ал да криминалдык чөйрө менен байланышта болгон [65].

Мындай лакап аттар, кылмыштуу чөйрөдө өзүнчө бир социалдык белгиге айланып, соттолгондордун жүрүм-турумуна жана бири-бирине болгон мамилелерине терең таасир этет [65, 103 б.].

Көп учурда соттолгондорго берилген лакап аттар алардын кайсы аймактан экенин же кылмыштуу "карьерасын" кайсы жерде жүргүзгөнүн көрсөтөт. Мисалы, Георгий Алоян "Жора Тбилисский" деп аталып, Анатолий Шакуров "Киевский" лакап атын алып, ал эми Алексей Сергеевский "Сибиряк" катары белгилүү болгон. Кээде лакап аттар соттолгон адамдын жеке сапаттарын же өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Мисалы, Андрей Исаев "Роспись" деген лакап атка ээ болгон, себеби анын денеси толугу менен татуировкалар менен капталган эле. Павел Струганов өзүнүн тез-тез ирмеген адаты үчүн "Паша Цветомузыка" деп аталып калган. Гиви Гвинджилия "Гиви Нос" деп аталып, анын бул лакап аты бетинин бул көрүнүктүү бөлүгү менен байланышкан [66; 67].

Айрым учурларда соттолгондор кылмыштуу ишмердүүлүгүнө жараша лакап ат алышат. Мисалы, валюта алмаштыруу менен алектенгендер көп учурда "Бриллиант" деген лакап атка ээ болушса, киши өлтүргөндөргө "Палач" деп кайрылышат. Ошондой эле, мурдагы кесибине жараша ыйгарылган лакап аттар да кеңири таралган: мисалы, "Духарь" деген лакапка музыкант, "Клистир" деп медик, ал эми "Финансист" деп бухгалтер аталган.

Кылмышкерлердин лакап аттарынын өзгөчөлүгү — бул аттар соттолгондор менен өмүр бою сакталып, алар кайсы гана мекемеге же шаарга барбасын, алардын артынан ээрчип жүрөт. Мекемелерди, ал тургай шаарларды алмаштырганда да бул лакап аттары алар менен кошо калып, пенитенциардык мекемелер арасында да үзгүлтүксүз таанымал бойдон калат. Айрым соттолгондор, өзгөчө кемсинтүүчү же уят келтирген лакап аттары барлар, алардан арылууга аракет кылышат, бирок муну ишке ашыруу өтө татаал. Көпчүлүк учурда мындай лакап аттардан кутулуу мүмкүн эмес, анткени бул аттар кылмыштуу субкультурада бекем орноп калган жана жаңы чөйрөгө оңой жайылат [68].

Соттолгон адам үчүн татуировканын мааниси тууралуу Л.Б. Смирнов жана Е.Д. Проценко төмөнкүлөрдү белгилешет: «соттолгон адамдын татуировкасы – кылмышкердин өзүнчө бир "паспортун" түзөт. Ал адамдын абалын, кылмыштуу чөйрөдөгү жетишкендиктерин, ой-пикирлерин жана социалдык багыттарын билдирип турат. Эгерде татуировка анын маанисин жана максатын терең түшүнүү менен жасалган болсо, ал адамдын өзгөчө "визиттик карточкасына" айланып, анын белгилүү бир имиджин бекемдеп, кылмыштуу тажрыйбасынан баш тартууга жол бербейт» [69].

Бул аспектке башкача көз караште В.М. Анисимков карманат, ал пенитенциардык жана кылмыштуу субкультурадагы өзгөрүүлөр татуировканын азыркы кылмышкерлердин жашоосундагы ордун изилдөөгө себеп болгонун белгилейт. Анын айтымында, бейрасмий жүрүм-турум нормаларынын "бузулушу" татуировкалардын көп түрдүүлүгүнө алып келип, алардын көбү мурдагыдай символикалык мааниге ээ болбой, жөн гана кооздук үчүн жасалган белгилерге айланган [70]. Бул теорияны ырастоо үчүн башка бир изилдөөчү катуу режимдеги колонияда үч жүз соттолгонду сурамжылоодон өткөрүп, алардын татуировкалары изилденген. Кызыктуусу, төмөнкү суроолор боюнча бардыгы терс жооп беришкен: «Учурда татуировкалар кылмыштуу чөйрөдөгү иерархияны чагылдырабы?»; «Соттолгондор арасында иерархияга туура келбеген татуировка үчүн зомбулук колдонулган учурларга күбө болгонсузбу?»; «Сиз татуировканы күчтөп жасаткан учурга күбө болдуңуз беле?». Үч жүз сурамжылоодон өткөн соттолгондордун ичинен бардыгы бул суроолорго терс жооп беришкен, жана алардын арасынан 213 гана адам (71%) татуировкасы бар экенин билдирген [63, 22 б.].

Бул маалыматтар кылмыш чөйрөсүндө татуировканын мурункудай катуу символикалык жана иерархиялык мааниге ээ болбой калганын көрсөтөт. Бүгүнкү күндө көптөгөн соттолгондор татуировканы кооздук максатында гана жасатып, анын кылмыштуу чөйрөдөгү мааниси бардыгы үчүн бирдей эмес экендигин ырасташууда.

Бул маалыматтар кылмыштуу чөйрөдө татуировканын болушу же жоктугу мурдагыдай мааниге ээ болбой калганын көрсөтүп турат. Мурда эркинен ажыратуу жайларында татуировканын жоктугу коомдо "унаттык" жана кабыл алынгыс нерсе катары бааланган мезгилдер артта калды. Бүгүнкү күндө соттолгондордун арасында татуировканын болушу же жоктугу алардын субкультурага таандыктыгынан же кылмыштуу ишмердүүлүгүнүн түрүнөн көз каранды эмес.

Биздин изилдөөгө ылайык, социалдык обочолонууга көнгөн соттолгондордун 30% татуировкасы жок; обочолонууга макул болуп, аны кабыл алгандардын арасында 28% татуировкасы жок; ал эми социалдык обочолонууну четке каккан соттолгондордун арасында 34% татуировкасы жок. Кесипкөй кылмышкерлердин арасында татуировкасы жоктор 25% түзөт, ал эми "катардагы" соттолгондордун арасында бул көрсөткүч 39% түзөт. Муну менен татуировкаларга болгон тенденция негизинен эркинен ажыратуу жайларында сакталганы менен, анын социалдык статуска же субкультурага болгон байланышы мурдагыдай катуу эмес деп айтууга болот.

Белгилүү болгондой, жаза аткаруу шарттарында соттолгондордун инсандык калыптанышына жана жүрүм-турумуна топтук процесстер чоң таасирин тийгизет. Бул чөйрөдө соттолгондордун социалдык статусу менен байланышкан иерархия, ошондой эле пенитенциардык чөйрө үчүн мүнөздүү жана кармоо режими менен аныкталуучу бейрасмий башкаруу механизмдери бар. Мындан бир кылым мурун, 1924-жылы эле, С.В. Познышев мындай деп жазган: «ар бир жеке адам адатта топтун мажбурлоосуна дуушар болуп, арестанттар арасында калыптанган катаал салттарга жана каада-салттарга баш ийүүгө мажбурланат, натыйжада өзүнүн жакшы сапаттарын жоготот. Арестанттардын көбү үчүн, өзгөчө, жалгыз калуу, өз ой-пикирине чөмүлүү, китеп окуу же өзүн корголуудагы жайга ээ болуу өтө маанилүү». Бул жөндөмдүн жетишсиздиги, өзүнөн өзү, психологиялык кысымды күчөтөт жана жеке инсанды эркин өнүктүрүүгө тоскоолдук жаратат [71, 158 б.].

С.В. Познышевдин кылмыш чөйрөсүндөгү соттолгондорго жасаган бул мүнөздөмөсү бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпой келет [71, 158 б.]. Пенитенциардык чөйрөдөгү бул катаал иерархия жана коллективдик таасир соттолгондордун жүрүм-турумуна күчтүү таасир этип, алардын инсандык өзгөчөлүктөрүн басып салат. Мындай шарттарда жеке инсандык калыптанууга шарт жок болгондуктан, соттолгондордун өз ара мамилелериндеги бейрасмий элементтер алардын жашоосунун бардык аспектилерине терең таасир тийгизет [71, 158 б.].

Биздин изилдөөбүздүн алкагында Р.П. Кузьминдин көз карашын колдоого алсак болот, анткени ал "Кылмыштуу субкультура өзүнүн эрежелери жана мыйзамдары менен соттолгондордун ортосундагы жеке жана топтук мамилелерди жөнгө салып, аларга кандайдыр бир жүрүм-турумду таңуулайт. Ошол эле учурда бул нормалар түздөн-түз эмес, кыйыр түрдө да таасир этиши мүмкүн, мындай шарттарда соттолгондор өздөрү каалабаса да, тигил же бул жүрүм-турумду тандоого аргасыз болушат" деп белгилейт [72, 36 б.].

Эмпирикалык маалыматтардын негизинде, соттолгондордун 90%га жакыны бейрасмий топтордун бирине кирери белгилүү болду. Бул топтордун түзүлүшү, негизинен, соттолгондордун ортосундагы жеке мамилелерге таянат. Мисалы, чакан бейрасмий топтор көп учурда соттолгондордун өз ара ыраазылык же антипатиялары, жалпы идеялар, кызыкчылыктар жана көз караштардын негизинде түзүлөт, мында круговая порука принциби колдонулат, бул кылмыш иштерин иликтөө процессине таасир этет.

Биздин анализдин контекстинде В.А. Спиновдун көз карашы да кызыгууну жаратат. Ал "чакан топтун өкүлү менен өз ара мамиледе болгон тергөөчү, иш жүзүндө бул топтун жалпы көз караштарына, ынтымагына, кызыкчылыктарына жана салттарына туш болот" деп белгилейт [73, 45 б.].

Ар кандай булактардан алынган маалыматтарга ылайык, соттолгон адамдын жаза аткаруу мекемесинде белгилүү бир иерархиялык топко тиешелүү болушу анын жүрүм-турумуна жана социалдык өз ара аракеттерине олуттуу таасир этет. Бул таасирдин негизги аспекттерин карап көрсөк:

1) **Баалуулуктар жана артыкчылыктар** – соттолгон адамдын иерархиядагы орду анын түрмөдөгү баалуулуктарын жана артыкчылыктарын аныктайт. Жогорку статуска ээ болгондор көбүнчө белгилүү бир артыкчылыктарга жана таанууга ээ болушат, ал эми төмөнкү статустагыларга чектөөлөр коюлат.

2) **Жүрүм-турум нормалары** – соттолгон адамдын жүрүм-туруму анын иерархиядагы статусуна байланыштуу рөлдүк талаптарга жараша калыптанат. Бул талаптар анын өзүнүн ордун түшүнүүсүнө жана ошол ордун сактоо үчүн белгилүү жүрүм-турум стандарттарын кармануусуна негизделет.

3) **Кылмыштуу нормаларга мамиле** – соттолгон адамдын кылмыштуу нормаларга ылайык келүүсү же аларды бузушу анын кайсы иерархиялык топко таандык экенине жараша болот. Жогорку топтордо бул нормалардын сакталышы күтүлсө, төмөнкү топтордо алардын бузулушу мүмкүн.

4) **Автономия деңгээли** – соттолгон адамдын белгилүү бир топтордон көз карандысыз иш-аракет кылуу жөндөмдүүлүгү аны автономдуу кылат жана бул жөндөм топтук таандык болбогон страттардан өзүн ажырата билүүсүндө көрүнөт.

5) **Статустун туруктуулугу** – соттолгон адамдын статусу салыштырмалуу туруктуу, бул анын төмөнкү иерархиялык катмарлардын өкүлдөрү менен достук мамиле түзүүсүн татаалдатат. Төмөнкү деңгээлдегилер менен байланышуудан баш тартуу статусун сактоо үчүн маанилүү болуп саналат.

6) **Тюремдик субкультуранын атрибуттары** – ар бир соттолгон адамдын социалдык статусу тюремдик субкультуранын уникалдуу белгилери аркылуу чагылдырылат. Мисалы, татуировкалар, лакап аттар жана түрмөдө кабыл алынган башка белгилер анын ордун аныктап турат.

7) **Милдеттерди аткаруу** – соттолгон адамдын формалдуу эмес башкаруу структурасындагы орду жана милдеттери, ошондой эле воровские моральные нормалардын таасири анын жүктөлгөн милдеттерин аткаруусуна байланыштуу болот.

8) **Субординацияны сактоо** – түрмөдөгү ар кандай страттардагы адамдар менен мамиле түзүүдө субординацияны сактоо жана криминалдык иерархияда жогорулоо же төмөндөөгө чектөөлөрдүн болушу иерархиялык тартипти сактоо үчүн маанилүү ролду ойнойт.

Айрым изилдөөчүлөрдүн пикиринде, соттолгондордун бейрасмий бөлүнүшүнүн негизги критерийи кылмыштуу дүйнө менен болгон окшоштук деңгээли болуп саналат. Бул классификациянын негизинде кылмыш дүйнөсүнө терс мамиледе болгон соттолгондор өзүнчө субкультуралык топту түзүшү керек деп эсептелет [74]. Мындай мамиле кылмыштуу дүйнөнүн белгилүү бир нормаларын четке каккан соттолгондорду өз алдынча топ катары аныктоого жана алардын башка страталардан айырмасын белгилөөгө мүмкүндүк берет.

Кээ бир авторлор бул субкультуралык топторду соттолгондордун ар кандай багыттары боюнча — оң, нейтралдуу жана терс багыттагы топторго — бөлүүгө аракеттенишет, бирок бул ыкма биз үчүн туура эмес көрүнөт [75, 22 б.]. Биздин изилдөөлөргө ылайык, соттолгондордун соттолуу саны же социалдык обочолонуу шарттарында өткөргөн убактысы алардын оң же терс багыттагы топторго таандык болуусун аныктабайт.

Биздин оюбузча, соттолгондор субкультуралык топторго өздөрүнүн жүрүм-турум модели боюнча бөлүнүшөт. Бул моделдер ар кандай түрмө шарттарына жооп кылуудагы жеке мамилеге жараша түзүлөт жана төмөнкү категорияларга бөлүнөт: социалдык изоляцияны четке кагуу (отрицание), нейтралдуу мамиле, ыңгайлашуу (адаптация), жана деперсонализация.

В.В. Төлөгөнов төрт негизги субкультуралык топту бөлүп көрсөтүүнү сунуштайт: 1) Социалдык обочолонууну четке каккан соттолгондор ("блатные") — бул топтогулар социалдык обочолонуу шарттарын кабыл албай, криминалдык чөйрөнүн катуу эрежелерин карманышат жана көбүнчө түрмөнүн ичиндеги иерархиянын жогорку тепкичтеринде орун алышат. 2) Социалдык обочолонууга ыңгайлашкан соттолгондор ("активисттер") — бул топко киргендер социалдык обочолонуу шарттарына ийкемдүү түрдө ыңгайлашып, мекеме ичиндеги расмий иштерге активдүү катышып, жетекчиликке жакын

мамиле түзүүгө аракет кылышат. Мындай адамдар көбүнчө мекеме ичиндеги формалдуу жана бейрасмий иштерге аралашып, анык бир роль ойношот. 3) Социалдык обочолонууга көнгөн соттолгондор ("мужики") — бул топтогулар социалдык обочолонуу шарттарын кабыл алып, бирок эч кандай расмий же бейрасмий активге катышпай, өзүнүн ролун тынч аткарууга аракет кылышат. Бул адамдар өз ордунда калышы үчүн белгилүү чектен чыкпаганга аракет кылышат жана көп учурда бейтарап мамиле кылышат. 4) Социалдык обочолонуу шарттарында деперсонализацияланган соттолгондор ("четке кагылгандар") — бул топтогулар социалдык изоляция шарттарында өзүн таптакыр жоготуп, коомдо өзүн четке кагылгандай сезишет. Алар бейрасмий иерархияда эң төмөнкү катмарда болушат жана көп учурда физикалык жана психологиялык зомбулукка дуушар болушат [63, 15 б.].

Бул классификация аркылуу соттолгондордун ар кандай мамилелерге жана социалдык изоляцияга карата жүрүм-турумун түшүнүүгө жана алардын түрмөдөгү өз ара мамилелериндеги айырмачылыктарды аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Илимий талкууга кирбестен, теориялык жана практикалык жактан алганда, биздин оюбузча, В.М. Анисимков [70] жана М.П. Еремкиндин [40] позициясы эң негиздүү жана акылга сыярлык болуп саналат. Бул окумуштуулар соттолгондордун бейрасмий топторун иерархиялык негизде үч категорияга бөлүшөт.

В.М. Анисимковдун [70] классификациясында соттолгондор төмөнкү категорияларга бөлүнөт: а) **"авторитеттер"** – буларга воры в законе, "смотрящие," "блатари" жана "фрайера" кирет. Бул топ түрмөдөгү эң жогорку иерархиялык деңгээлди ээлеп, алар бийликке жана таасирге ээ; б) **"нейтралдуу" категориясы** – бул топко "мужики" жана "работяги" сыяктуу соттолгондор кирет. Алар кылмыштуу субкультурага аралашпаган, тынч жана бейтарап позицияны карманган адамдар болуп саналат; в) **"субкультураны бузгандар"** – бул топко "отверженные" же "суки," "обиженные," "гашенные" сыяктуу аталыштар менен белгилүү соттолгондор кирет [70]. Бул

категориядагы соттолгондор кылмыш чөйрөсүнүн эрежелерин бузган же анын талабына ылайык келбеген адамдар болуп эсептелет жана алар түрмөдөгү эң төмөнкү деңгээлде турушат [70].

М.П. Еремкин да бул позицияны колдоп, топторду алардын статусу боюнча үч деңгээлге бөлөт: **жогорку, орто жана төмөнкү деңгээл** [70, 85 б.]. Мындай классификация соттолгондордун ортосундагы социалдык мамилелерди жана ар биринин түрмөдөгү статусун тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Биринчи (жогорку) деңгээл – бул элиталык башкаруу звеносу катары мүнөздөлөт, анын башында "вор в законе" турат. Бул деңгээл кылмыш дүйнөсүндөгү өзгөчө кастаны түзөт жана төмөнкү айырмалоочу өзгөчөлүктөргө ээ:

а) **"таажы кийгизүү" процедурасынан өтүү** – бул статус кылмыш дүйнөсүндө так белгиленген тартипти аткаруу аркылуу жетишилет. "Коронование" аркылуу алар кылмыштуу чөйрөдө таанылган лидерге айланат;

б) **кайра-кайра эркинен ажыратуу жайларында болуу** – бул деңгээлдеги лидерлер түрмө системасында чоң тажрыйба топтогон, көп жолу камакта болгон. Бул тажрыйба аларга иерархияда өз ордун бекемдөөгө жардам берет;

в) **кылмыштуу нормалар жана салттарды көзөмөлдөө** – бул топтун лидерлери башка соттолгондордун кылмыштуу нормаларды жана салттарды так сактап жүрүүсүнө байкоо жүргүзүп, аларды аткарууну камсыз кылат;

г) **субкультуралык баалуулуктарды таңуулоо** – бул топтун өкүлдөрү өздөрүнүн субкультуралык баалуулуктарын башка соттолгондорго катуу талаптар менен таңуулап, аларды аткаруу милдеттүү талап катары каралат.

Ошону менен катар, акыркы 15-20 жыл ичинде криминалдык иерархияда олуттуу өзгөрүүлөр байкалып жатканын белгилеп кетүү зарыл. Жаңы муундун "вор в законе" өкүлдөрү кылмыш дүйнөсүндө жетекчилик ролду өзүнө алып, мурунку лидерлерден айрымаланып турат. Жаңы муундагы бул лидерлер кылмыштуу чөйрөнүн мурунку лидерлеринен айырмаланып, өзгөргөн баалуулуктарды жана эрежелерди калыптандырууда, кылмыштуу дүйнөгө жаңыча ыкмаларды жана көз караштарды киргизип жатышат.

Криминалдык авторитеттер, же "мыйзамдагы уурулар," мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарына таасирин күчөтүү аракеттерин активдүү түрдө улантып келишет. Алар бул максатка төмөнкү ыкмалар аркылуу жетишүүдө:

- өз тарапташтарын мамлекеттик түзүмдөргө киргизүү жана ар кандай кызматтарды көрсөтүү боюнча келишимдер түзүү – криминалдык авторитеттер мамлекеттик түзүмдөргө өз жактоочуларын жайгаштырып, алардын таасирин кеңейтүүгө аракет жасашат;

- коопсуздук жана жаза аткаруу органдарынын колдоосуна ээ болууга аракет кылуу – бул максатта коррупцияга байланыштуу төлөмдөрдү жана атайын тапшырмаларды аткарууну колдонушат;

- коррупцияга кабылган бийлик органдарына таасир этүү – бул аракеттер өздөрүнө пайдалуу чечимдерди кабыл алдыруу, айрым соттолгондорго карата амнистия жарыялоо өңдүү максаттарды көздөйт;

- ири өндүрүштүк жана коммерциялык корпорациялардын көмүскө негиздөөчүлөрү же ээлери катары чыгуу – бул аркылуу алар өздөрүнүн мыйзамсыз таасирин ишкердик чөйрөдө да сактап калууга жетишишет.

Криминалдык авторитеттердин ишмердүүлүгү эркинен ажыратуу шарттарында да токтобогонун белгилей кетүү керек. Бул шарттарда алардын кылмыш дүйнөсүндөгү иерархиялык башкаруу системасы жана нормаларынын өзгөрүшү байкалат, ал эми бул өзгөрүүлөр, өз кезегинде, жаза аткаруу мекемелериндеги атмосферага таасир этет.

Эгерде эркинен ажыратуу жайларында "мыйзамдагы ууру" болбосо, башкаруу ишин атайын дайындалган "кароол аткаруучу" аткарат. Эгерде "мыйзамдагы ууру" бар болсо да, ал ар бир соттолгондор отрядына өз өкүлдөрүн дайындайт, алар керектүү учурда орун басарларга ээ болушат. Бул орун басарлар менен "смотрящий" биргеликте мыйзамдагы уурунун эркин ишке ашыруучу "көпүрө" катары иш алып барышат, алардын көрсөтмөлөрүн аткаруу жана таратуу милдетин аркалашат.

Учурдагы кылмыштуу түзүмдө маанилүү звено болуп «бригадирлер» саналат, алар түздөн-түз авторитетке баш ийип, топтун мүчөлөрүнүн бардык

иш-аракеттери үчүн жоопкерчилик алышат. Бул звено кылмыш дүйнөсүнө берилген, «жоокерлер» деп аталган соттолгондор тарабынан курчалган. "Жоокерлер" өзгөчө чечкиндүү жүрүм-туруму, физикалык күчү жана кылмыштуу субкультурага берилгендиги менен мүнөздөлөт. Алар башка соттолгондорго таасир этүүнүн ар кандай ыкмаларын колдонушат, оозеки көндүрүүдөн тартып, психологиялык жана физикалык зомбулукка чейин баруу менен каалоосун ишке ашырышат.

Алардын кылмыштуу умтулууларынан жана тапшырылган милдеттерди аткаруу сапатынан улам, «бригадирлер» кылмыштуу иерархияда жогорку деңгээлге көтөрүлүшү же төмөндөшү мүмкүн. Бул иерархиялык өзгөрүүлөр, өз кезегинде, аларга оң же терс натыйжаларды алып келиши ыктымал [76]. Жогорку деңгээлге жетүү менен бригадирлер топто дагы күчтүү таасирге ээ болушат, ал эми иерархиядан түшүрүлгөн учурда аброюн жоготуп, алардын статустук төмөндөшүнө алып келүүчү жагымсыз кесепеттерге дуушар болушат.

Кылмыштуу иерархиянын жогорку деңгээлине «авторитеттер» да кирет, алар, адатта, эки негизги топко бөлүнөт. Биринчи топко мыйзамдагы ууруга жакын болуп эсептелгендер кирет, алар мыйзамдагы уурунун колдоосу менен өз позициясын сактап турушат [76]. Экинчи топ болсо, өздөрүнүн материалдык мүмкүнчүлүктөрүнө таянуу менен көз карандысыздыкка ээ болгон авторитеттерден турат. Бул криминалдык авторитеттер башка кылмышкерлерден турган топ менен курчалып, аларды коргоочулар жана өз тобуна кирбеген адис-кеңешчилер коштоп жүрөт. Жогорку деңгээлдеги авторитеттердин бири "жалпы касса" сактоочусу болуп эсептелет. Ал «общак» (жалпы касса) деп аталган жалпы фонддун уюштурулушу, сакталуусу жана колдонуусу үчүн толук жоопкерчилик алат. «Общак» өзүнө акча, тамак-аш, керектүү буюмдар жана тыюу салынган нерселерди (мисалы, баңгизат, күчтүү дарылар, спирт ичимдиктери) камтыган өзгөчө фондду түзөт. Бул фонд соттолгондорго оор шарттарда жардам көрсөтүү максатында түзүлгөн сыяктуу көрүнөт. Ага мисал катары, тергөө изоляторуна камалган, жалгыз камерага которулган, же ооруканага жиберилген соттолгондорго жардам көрсөтүү

айтылат. Бирок, иш жүзүндө, бул жалпы кылмыштуу "кассаны" көбүнчө кылмыш чөйрөсүнүн жогорку катмары пайдаланат, ал эми көпчүлүк соттолгондорго ага жетүү мүмкүнчүлүгү дээрлик берилбейт [77, 136-142 б.]. "Жалпы касса" (общаг) сактоочусу өзгөчө коргоого алынган, аны топтун башка мүчөлөрү башка топтордун же атаандаштардын коркунучтарынан жана эркинен ажыратуу жайларынын администрациясынын кийлигишүүлөрүнөн ар дайым сактап турат [78, 49 б.].

Кылмыштуу топтордун курамында, адатта, «шакирттер» деп аталган жаш соттолгондор кездешет. Бул жаштар кылмыш дүйнөсүнүн романтикасына сугарылып, "мыйзамдагы уурулардын" идеологиясын туурап, анын принциптерине ылайык жүрүм-турумга умтулушат. Алар топ лидерлеринин жана алардын жакын курчоосунун колдоосуна ээ болуп, кылмыштуу топтун жогорку катмарынын байланыш тармагына кире алышат. Лидерлер тарабынан жүргүзүлгөн «тарбиялоо» процесси бул жаштарды кылмыштуу дүйнөнүн резервдик элитасы катары даярдоого багытталган. Мындай тарбиялоо потенциалдуу келечектеги кылмыштуу кландардын башчыларын калыптандырууга жана алардын келечекте лидер болууга умтулуусун бекемдөөгө жардам берет.

Орто деңгээлди түзгөн «жигиттер» деп аталган топ – бул эркинен ажыратуу жайларындагы соттолгондордун эң көп сандагы катмары болуп саналат, жана алар менен эсептешүүгө туура келет. Бул топ эки тараптуу мүнөздөмөгө ээ: бир жагынан, анын өкүлдөрү өздөрүн коргой билген жана администрациядан коркпогон адамдар катары белгилүү, бирок сыртынан алар эрежелерге жана талаптарга ылайык жүрүм-турумду кармангандай көрүнүшөт; экинчи жагынан, бул топ кылмыштуу субкультураны сактап, анын эрежелерин аткарышат, өздөрүнө тиешеси жок иштерге аралашуудан оолак болушат жана жаза аткаруу мекемесинде тынчтыкты сактап калуу максатында кагылышууларды болтурбоого аракеттенген топтордун саясатын колдошот. «Жигиттер» топтун башка катмарлары менен тең салмактуу мамилени кармануугa умтулуп, эрежелерди жана талаптарды ачык түрдө бузбоого аракет кылышат. Бул топ

түрмө ичинде бейтарап позицияны кармангany менен, өздөрүн коргоого келгенде чечкиндүү аракеттерге баруу жөндөмүнө ээ.

Орто деңгээлдин алкагында «колония активи» деп аталган подгруппа өзгөчө орунду ээлейт. Бул топко кирген соттолгондордун жүрүм-туруму адеп-ахлактык жана укуктук баалуулуктарга негизделип, алар мекемедеги өз алдынча башкаруу иштерине, коомдук иш-чараларга жана эмгек процессине активдүү катышат.

Бул деңгээлдеги топту үч негизги подгруппага бөлүү максатка ылайыктуу деп эсептейбиз: а) жогорку деңгээлдеги адеп-ахлактык жана укуктук баалуулуктарга ээ болгон соттолгондор – бул топ кылмыштуу субкультуранын эрежелерин кабыл албайт жана өзүнүн жүрүм-турумун мыйзамдуу талаптарга ылайык жүргүзөт. Алардын кыймыл-аракеттери кылмыштуу чөйрөдөн алыстап, оңолууга багытталган; б) администрация менен кызматташкан соттолгондор – бул топ өздөрүнүн жеке кызыкчылыктары үчүн администрация менен кызматташат. Алар сыртынан укукка баш ийгендей көрүнсө да, бул жүрүм-турум көбүнчө өз кызыкчылыгын көздөйт, мисалы, шарттуу-эрте бошотууга жетүү максатын көздөйт; в) кылмыштуу субкультуранын эрежелерин бузгандар жана администрация менен кызматташкандар – бул топ криминалдык субкультуранын кээ бир нормаларын бузган жана башка соттолгондордун бейрасмий санкцияларынан качуу максатында администрация менен кызматташкан соттолгондорду камтыйт. Алар администрациянын талаптарын аткаруу аркылуу өз коопсуздугун камсыз кылууга аракет кылышат.

Мындай дифференциация ар бир топтун жүрүм-турум модели жана негизги түрткүлөрүн аныктап, жаза аткаруу мекемелериндеги ар кандай өз ара мамилелердин өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө жана башкарууга мүмкүндүк берет.

Кылмыштуу иерархиянын эң төмөнкү деңгээлинде, «нормалдуу тюремдик байланыштардан» толук четтетилген соттолгондор жайгашкан [21, 299 б.]. Алар башка соттолгондордун үзгүлтүксүз кемсинтүү, шылдыңдоо жана кордук көрсөтүүлөрүнө дуушар болуп, "меченые" "изолированные," "опущенные,"

"пинчи" же "чертяки" деп аталышат. Алардын социалдык өз ара аракеттери түрмөнүн мыйзамдарына ылайык катуу чектелген.

Адатта, бул топко пассивдүү гомосексуалисттер, акыл-эси артта калган же психикалык ооруларга кабылган соттолгондор кирет. Бул категориядагы соттолгондорго колония ичинде атайын жайлар, өздөрүнүн идиш-аяктары бөлүнөт жана алардын байланыш чөйрөсү кескин чектелет. Алардын денесинде, көбүнчө чекесинде же эрдинде, курт-кумурскалардын сүрөттөрүн чагылдырган татуировкалар кездешет. Алар менен өз ара аракетке баруу катуу тыюу салынган: аларды кармоого, кол берип саламдашууга, сүйлөшүүгө же алардан бир нерсе алууга уруксат берилбейт.

Мындан тышкары, бул топтогуларга карата «воровский закон» боюнча физикалык жазалар колдонулбайт; аларды гана бут менен тебүү же таяк менен сабоо уруксат. Бул ыкма аларга жугуштуу оору менен жабыркаган адамдардай мамиле кылууга окшошуп, аларды коомдон толук обочолонтот. Бул эрежелерди бузган башка соттолгондор, өз кезегинде, булар менен бирдей абалга түшүп калуу коркунучуна дуушар болушат. Учурда бул топтун чектери кеңейип, анын курамына төмөнкү категориядагы соттолгондор да кошулууда: 1) башкалардын жеке мүлкүн уурдагандыгы аныкталган соттолгондор – алар криминалдык чөйрөдө эң жогорку деңгээлде жек көрүлөт; 2) кылмыштуу субкультуранын эрежелерин бузгандыгы үчүн топтон чыгарылган соттолгондор – алар криминалдык нормаларга каршы келгендиктен жазага тартылат; 3) оперативдик бөлүмдөр менен кызматташууга шектелген соттолгондор – булар жаза аткаруу мекемелеринин кызматкерлери менен байланыш түзгөндүгү үчүн күнөөлөнүп, башка соттолгондор тарабынан четке кагылат. Бул өзгөчө тобокелдүү катмар түрмө ичинде эң катуу изоляцияланган жана бул топко кирген соттолгондорго башка соттолгондордун арасында терс мамиле көрсөтүлөт.

Г.Ф. Хохряковдун айтуусунда, бул топтун ичинде өздөрүнүн абалын сактап калууга аракет кылган лидерлер да бар. Алар өз позициясын бекемдөө үчүн башка ушундай эле абалдагы соттолгондорду колдонушат [79, 45 б.].

Соттолгондордун иерархиялык катмарлануусун анализдөөдө аялдар арасында бул структура анча байкалбастыгын баса белгилөө керек. Бул көрүнүш, балким, психологиялык факторлорго байланыштуу болушу мүмкүн. Жаза аткаруу мекемелериндеги айрым аял соттолгондордун арасында жазылбаган социалдык нормалар жана баалуулуктар бар экенине карабастан, аялдардагы катмарлануунун негизги критерийлери төмөнкүлөрдү камтыйт: идеологиялык көз караштар, жеке симпатиялар, жаш курак жана түрткү факторлор.

Соттолгондордун катмарлануусу алардын эркинен ажыратуу шарттарындагы жашоосуна олуттуу таасир тийгизери да анык. Бул катмарлануунун таасири төмөнкү аспекттерде көрүнөт: *а) бейрасмий статус***.** Жаза мөөнөтүн өтөп жаткан мезгилде бейрасмий статуска ээ болуу соттолгондордун арасында фактылык теңсиздикти жаратат. Бул теңсиздиктин кесепетинен бир категориядагы соттолгондордун муктаждыктары башка бир категориядагы адамдардын эсебинен канааттандырылышы мүмкүн. *б) кылмыштуулуктун булагы***.** Жаза аткаруу мекемелеринде ар кандай топтордун болушу кылмыштуулуктун булагы катары кызмат кылат, анткени бул абал конфликттүү жагдайлардын жаралышына өбөлгө түзөт. *в) тюремдик субкультуранын таасири***.** Эркинен ажыратуу жайларында өкүм сүргөн субкультура жана криминалдык идеология мыйзамдуу нормаларды сактоону татаалдаштырып, соттолгондордун кылмыштуу нормаларды өздөштүрүп, бекемдеп алуусуна шарт түзөт.

Белгилеп кетүү маанилүү, жаза аткаруу мекемелеринин администрациясына каршы уюштурулган кылмыштардын уюштуруучулары, адатта, жогорку деңгээлдеги лидерлер болуп саналат. Буга чейин айтылгандай, алардын күнөөсүн далилдөө кыйынга турат. Бул алардын көрсөтмөлөрүн аткарган "бригадирлер" же "жоокерлер" тарабынан корголгондугу менен түшүндүрүлөт, жана бул уюшкан топтун мүчөлөрү катары алардан күбө катары көрсөтмө алуу дээрлик мүмкүн эмес. Ушундай эле абал башка соттолгондордун арасында да байкалат, анткени алар бири-бирине каршы көрсөтмө берүүдөн баш тартышат.

Жалпысынан жаза аткаруу мекемелериндеги уюшкан топтордун мүчөлөрү тууралуу айтсак, алар адатта кесипкөй кылмышкерлердин сапаттарына ээ экенин белгилөөгө болот. Мисалы, эркинен ажыратуу жайларындагы уюшкан кылмыштуулуктун масштабы жана мүнөзү соттолгондордо табылган материалдык баалуулуктар, баңгизаттар, кескич жана атуучу куралдар, ошондой эле тыюу салынган башка предметтер аркылуу бааланат. Бул нерселер, адатта, издөө учурунда табылат жана топтун уюшкандыгын жана ресурсту камтуучу мүнөзүн көрсөтөт.

Ошондой эле, бул маселеге карама-каршы жагынан да кароо зарыл. Уюшкан топтор өздөрүндө чоң материалдык ресурстарга ээ болуу менен, алардын катарына башка соттолгондордон каражаттарды опузалап алуу жолдору аркылуу да байый алышат. Алар өздөрүнүн кылмыштуу иш-аракеттерине жаза аткаруу мекемелеринин айрым кызматкерлерин жана укук коргоо органдарынын оперативдик персоналын тартууга аракет кылышат. Бул топтордун таасирин жана абалын күчөтүүгө тоскоолсуз жетишүүгө шарт түзөт.

Мындай кылмыштуу топтордун байланышы, адатта, бир эле аймак менен чектелбестен, кеңири масштабга ээ болушу мүмкүн. Алар көп учурда ички жана эл аралык деңгээлде кызматташтыкка жетишип, жалпы кылмыштуулук менен экономикалык кылмыштуулуктун кесилишкен чөйрөсүндө иш алып барышат.

Белгилеп кетүү керек, ар кандай деңгээлдеги коррупциялык байланыштардын көбөйүү тенденциясы байкалууда, бул уюшкан кылмыштуулуктун өз позицияларын бекемдөөгө жетишип жаткандыгын көрсөтөт. Эркинен ажыратуу жайларында иш алып барган уюшкан кылмыштуу топтордун өзгөчөлүгү — алардын катарында кайталануучу кылмыш жасаган (рецидивист) көптөгөн соттолгондордун болушу. Бул адамдар жаза аткаруу мекемелеринде жүрүп, түрмөдөгү жазылбаган эрежелер жана алардын лидерлеринин чексиз коргоо мүмкүнчүлүктөрү аркылуу өз кылмыштуу ишмердүүлүгүн коопсуз жүргүзүүдө өздөрүн ишенимдүү сезишет.

Ошентип, төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

**I.** Эркинен ажыратуу жайларында уюшкан кылмыштуу топторду классификациялоонун эки негизги принцибин бөлүп көрсөтүү негиздүү көрүнөт: алардын түзүлүү принциби жана түзүлүү максаты боюнча: **1) жаза аткаруу мекемелеринде уюшкан топтордун түзүлүү принциби боюнча:** а) улуттук башат — улуттук же этностук негизде түзүлгөн топтор; б) жердешчилик — географиялык белгилери боюнча, башкача айтканда, келип чыккан жери боюнча бириккен топтор; в) туугандык байланыштар — соттолгондордун ортосундагы үй-бүлөлүк байланышка негизделген топтор; г) мурда ушул мекемеде жазасын өтөгөн соттолгондор — буга чейин жаза аткаруу мекемелеринде тажрыйба топтогондордон турган топтор; д) жалпы кызыкчылык жана кызыгуу — жалпы кызыкчылыктар же кылмыштуу ишмердүүлүктүн түрү боюнча бириккен топтор. **2) Жаза аткаруу мекемелеринде уюшкан топтордун түзүлүү максаты боюнча:** а) кылмыштуу ишмердүүлүктү уюштуруу — тобокелдикке байланыштуу оюндарды уюштуруу, баңгизаттарды жана психотроптук заттарды сатып алуу жана сатуу, тыюу салынган буюмдарды алып келүү сыяктуу ар кандай кылмыш аракеттерин ишке ашыруу үчүн топ түзүү; б) жаза аткаруу мекемелеринин кызматкерлерине таасир этүү — мекеме кызматкерлерин сатып алуу жана алардын милдеттерин буздуруу аркылуу уюшкан топтун кызыкчылыктарын ишке ашыруу, ошондой эле мекеме ичинде жана андан тышкары кылмыштуу ишмердүүлүктү тоскоолсуз жүргүзүү; в) лидерликти басып алуу жана өзгөчө контингентти баш ийдирүү — жаза аткаруу мекемесиндеги башка соттолгондорду көзөмөлдөө жана үстөмдүк кылуу аракети; г) өздөрүнө ыңгайлуу шарттарды түзүү — башка соттолгондордон каражат опузалап алуу, кысым көрсөтүү жана талап-тоноо жолу менен жайгашуу шарттарын жакшыртуу; д) конкреттүү кылмыштарды уюштуруу жана ишке ашыруу — атайын максатта пландаштырылган кылмыштарды даярдоо жана ишке ашыруу, мисалы, келишимдүү адам өлтүрүүлөр, массалык баш аламандыктар, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук жана башка аракеттер.

**II.** Эркинен ажыратуу жайларында иш алып барган кылмыштуу топтордун мүчөлөрүнүн жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрү: 1) соттолгон адамдын коомдук кооптуулук деңгээли анын канча жолу соттолгону жана жасаган кылмыштарынын оордугу менен гана аныкталбастан, ошондой эле кылмыштуу түзүмдүн иерархиясында ээлеген ордуна да жараша аныкталат; 2) топтун түзүмү канчалык татаал жана деңгээли канчалык жогору болсо, анын лидерлери жана мүчөлөрү ошончолук кооптуу деп саналат; 3) соттолгондорду кылмыштуу топтордун башка мүчөлөрү аркылуу тартуу, бул бекем кылмыштуу коомдорду түзүүгө өбөлгө түзөт, алар эркиндикте турган лидерлер тарабынан башкарылышы мүмкүн. Азыркы шарттарда формалдуу нормалардын таасири алсыздап, ошол эле учурда бейформал кылмыштуу түзүмдөрдүн ролу күчөп жатат; 4) кылмыштуу топтогу статусуна жараша соттолгон адам төмөнкү өзгөчөлүктөрдү көрсөтүшү мүмкүн: а) эркинен ажыратуу жайларында өкүм сүргөн кылмыш нормаларын сактоо же бузуу; б) анын статусуна ылайык ролдук талаптарды аткаруу; в) өзүнүн автономдуулугун, башкача айтканда, башка социалдык топтордон көзкарандысыздыкты көрсөтүү; г) статусунун туруктуулугу, бул иерархиянын төмөнкү деңгээлинде турган соттолгондор менен достук мамиледе болуу мүмкүнчүлүгүн чектейт; д) тюремдик субкультурага тиешелүү атрибутиканын болушу, анын социалдык статусун чагылдыруу; е) ар кандай страттардын өкүлдөрү менен өз ара мамилелерде субординацияны сактоо жана криминалдык тепкичте алдыга жылууга чектөөлөрдү сактоо; ж) иерархиядагы ордуна жараша белгилүү бир баалуулуктарга жана артыкчылыктарга ээ болуу; з) өзүнүн деңгээлине туура келген жана учурдагы кылмыштуу моралга ылайык келүүчү милдеттерди аткаруу.

**III.** Соттолгондордун катмарлануусу алардын эркинен ажыратуу шарттарындагы жашоосуна олуттуу таасир тийгизери да анык. Бул катмарлануунун таасири төмөнкү аспекттерде көрүнөт: *а) бейрасмий статус* - жаза мөөнөтүн өтөп жаткан мезгилде бейрасмий статуска ээ болуу соттолгондордун арасында фактылык теңсиздикти жаратат. Бул теңсиздиктин

кесепетинен бир категориядагы соттолгондордун муктаждыктары башка бир категориядагы адамдардын эсебинен канааттандырылышы мүмкүн. *б) кылмыштуулуктун булагы* - жаза аткаруу мекемелеринде ар кандай топтордун болушу кылмыштуулуктун булагы катары кызмат кылат, анткени бул абал конфликттүү жагдайлардын жаралышына өбөлгө түзөт. *в) тюремдик субкультуранын таасири* - эркинен ажыратуу жайларында өкүм сүргөн субкультура жана криминалдык идеология мыйзамдуу нормаларды сактоону татаалдаштырып, соттолгондордун кылмыштуу нормаларды өздөштүрүп, бекемдеп алуусуна шарт түзөт.

**IV.** Эркиндигинен ажыратуу жайларында кылмыштуу иерархияда лидерлик ролду ээлеген криминалдык авторитеттердин ишмердүүлүгүнө төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр мүнөздүү: **1) ички милдеттери:** кылмыштуу түзүмдөрдүн туруктуулугун жана биримдигин камсыздоо үчүн, жаза аткаруу мекемелеринин ичинде жана сыртында өзүнүн таасирин сактап калуу максатында, алар бир катар өзгөчө милдеттерин аткарышат: а) кылмыштуу жүрүм-турумдун идеализацияланган моделин жайылтуу аркылуу соттолгондор арасында кылмыштуу субкультуранын салттары менен нормаларын карманууну камсыздайт жана жаза аткаруу мекемеси кызматкерлеринин көрсөтмөлөрүнө баш ийбөөгө үндөшөт; б) соттолгондордун мекеменин администрациясы, айрыкча, оперативдик кызматкерлер менен байланышын катуу көзөмөлдөшөт, мындай өз ара аракеттерди болтурбоого аракет кылышат; в) топ мүчөлөрү үчүн жаза мөөнөтүнүн бүткүл мезгилинде ыңгайлуу шарттарды түзүүгө аракет кылышат; г) жаза аткаруу мекемеси администрациясынын соттолгондордун бейрасмий нормаларына кийлигишүүсүн мүмкүн болушунча азайтуу үчүн чара көрүшөт, анын ичинде кызматкерлерди сатып алуу жолдорун колдонушат; д) "общакты" сырткы ресурстар менен толуктап, соттолгондорду материалдык каражаттар менен камсыздоо үчүн тышкы байланыштарды уюштурушат (анын ичинде "заказдуу" тапшырмаларды аткаруу аркылуу); е) жыйналган каражаттарды кылмыштуу иерархиядагы статусуна ылайык топ мүчөлөрүнүн арасында бөлүштүрөт; ж) "мыйзамдагы уурулардын" салттарына жана

кылмыштуу субкультурага ылайык, жаза аткаруу мекемесинин ичинде башка топтор жана администрация менен болгон жаңжалдарды чечүү үчүн адамдык жана материалдык ресурстарды мобилизациялашат; з) формалдуу өз алдынча иштеген уюмдарга активдүү каршылык көрсөтүүнү санкциялашат жана координациялашат, өзгөчө алардын ишмердүүлүгү топтун кызыкчылыгына коркунуч келтирген учурларда; и) топтун ичинде эрежелерди жана нормаларды сактоону көзөмөлдөшөт, алардын бузулушу үчүн жазалоо чараларын колдонушат жана топтун ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтын сырткы чөйрөгө чыгышын алдын алышат, бул топтун ичинде тартипти жана авторитетти сактоого жардам берип, маалыматтын сыртка чыгып кетүү коркунучун минималдаштырат; **2) тышкы милдеттери:**: бул милдеттери мекеме сыртындагы байланыштарды түзүү жана бекемдөө максатына багытталган: а) эркинен ажыратуу жайында калуу шарттарын же бошотулууну жеңилдетүү үчүн укук коргоо органдарынын жана мамлекеттик башкаруу органдарынын кызматкерлери менен байланыштарды орнотуу жана таасир көрсөтүү; б) мекемеден тышкары жайгашкан башка топтордун лидерлери же жаза аткаруу мекемесинин жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери менен бейформал макулдашууларга жетишүү; в) эркинен ажыратуу жайынан тышкары кылмыштуу ишмердүүлүктү ишенимдүү адамдар аркылуу координациялоону улантып, бошотулган соттолгондорду топтун ишмердүүлүгүнө кайрадан тартууну камсыздоо менен алардын таасирин мекемеден тышкары да сактоо; г) өзүнүн көзөмөлүндөгү соттолгондордун жана алардын үй-бүлөлөрүнүн моралдык жана психологиялык абалын колдоого алып, лоялдуулукту жана топтун идеалдарына берилгендикти бекемдөө үчүн ар кандай ыкмаларды колдонушат; д) мекемеге тыюу салынган буюмдарды жана заттарды контрабандалык жолдор менен алып келүү схемаларын уюштуруп жана көзөмөлдөп турушат, бул топтун ичинде жана мекеме сыртында өз таасирин жана аброюн сактап калууга өбөлгө түзөт.

**V.** Соттолгон адамдын инсандыгын изилдөөдө анын кылмыш жасоо механизминдеги жүрүм-турумун анализдөөгө көңүл буруу максатка ылайыктуу

көрүнөт. Бул үчүн алардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктап, жүрүм-турумуна таасир этүүчү психологиялык жана юридикалык факторлорду табуу зарыл. Биздин оюбузча, мындай ыкма жаза мөөнөтүн өтөп жаткан учурда соттолгондор тарабынан жасалган кылмыштарды иликтөөнүн натыйжалуулугун арттырууга жана кылмыш сот өндүрүшүндө башка тоскоолдуктарды жеңүүгө шарт түзөт. Жаза аткаруу мекемелеринин социалдык чөйрөсү, пенитенциардык субкультура, салттар жана бейрасмий эрежелер кылмышкердин инсандык өзгөчөлүгүн калыптандырат. Жаза аткаруу мекемелериндеги кылмышкерлердин инсандык өзгөчөлүктөрүн түшүнүү жана аныктоо үчүн алардын салт-санааларын, тюремдик субкультураны, бейрасмий жүрүм-турум нормаларын жана иерархиясын изилдөө зарыл, анткени бул факторлор ал жакта орун алган ар кандай зомбулук түрлөрүнүн себеби болушу мүмкүн. Жаза аткаруу мекемелеринин субкультурасы топтордогу өз ара криминалдашууга негизги фактор болуп саналат. Бул субкультура агрессивдүү мүнөзгө ээ жана адам тергөө абагына түшкөн учурдан тартып таасир эте баштайт.

**VI.** Жүрүм-турум аспектилерине жараша соттолгондорду эки түргө бөлүү негиздүү көрүнөт. Биринчи түргө өзгөчө адамдарга карата физикалык зомбулук аракеттерин жасаган соттолгондор кирет. Экинчи түргө белгилүү категориядагы кылмышкерлерге карата вербалдык жана психикалык мүнөздөгү зомбулук аракеттерин жасаган соттолгондор кирет. Орто деңгээлде "колониянын активи" деп аталган атайын бир подгруппа да бар. Бул топтун соттолгондорунун жүрүм-туруму адеп-ахлактык жана укуктук баалуулуктарга негизделет. Алар атайын контингенттин өзүн-өзү башкаруу иштерине, коомдук иштерге жана эмгек процессине активдүү катышышат. Бул деңгээлди үч подгруппага бөлүү максатка ылайыктуу: а) жогорку адеп-ахлактык жана укуктук баалуулуктарга ээ соттолгондор, алар кылмыштуу субкультуранын нормаларын кабыл албайт; б) жаза аткаруу мекемесинин администрациясы менен жеке кызыкчылыктарынан улам кызматташкан соттолгондор, алар формалдуу түрдө мыйзамга баш ийген жүрүм-турумду көрсөтүшөт (мисалы,

шарттуу-эрте бошотуу максатында); в) кылмыштуу субкультуранын белгилүү бир нормаларын бузган жана башка соттолгондордун бейрасмий санкцияларынан качуу максатында администрация менен кызматташкан соттолгондор. Учурда төмөнкү деңгээлдеги топко кирген соттолгондордун катарына киргендердин чөйрөсү кеңейип жатканына көңүл буруу зарыл. Алардын курамына төмөнкүлөр кирет: 1) башка соттолгондордун жеке мүлкүн уурдоодо кармалган соттолгондор; 2) кылмыштуу субкультуранын эрежелерин бузгандыгы үчүн топтон чыгарылган соттолгондор; 3) жаза аткаруу мекемелеринин оперативдик бөлүмдөрү менен кызматташууга ниеттенген деп шектелген соттолгондор. Жаза аткаруу мекемелеринде кылмыш жасаган соттолгондорду классификациялоодо кабыл алынган салттуу критерийлер алардын өзгөчөлүктөрүн жана типтүү мүнөздөрүн аныктоодо маанилүү роль ойнойт. Бул критерийлерге жынысы, жашы, жасалган кылмыштын түрү жана мүнөзү, мурунку соттуулугунун болушу жана белгилүү бир топко тиешелүүлүгү кирет.

# 2 Бап. ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## *2.1. Изилдөөнүн объектисин жана предметин аныктоо. Изилдөө методологиясы*

Юридикалык илимдин изилдөө предмети катары укуктук кубулуштардын негизинде жаткан туруктуу, мыйзам ченемдүү жана өз ара байланышкан процесстер каралат, булар укуктук чөйрөнүн өнүгүшүнө жана өзгөрүүсүнө таасирин тийгизет. Изилдөө предметин аныктоодо заманбап илимий ыкмаларды жана методологияларды, ошондой эле укуктук нормалардын жана концепциялардын өзгөрүү динамикасын жана багыттарын эске алуу маанилүү. Ушул чөйрөдөгү жаңы билимдердин калыптанышына таасир эткен мыйзам ченемдүүлүктөрдү изилдөө дагы зор мааниге ээ, анткени бул укук теориясынын түзүлгөн негизин тереңирээк түшүнүүгө жана аны өнүктүрүүнүн келечектүү багыттарын табууга мүмкүндүк берет.

Ошентип, изилдөө предметин тандоого болгон мамиле актуалдуу көйгөйлөрдү аныктоого негизделип, учурдагы теориялык жоболорду жана дагы деталдаштырылышы зарыл болгон чечилбеген суроолорду эске алууну камтышы керек. Бул белгиленген максаттарга жана милдеттерге ылайык, азыркы ***изилдөөнүн предметине*** төмөнкү аспекттер кирет: 1) жаза аткаруу мекемелеринде жасалган кылмыштарга байланыштуу маалыматтарга негизделген криминалистикалык билимдердин калыптанышынын мыйзам ченемдүүлүктөрү; 2) бул категориядагы иштер боюнча алдын ала тергөө органдарынын тергөө аракеттерин жүргүзүүсүн жөнгө салган кылмыш-процессуалдык укуктун жоболору.

Жалпыга белгилүү болгондой, изилдөө объектиси изилдөөчүлөрдүн кызыгуусун жараткан белгилүү бир кубулушка же процесске багытталган таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн негизги элементин түзөт. Илимий практикада

изилдөө объектиси жөн гана изилденүүчү материал катары эмес, тескерисинче, аналитикалык жана эмпирикалык издөө иштеринин баштапкы пункту катары каралат. Бул издөө иштери кубулуштардын маңызын жана алардын өз ара байланыштарын ачууга багытталган. Көп учурда объект катары иликтөөчү тарабынан каралып жаткан кубулуштар же процесстер, изилдөөчүнүн аң-сезимине же кабылдоосуна көз карандысыз түрдө объективдүү бар болгон материалдык процесстер жана феномендер саналат. Бул иликтөөлөрдү субъективдүү интерпретацияга көз каранды болбогон маалыматтардын негизинде көз карандысыз жана объективдүү жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Юридикалык илимде бул өзгөчө маанилүү, анткени изилдөө объектиси укук жана коом феномендерин талдоодо укук изилдөөчүлөрүнө "чоңойткуч айнек" сыяктуу кызмат кылат, анын жардамы менен алар бул феномендердин мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрүн аныкташат [80].

Бул ыкма бизге укук колдонуу ишмердүүлүгүнүн теориялык жана колдонмо аспекттерин интеграциялоого мүмкүндүк берди, бул көйгөйдү тереңирээк түшүнүүгө жана пенитенциардык кылмыштуулукка каршы турган укуктук жана социалдык механизмдер тууралуу бүтүндүк түшүнүктү калыптандырууга өбөлгө түзөт. Алдыңкы юрист-окумуштуулардын эмгектерин анализдөөдө биз бул категориядагы кылмыштарды оздуктоого багытталган укуктук механизмдердин көз караштарын, ошондой эле алардын натыйжалуулугун жана коомдун учурдагы талаптарына шайкештигин эске алдык. Жогоруда баяндалгандардын негизинде, бул ***изилдөөнүн объектиси*** катары жаза аткаруу мекемеси шарттарында кылмыш жасаган соттолгондордун кылмыштуу ишмердүүлүгү жана бул кылмыштарды иликтөө учурунда сотко чейинки өндүрүш процессинде калыптанган укуктук мамилелер эсептелет.

Юридикалык илимде изилдөөнүн методологиясы өзгөчө жана көз карандысыз бир багытты түзөт, бул жаатта укукта болуп жаткан ар кандай процесстердин илимий таанылышына, формаларына, методдоруна жана шарттарына көңүл бурулат. Бул процесстер терең илимий анализге объект жана предмет катары каралып, ар тараптуу изилдөөгө алынат. Методология өзүнө

укуктук кубулуштарды түшүнүүгө, укукту колдонууда мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого жана укуктук мамилелерди талдоого багытталган принциптер менен ыкмаларды камтыйт [81, 35-40 б.]. Бул изилдөөчүгө укукта болуп жаткан өзгөрүүлөрдү каттоого гана эмес, алардын себептерин, натыйжаларын жана коомго тийгизген таасирин да изилдөөгө мүмкүндүк берет.

Методологиялык ыкма жагынан караганда, юридикалык илим ар кандай методдорду колдонуу аркылуу изилденүүчү объектти ар тараптан карап чыгууга жана укуктук процесстер менен кубулуштарды тереңирээк изилдөөгө багытталган. Окумуштуулар белгилешкендей, изилдөөнүн методологиялык потенциалы үч негизги топко бөлүнгөн методдордон турат жана алардын ар бири илимий билимди тереңдетүүгө уникалдуу салым кошот. Бул топтор төмөнкүлөрдү камтыйт: **философиялык методдор** – укукта болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн жалпы көрүнүшүн көрүүгө, укуктун негизиндеги фундаменталдык принциптерди жана базалык баалуулуктарды аныктоого жардам берет; **жалпы илимий методдор** – маалыматтарды талдоонун жана жалпылоонун куралы катары колдонулат жана ар кандай илимдерде, анын ичинде юриспруденцияда кеңири колдонулат; **тармактык илимдин өзгөчө методдору** – юридикалык маселелердин өзгөчөлүктөрүн жана укукту колдонуу жаатындагы спецификаны изилдөө үчүн атайын иштелип чыккан. Бул ыкмалардын ар биринин ролу укукту түшүнүү процессинде жана илимий изилдөөдө маанилүү орунду ээлейт.

Философиялык методдор юристтерге жана изилдөөчүлөргө укукту анын маңызы жана негизги принциптери жагынан изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Бул методдор диалектика, феноменология жана герменевтика сыяктуу ыкмаларды камтыйт, алар укуктун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн, анын коомдогу ролу жана маанисин ачып көрсөтүүгө, ошондой эле укуктук нормалардын адеп-ахлактык жана социалдык баалуулуктар менен байланышын аныктоого жардам берет.

Жалпы илимий методдор, мисалы, анализ, синтез, индукция, дедукция жана моделдөө изилдөөчүгө алынган маалыматтарды системага салуу жана түзүмдөө

үчүн куралдарды берет. Бул ыкмалардын жардамы менен укуктук нормалардын ортосунда логикалык байланышты түзүүгө жана укуктук тутумдун теориялык жана практикалык аспектилерин аныктоого болот.

Тармактык илимге тиешелүү атайын методдор, мисалы, салыштырма-укуктук анализ, юридикалык эксперимент жана статистикалык анализ изилдөөчүгө укукту колдонуудагы өзгөчөлүктөрдү так жана деталдуу изилдөөгө жардам берет, өзгөчө конкреттүү учурларды изилдегенде алардын мааниси жогору.

Бул изилдөөнүн методологиялык даярдоо этабында изилденүүчү маселелердин абалын жана иштелип чыгуунун даражасын баалоо үчүн пенитенциардык кылмыштуулук маселелерине арналган илимий эмгектерди контент-талдоо методу колдонулган. Бул метод аркылуу кеңири академиялык булактардын мазмунун системалуу жана объективдүү анализдеп, бул жаатта окумуштуулар тарабынан сунушталган негизги ыкмалар менен теориялык концепцияларды изилдөөгө жана илимий адабияттарда көтөрүлгөн басымдуу тенденциялар менен көйгөйлөрдү аныктоого мүмкүндүк түзүлдү.

Контент-талдоо пенитенциардык кылмыштуулуктун абалына жана өнүгүшүнө таасир этүүчү негизги факторлорду жана изилдөөнүн гипотезасын калыптандыруу үчүн теоретикалык негиздерди талдоого багытталган. Анализдин жүрүшүндө сандык жана сапаттык аспекттер тең эске алынып, илимий эмгектерде көп кездешкен концепциялар, пикирлер жана жыйынтыктар – пенитенциардык кылмыштуулуктун себептери, шарттары жана механизмдери, ошондой эле анын алдын алуу жана көзөмөлдөө ыкмалары боюнча кеңири каралып чыкты.

Жүргүзүлгөн контент-талдоо изилдөөчү базанын абалы тууралуу объективдүү түшүнүк берүү менен гана чектелбестен, изилдөө гипотезасын иштеп чыгуу жана келечектеги изилдөөлөрдүн перспективалуу багыттарын аныктоо үчүн бекем негиз түздү. Алынган маалыматтардын негизинде пенитенциардык кылмыштуулуктун динамикасын, түзүмүн жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн тереңирээк түшүнүү үчүн маанилүү болгон негизги

факторлор аныкталды. Бул факторлор кылмышкерлердин криминологиялык мүнөздөмөлөрүн, жазаны аткаруу мекемелериндеги криминогендик абалды, ошондой эле эркинен ажыратуу жайларындагы кылмыштуулуктун абалына таасир этүүчү укуктук жана уюштуруучулук аспекттерди камтыйт.

Ошентип, контент-талдоонун жыйынтыктары изилдөөнүн методологиялык базасын иштеп чыгуунун маанилүү этабы болуп, гипотезаны түзүү жана эмпирикалык бөлүктү мындан ары өнүктүрүү үчүн зарыл негизди камсыз кылды.

Изилдөө учурунда диалектикалык тааным методдору колдонулду, бул пенитенциардык кылмыштуулук феноменин тереңирээк түшүнүүгө, аныкталган факторлорду деталдаштырылган түрдө анализдөөгө жана жазаны аткаруу мекемелеринде бул категориядагы кылмыштардын мүнөздүү белгилерин кылмыш-процессуалдык жана криминалистикалык илимдердин алкагында изилдөөгө шарт түздү. Диалектикалык ыкманын жардамы менен пенитенциардык кылмыштуулук обочолонгон кубулуш катары гана эмес, кеңири криминологиялык көйгөйлөрдүн комплекстүү бөлүгү катары каралып, эркинен ажыратуу жайларындагы шарттар менен кылмыштуу жүрүм-турумдун өзгөчөлүктөрүнүн ортосундагы өз ара байланыштарды, ошондой эле пенитенциардык чөйрөдөгү кылмыштуулуктун динамикасын калыптандырган негизги мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого мүмкүндүк түзүлдү.

Анализ ыкмасы аркылуу бул маселелерге байланыштуу алдыңкы окумуштуулардын позициялары терең бааланган, бул пенитенциардык кылмыштуулукту изилдөөгө карата колдонулуп келе жаткан ыкмаларды аныктоого жана бул жаатта сунушталган илимий гипотезалар менен жыйынтыктарды сын көз караш менен кароого өбөлгө түздү. Анализдин натыйжасында пенитенциардык тутум шартында жасалган кылмыштарды иликтөө методдорун өркүндөтүүгө багытталган автордук ыкмалар жана методдор негизделип, сунушталды. Мындан тышкары, бул ыкманын алкагында, эркинен ажыратуу жайларында жүргөн кылмышкерлердин инсандык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, кылмыштарды иликтөөнүн айрым

аспекттери жаңыланып иштелип чыкты. Бул жаңылоо сурак методдорун адаптациялоону, жүрүм-турум факторлорун анализдөөнү жана далилдерди каттоо жолдорун жакшыртууну камтыйт, бул кылмыштарды аныктоо, алдын алуу жана иликтөөнүн натыйжалуулугун жогорулатууга шарт түзөт.

Ошентип, диалектикалык метод жана анализ ыкмасы колдонулган бул изилдөө теориялык негиздер жана пенитенциардык кылмыштуулукка карата колдонулуучу кылмыш-процессуалдык жана криминалистикалык методдорду өркүндөтүүгө багытталган практикалык сунуштар менен байытылды.

Изилдөөдө колдонулган синтез ыкмасы бул диссертациянын алкагында колдонулган негизги түшүнүктөргө автордук аныктамаларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берди, жана бул изилдөөнүн түшүнүк-категориялык аппаратын байытууга маанилүү салым кошту. Синтез аркылуу мурунку этаптарда алынган ар түрдүү теориялык жана эмпирикалык маалыматтарды бир бүтүн түшүнүктөр жана концепциялар түрүндө бириктирип, пенитенциардык кылмыштуулуктун маңызын жана өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү мүмкүн болду. Бул аныктамалар изилденген кубулуштардын мазмунун тактоо менен гана чектелбестен, келечектеги криминология жана пенитенциардык укук тармагындагы изилдөөлөр үчүн илимий базаны өнүктүрүүгө да салым кошот.

Формалдуу-уюктук методду колдонуу пенитенциардык кылмыштуулукка каршы күрөшүүнү жана аны иликтөө методдорун жөнгө салган нормативдик жоболордун мазмунун терең ачып берүүгө өбөлгө түздү. Бул метод аркылуу мыйзамдарды изилдеп гана тим болбостон, эркинен ажыратуу жайларындагы кылмыштуулукка каршы күрөштү кыйындаткан укуктук жөнгө салуудагы боштуктар менен жетишсиздиктерди аныктоо мүмкүн болду. Укуктук нормаларды алардын формулировкасы жана практикада колдонулушу жагынан талдоо аркылуу бул чөйрөдөгү укукту колдонуу натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган нормативдик базаны өркүндөтүү боюнча сунуштар иштелип чыкты.

Мындан тышкары, изилдөөдө системалык-структуралык анализ методу колдонулду. Бул методдун жардамы менен жазаны аткаруу мекемелеринде

кылмыштуулуктун пайда болушуна жана жайылышына өбөлгө түзгөн факторлорду жана шарттарды аныктап, классификациялоого мүмкүнчүлүк түзүлдү. Системалык ыкма пенитенциардык кылмыштуулукту татаал, көп факторлордон турган кубулуш катары кароого шарт түздү. Бул факторлор социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрдү, соттолгондордун камоо шарттарын жана жазаны аткаруу мекемелериндеги башкаруу жана көзөмөл өзгөчөлүктөрүн камтыйт. Ушул методологиялык ыкманы колдонуу аркылуу системалык кемчиликтер аныкталды, алар кылмыштуулуктун пайда болушуна ыңгайлуу шарттарды түзөт жана бул кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берди. Бул сунуштар эркинен ажыратуу жайларындагы кылмыштуулукка каршы алдын алуу жана күрөшүү чараларын иштеп чыгууда чоң мааниге ээ.

# 3-Бап. ЖАЗАНЫ АТКАРУУ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ ЖАСАЛГАН АЙРЫМ КЫЛМЫШТАРДЫ ТЕРГӨӨДӨ КРИМИНАЛИСТИКАЛЫК КАМСЫЗДООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## *3.1. Жазаны аткаруу мекемелеринде жасалган кылмыштарды тергөөдө криминалистикалык камсыздоонун жалпы ыкмалары*

Белгилеп кетүү жагдай, бул жазаны аткаруу мекемелеринде соттолгондор тарабынан эң көп жасалган кылмыштардын катарына: киши өлтүрүү, ар кандай деңгээлдеги ден соолукка залал келтирүү, баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүү, жыныстык эркиндикке каршы жана башка Интернет тармагы аркылуу жасалган алдамчылык, анын ичинде телефон аркылуу алдамчылык, кылмыш аракеттер кирет [168;[169].

Жалпысынан, "криминалистикалык камсыздоо" [170] терминин кылмыштарды тергөө контекстинде ар кандай мааниледе колдонулуп, илимий адабияттарда анын түрдүү интерпретациялары жана көптөгөн авторлордун арасында пикир келишпестиктер орун алганы байкалат.

«Камсыздоо» түшүнүгү С.И. Ожеговдун сөздүгүнө таянып чечмелесек ар кандай тармакта колдонулуп, азыркы учурда кеңири мааниге ээ болгону даана байкалат [82, 364 б.]. Ушул өңүттөн алганда, процесстердин ийгиликтүү жүрүшүн камсыз кылуу материалдык максат үчүн түзүлгөн. Ошентип, «камсыздоо» термини белгилүү бир иштин ишке ашуусу үчүн зарыл шарттарды, ресурстарды жана механизмдерди камсыз кылууну өзүнө камтыйт [83].

Мисалы, далилдөө процессинде «криминалистикалык камсыздоо» түшүнүгү көбүрөөк ылайыктуу деп эсептелет. Бул түшүнүк илимде алгач XX кылымдын 70-жылдарынын аягында В.Г. Коломацкий тарабынан каралып, изилденип чыгып, илимий айлампага киргизилген [84, 62 б.], кийн бул маселеге Е.Н.

Кондрат көнул бурган [171, 591 б.]. Бул окумуштуулар ички иштер органдарынын кызматкерлери коомдук тартипти сактоо жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү багытында криминалистикалык билимдерди ишке киргизүүнүн комплекстүү тутуму деген ойлорду жазышкан [84, 62-63б.; 86; 171, 591 б.].

Кийинчерээк бул түшүнүктү башка илимпоз-криминалисттер колдоп, андан ары өнүктүрүшкөн [87; 88; 89]. Алар бул категорияны криминалистиканын жалпы ишмердүүлүгүнө гана эмес, аны криминалдык милиция жана алдын ала тергөө органдары үчүн криминалистикалык камсыздоону камтыган билимдер жана чеберчиликтер тутуму катары аныктаган [90, 64 б.].

В.Г. Коломацкий, кеңири түшүндүрүү максатында, бул түшүнүктү үч негизги подсистемага бөлүп караган [85, 671-76 б.]. Ар бир подсистема криминалистикалык камсыздоонун өз алдынча маанилүү жана өзгөчө аспектилерин камтыйт, мисалы: криминалистикалык билим берүү — бул көп баскычтуу, системалуу үйрөтүү жана кылмыштуулуктун алдын алуунун негизги ыкмалары аныкталат [85, 671-76 б.; 90, 64 б.].

В.Ю. Сокол мындай аныктама берген: "Бул – укук коргоо органдарынын кызматкерлерин кылмыштуулукка каршы күрөшүүдө колдонулуучу ар кыл криминалистикалык каражаттарды практикалык иште натыйжалуу пайдаланууга дайыма даярдыкта кармап турууга багытталган уникалдуу уюштуруу- милдеттик тутум. Бул тутумдун негизги максаты – ар бир кылмыш ишин ачуу жана тергөө процессинде, ошол учурдагы оперативдик-издөө же тергөө шарттарына ылайык, кызматкерлердин даярдыгын камсыз кылуу жана аны так аткаруу үчүн зарыл болгон чараларды ишке ашыруу" [91, 57 б.].

Бул В.Ю. Соколдун аныктаманын негизинде [91] В.А. Волынскийдин техникалык-криминалистикалык камсыздоо концепциясын колдонулган [92, 31 б.]. Бул өз мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен техникалык жана криминалистикалык шарттарды түзүүгө багытталган. Мындай мамиле, криминалистикалык камсыздоону бир гана техникалык жабдуулар менен камсыздоо эмес, кеңири багыттагы тажрыйбалык иш-чараларды камтуучу түшүнүк катары кароону талап кылат. А.С. Шаталовдун аныктамасында кылмыштарды ачуу, тергөө

жана алдын алуу максаты кыйыр түрдө белгиленген (бул ойго биз толугу менен кошулабыз), бирок мында ошол максаттарга техникалык-криминалистикалык ортомчу милдеттерди аткаруу менен жетүүгө басым жасалган [93]. Юридикалык адабиатты талдоо «даярдык» түшүнүгү көбүнчө психологиялык категория болуп саналат жана ал укук коргоо органдарынын кызматкерлерин жогорку юридикалык билим алууда жана квалификациясын жогорулатуу процессинде калыптанат деген ой калыптанганын экендигин байкаса болот.

Бул жерде Р.С. Белкин [90], В.Г. Коломацкий [84; 85] жана Э.К. Горячевдин [88,] аныктамаларына да сын көз менен кароо зарыл, анткени алардын түшүндүрмөлөрүндө криминалистикалык билимдер, көндүмдөр жана техникалык каражаттар өзгөрүүсүз, калыптанган подсистемалар катары көрсөтүлөт, алардын өнүгүүсү болжолдонбойт (лингвистикалык конструкциялар боюнча).

Криминалистикалык камсыздоонун субъектин ички иштер органдары менен гана чектеп койгон туура эмес (В.Г. Коломацкий [84; 85], Р.С. Белкин [90], А.С. Шаталов [93]). Бөлүмдөр же жалпы укук коргоо органдары камсыздоо иш-аракеттерин натыйжалуу жүзөгө ашырууга жөндөмдүү жана ресурстарды бирдиктүү колдоно алышат.

Заманбап юридикалык илимде "криминалистикалык камсыздоо" түшүнүгү кылмыш ишин иликтөөдө стратегия менен так жана натыйжалуу иш алып бара алышат [94, 188-195 б.].

Бул багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары системалуу мамиле кылуу криминалистикалык камсыздоо иш-аракеттерин ишке ашырууда өтө маанилүү экенин көрсөтүп турат. Анткени криминалистикалык камсыздоонун натыйжалуулугу көп жагынан укук коргоо органдарынын бардык ресурстарын, билимин жана тажрыйбасын максималдуу колдонууга жараша болот [96, 18 б.].

Изилденип жаткан системаны уюштуруу, Э.К. Горячев [88], В.Ю. Сокол, [91] А.Ф. Волынский [87] жана В.А. Волынский [92] менен толук макул болгонубуздай, эки деңгээлден турат. Биринчи деңгээл — базалык деңгээл болуп саналат. Бул башка юридикалык адабияттардын анализи

криминалистикалык камсыздоодо жаңы тенденциялар пайда болгонун көрсөтүп турат. Алардын катарына сотко чейинки өндүрүш жүргүзүүчү органдардын иш-аракеттерин тактикалык жана иликтөө маселесинде анын түзүмүн жана мазмунун кайра карап чыгуу зарылдыгын белгилешет [97, 8-15 б.]. Криминалистика «синтезделген» билим тармагы катары таанылганын эске алсак, бул көйгөйгө болгон көз караашты кайра карап чыгуу талапка ылайык экенин айтуу орундуу [98, 202-209 б.; 99, 9-13 б.].

Биздин оюбуз боюнча кылмыштуулукка каршы күрөшүүдө пайдаланылуучу ыкмаларды түзүү жана өркүндөтүү боюнча жаңы демилгелерди иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү кеңейтилет [5, 18 б.] жана алардын иликтөө сапатын жогорулатуу үчүн маанилүү кадам болуп саналат:

1) биз жогоруда баяндалган «технико-криминалистикалык камсыздоо» түшүнүгүнө таяндык;

2) кылмыштуулук ар түрдүү илимий дисциплиналар тарабынан изилденилет жана комплекстүү мамилени талап кылат;

3) кылмыштарды ачууда жана иликтөөдө чоң мааниге ээ болгон жагдайлар каралыш керектиги зарыл. Ошондой эле бул мүнөздөмө кылмыштардын маалыматтык моделин көрсөтүп, алардын иликтөө натыйжалуулугун жогорулатууга шарт түзөт; соттолгондордун кылмыш жасоодогу түрткүлөрүн изилдөө кылмыш ишинин жагдайларын тереңирээк жана толук кандуу түшүнүүгө, ошондой эле аларды жасоого өбөлгө түзгөн себептерди жана шарттарды аныктоого мүмкүнчүлүк берет; криминалистика кылмыш жасаган соттолгондордун жеке өзгөчөлүктөрүн, кылмыштуу ишмердүүлүгүн, анын максаттарын жана түрткүлөрүн, ошондой эле жабыр тарткан соттолгондор боюнча виктимологиялык маалыматтарды камтыган криминологиялык жана криминалистикалык теорияларга негизделет.

Бул жагдайда Р.П. Кузьминдин төмөнкү ой-пикири абдан туура болот: "ЖАМ ичиндеги укукка каршы иш-аракеттерди тандоого гана эмес, ошондой эле ар бир соттолгон адамдын жеке психологиялык өзгөчөлүктөрү да таасир этет; мында, адамдын жалпы багыты, социалдык багыттары, көз караштары,

муктаждыктары ж.б. сыяктуу жеке сапаттары чоң роль ойнойт. Андан тышкары, соттолгондордун психологиялык касиеттери асоциалдык тажрыйбаларынан жана чөйрөсү менен болгон терс мамилелеринен улам олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болот. Бул факторлор, укуктук аң-сезимдин жетишсиздиктери менен катар, конфликттик кырдаалдарда укуктук багыттагы жүрүм-турум тандоо мүмкүнчүлүктөрүн бир кыйла чектейт" [72, б.184].

Мындай шартта, осуяттарды иликтөөдө жана укукка каршы жүрүм-турумдарды түшүнүүдө соттолгондордун психологиялык өзгөчөлүктөрүнө өзгөчө көңүл буруу талап кылынат жана жүрүм-турум факторлорун кылдаттык менен талдоо зарыл.

